С. Момуналиев

# Кыргыз адабияты



6

Шохиста

## Кыргыз Республикасынын
## Мамлекеттик Герби




## Кыргыз Республикасынын
## Мамлекеттик Желеги



# Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики.*
*Обону: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Алатоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер.
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма.*

С. Момуналиев

# Кыргыз адабияты

*(Хрестоматия)*

**Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6- класстары үчүн окуу китеби**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген*

Бишкек - 2008

БИБЛИОТЕКА
ШКОЛЫ № 23

УДК 373. 167.1
ББК 83.3Ки я 721
М 76

Қўлингиздаги ушбу дарслик ҚИРҒИЗ-ЎЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ тасарруфидаги «ДАРСЛИКЛАР ЯРАТИШ МАРКАЗИ» томонидан тайёрланди. Дарслик ҳақидаги фикр-мулоҳазаларингизни университет раҳбариятига ёки «Марказ» маъмуриятига ёзма равишда билдиришингизни илтимос қиламиз.

Бизнинг манзил: Ўш шаҳри
Г.Айтиева, 27.

**Масъул муҳаррир С. Холтўраев**

**С.Момуналиев.**
М 46 Кыргыз адабияты. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-класстары үчүн окуу китеби. - Учкун, 2008 - 168-б.

ISBN 978-9967-428-62-1

**М 4306020400-08**

**УДК 373. 167.1**
**ББК 83.3Ки я 721**

ISBN 978-9967-428-62-1

© С.Момуналиев, 2008
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2008

# ЭЛДИК ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАС ҮЛГҮЛӨРҮ

## ЭМГЕК ЫРЛАРЫ

### ОП МАЙДА

Майда-майда, мапмайда,
Майдалансын, атты айда.
Кызыл толгон кырманды,
Сузалы биз **кап** кайда.
Бекер жүрсөң жан багып
Таба албайсың эч пайда.
Майда-майда оп майда,
Орой-орой оп майда,
**Оро** толсун оп майда.
Кырча-кырча басканың
Кырман толсун, оп майда.
Майда-майда, мапмайда
Майдалансын, атты айда.
Майда бассаң жаныбызга пайда:
**Талкандары** бизге пайда,
Топондору сизге пайда.
Орой-орой оп майда,
Орто толсун оп майда.
Талкандары бизге пайда,
Шалкылдата баспасак
Оп майда бизге дан кайда.
Кар алдына калбасын
Эртелеп баарын майдала,
Орой-орой оп майда,
Орой-орой басканда,

Оро толсун оп майда,
Кырча-кырча басканда,
**Кырман** толсун оп майда,
Даны бизге пайда,
**Топону** сизге пайда,
Майда-майда-майда,
Оп, оп майда, оп майда,
Тилек кылдык кудайга.
**Мөндүр** алды арпаны
Оп, оп майда, оп майда,
Береке бер буудайга.
Далым күйдү бул жайда.
**Баба дыйкан** бар болсо,
Бир карашар ал жайга.

### Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Оро** - эгин салынуучу чуңкур | – ўра |
| **Топон** - самандын майдасы | – тўпон |
| **Мөндүр** - доол | – дўл |
| **Баба дыйкан** | – бобо деҳқон |
| **Кырман** | – ҳирмон |
| **Талкан** | – толқон |

### Суроолор

1. «Оп майда» ырында кандай максат-тилек берилген?
2. Эмне үчүн оро толсун деп тилешет?
3. Баба дыйканга эмне үчүн кайрылып жатышат?

## БЕКБЕКЕЙ

Ала **байтал** Бекбекей,
Айкалышкан Саксакай,

Кула байтал Бекбекей,
Куюлушкан Саксакай,
Бекбекей качты, бел ашты,
Саксакай кууп адашты.
Кара тоону этектеп,
Мен коноюн, Бекбекей,

Кара макмал тонуңа
Жең болоюн, Бекбекей,
Кызыл тоону этектеп,
Мен коноюн, Бекбекей,
Мине турган атыңа
**Жал** болоюн, Бекбекей,
Иче турган ашыңа
**Бал** болоюн, Бекбекей!
**Чымчык** менен безбелдек.
Чындап айтар кезкелдек,
Эки киши ортого
Бат болоюн, Бекбекей,
Иче турган ашыңа
Кант болоюн, Бекбекей!
Түндө, түндө жүгүргөн,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн,
Түн уйкуну үч бөлгөн.
Карышкыр каны төгүлсүн.
Бекбекей качты, бел ашты.
Белине **белбоо** жарашты.
**Укурук** учун майтардым,
Бүгүн короо кайтардым.
Ийнемдин учун майтардым,
Издебей короо кайтардым.
Бекбекей качты, бел ашты,
Саксакай кууп адашты.
Ийнемдин учун майтардым,

Бүгүн короо кайтардым.
Ийнемдин учун түзөттүм,
Бүгүн короо күзөттүм.
Укуругум долоно,
Ууру, бөрү жолобо!
Камчымдын сабы долоно,
Каапыр ууру жолобо!
Ууру келсе уштайбыз.
Бетин айра муштайбыз.
Төбөгө чаап айдайбыз,
Төөгө чиркеп байлайбыз.
Бүгүн бир айдын он беши
Сары баш улак төл башы.
Аркада жылдыз алтымыш,
Кайтарган коюм алты жүз.

Короомдун чети таман жол.
Кайтарган коюм аман бол.
Короомдун чети кырк болгон,
Кайтарган короом жык толгон.
Ак сай менен көк сайдай,
Таш алышкан Бекбекей,
Арпа менен буудайдай,
Баш алышкан Бекбекей.
Күңгөй менен тескейдей,
Бет алышкан Бекбекей,
Кара чакан бай дубал,
Кайтарбасак малга убал.
Кызыл чакан бай дубал.
Кыйкырбасак малга убал.
Түндү түндөй чуркаган,
Түлкүнүн буту сөгүлсүн,
Түн уйкуну үч бөлгөн.
Көк чунак каны төгүлсүн.

Эчки деген жаныбар.
Ээгинде жалы бар.
Койдун сүтү коргошун.
Кой уурдаган оңбосун.
Эчкинин сүтү эрменде,
Эчки уурдаган шерменде.
Жылкынын жүнү жылтырак,
Жылкы уурдаган куу туяк.
Төөнүн жүнү улама,
Төө уурдаган сулама.
Төгөрөк түндүк төөнүкү.
Төрт булуң сабаа бээники.
Белиңдеги чочморуң.
Ыргай эмей эмине?
Ыргалып короо кайтарган.
Жыргал эмей эмине?
Кайтарган короом сак болгой.
Эртең бетим ак болгой.
Ай караңгы түн экен,
Асыл болчу күн экен.
Карала каптын кагынчык,
Андыгандын жаны чык.
Жылкынын ичи жык тескей,
Шыңгыроолуу Бекбекей,
Колоттун ичи кой текей,

**Коңгуроолуу** Бекбекей.
Жылганын башы жыл токой.
**Жылажындуу** Бекбекей,
Коктунун башы кой текей.
Коңгуроо таккан Саксакай.
Бекбекей ашты бел ашты,
Белине белбоо жарашты.
Саксакай ашты сай ашты.
Санына саймалуу саадак жарашты.
Минген атым ак кашка,
**Канжыгам** кайыш ак тасма.
Карап турган карышкырдын.
Тумшугу тийсин ак ташка.
Минген атым көк кашка,
Канжыгам кайыш көк тасма.
Көрүп турган уурунун.
Мурду тийсин көк ташка.
Ууру келсе урабыз,
Улуу сууга салабыз.
Ууру келсе учтайбиз.
Мурдун айра муштайбыз.
Бекбекейди мен айттым.
Берсе экен кудай деп айттым.
Кара макмал тонуңа
Жең болоюн Саксакай.
Минип турган атыңа.
Жал болоюн, Саксакай.
Ичип турган ашыңа,
Бал болоюн, Саксакай.
Бекбекей ашты бел ашты,
Саксакай ашты сак ашты.
Саксакай айткан муңайым,
Сак кайтарчы, кудайым.
Бекбекей айткан муңайым,
Бек кайтарчы, кудайым.

## Сөздүк

**Байтал - ургаачы жылкы,** – бойтол
**Безбелдек** – читтак
**Бал - асел** – бол, асал
**Белбоо** – белбоғ
**Укурук** – отни тутадиган мослама

**Долоно** – дўлана
**Коңгуроо** – қўнғироқ
**Жылаажын** – қўнғироқнинг тури, кичкина қўнғироқ
**Канжыга** – ээрдин арткы эки учуна тагылган эки кабат кайыш, бөктөрүнчөк үчүн, жүк байлоодо колдонулат
- Отга юк ортилганда боғланадиган қайиш мослама

## *Суроолор*

1. «Бекбекей» ырын кимдер жана күндүн кайсы убагында аткарган?
2. Бул ыр кандай максатты көздөгөн?
3. «Бекбекей», «Саксакай» дегенде эмнени түшүндүңөр?
4. Азыр ушундай ыр жаралышы мүмкүнбү?

## ШЫРЫЛДАҢ

Саа-саа байлар, саа байлар,
Салам айттык акелер!
Куттуу болсун ушу үйлөр,
Курут алсын жеңелер.
Куру калсын мечкелер,
Кууп алсын баатырлар,
Тууп алсын катындар.
Айдап алсын дыйкандар,
Атып алсын мергендер.
Сайып алсын баатырлар.
Сатып алсын кербендер.
Ала даакы шырылдаң,
Кула даакы шырылдаң.
Салтанаттуу шырылдаң,
Султан аттуу шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз.
Бүгүн калды уйкубуз.
Эсен болсо жылкыбыз,
Бүгүн калды уйкубуз.
Адыр-адыр жерлерден,
Айгыр минип биз келдик.
Айгыр оозун тарталбай.
Ушул үйгө туш келдик.
Будур-будур жерлерден,
Бука минип биз келдик.

Бука оозун тарталбай,
Ушул үйгө туш келдик.
Быякка тур деп апамды,
Апам берет чапанды.
Байкем берет соолукту,
Байбиче берет жоолукту.
Шып шырылдаң шыр экен,
Жылкычынын ыры экен,
Карылардын наркы экен,
Жигиттердин айты экен.
Жылкычынын мурунтан
Айтып жүргөн салты экен
Ала даакы шырылдаң,
Кула даакы шырылдаң,
Салтанаттуу шырылдаң.
Алача бээ сур тайлар,
Минилбеген кур тайлар
Бүртө-бүртө бүртөлөр,
Бүртө байтал сур тайлар.
Байбичелер, энелер,
Шалдыр-шулдур шакек, чык,
Саймалаган жоолук, чык.
Шакекти колго салалык,
Жоолукту белге чалалык.
Жылкыбызга баралык,
Кунан тайды минелик,
Кубалашып ойнойлук.
Айгыр атты минелик.
Оодарышып ойнойлук.
Ала даакы шырылдаң.
Кула даакы шырылдаң.
Султан аттуу шырылдаң.
**Конок** тоого бүткөндө,
Кошо чыккан шырылдаң.
**Таруу** ташка бүткөндө,
Талаша чыккан шырылдаң,
Жылкычы менен коюндаш.
Жанаша чыккан шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз.
Түндө келет уйкубуз.
Аман болсо жылкыбыз.
Эртең канар уйкубуз.
Шырылдаң айтып жүргөндө,

Конок менен таруунун,
Жеп кетпесин жылкыбыз.
Шып шырылдаң шыр экен,
Жылкычынын ыры экен.
Карылардын наркы экен.
Жигиттердин айты экен.
Бай, бай терек, бай терек.
Башын кесмек не керек.
**Эт желиндүү** боз койго,
**Тели козу** не керек.
Ана султан шырылдаң,
Мына султан шырылдаң.
Шып шырылдаң шыр экен
Жылкычынын ыры экен.

### Сөздүк

**Шырылдаң** – а) күзгү кымыз.
– б) Жылкычылардын салтка айланган ыры.
**Конок** – дон ўсимлиги
**Эт желиндүү** – сут чиқмаган
**Тели козу** – етим қўзи

Изох: Йилқичилар бу айтим сингари шеърларни айтиб, қишнинг узун тунларида вақт ўтказишган.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Шыпшырылдаң шыр экен, Жылкычынын ыры экен» – деген сапка түшүнүк бер.
2. «Шырылдаң» айтуу салты кайсы элдерге таандык?
3. «Шырылдаң» качан айтылган, анын азыркы тагдыры кандай?
4. Шырылдаңды өз ыргагы менен айтууга даярда.

## КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫ

### БЕШИК ЫРЫ

Алдей-алдей, ак бөбөк,
Ак бешикке жат, бөбөк.
Кунан койду сой, бөбөк,
Куйругуна той, бөбөк.
Алдей, бөпөм, ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба.
Атаң тойго кетиптир,
**Ак кисе** толгон эт келет.
Энең тойго кетиптир,
Эмчеги толгон сүт келет.

Сал-сал билек, сал билек,
Сары майга мал билек.
Коен кошту кош билек,
Кошкон майга мал билек.
**Алдей, бөбөк**, ыйлаба,
Эжекеңди кыйнаба.
Кырма табак кырдырба,
Кыруусу менен куйдурба,
Куру кыйнап эжеңди
**Кокуйлатып** ыйлаба.

**Сөздүк**

**Ак кисе** – чорси, белбоғ, пеш
**Алдей, бөбөк** – алла, чақалоқ
**Кокуйлатып** – вой-войлатиб
**Сал билек** – боланинг билаги

## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Бешик ырында» жарык дүйнөгө келген перзент сөз өнөрү менен соороотулат, ушуга карата өз оюңду билдир.
2. Бул ыр эмне максат менен айтылат?
3. «Бешик ыры» бүгүн ырдалабы? Ырдоо зарылбы же кереги жокпу?
4. «Бешик ырын» өз ыргагы менен айтууга көнүк.

## УСТАНЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Балка менен зер чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачын кармап, зер чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көөрүгүн күндө көкүткөн,
Көмүрүн сактап бекиткен.
Баянын айтам бир канча,
Балкасын койбой секирткен.
Асылым, уста - арстаным.
Бактыма кудай жазганым,
Балаңа калды мүлк болуп,
Болоттон соккон барсканың.
Дөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,
Өнөрүң ашты көмүрдөн.
Жалпы журт пайда көрсүн деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум-устам барында,
Тууганы нанга кенелген.
Көзү ачык сенин балдарың,
Көтөрүп нанды кемирген.
Жайдарым, сендей табылбайт,
Жалпы бир элет элиңден.
Суйсалтып ойноп жүрчү элем,
Сымбатым артып келинден.
Каз элечек мен элем,
Кармаган эрим сен элең.
Торко элечек мен элем,
Кармаган эрим сен элең.
Каз элечек жыйнадым,
Кара бет какшап ыйладым.
Торко элечек жыйналды,

Кадимки кадыр сый калды.
Арманын айтып кара бет,
Азабын тартып кыйналды.
Кара бет менин үстүмдө,
Калдайган калың чыр калды.
Алтынды зергер эритет,
Адамды өлгөн кемитет.
Күмүштү зергер эритет,
Күйөөсү өлгөн кемитет.
Балкаң – темир, дөшүң - таш,
Балдарыңдын баары жаш.
Асылым, сени таппадым,
Эки көзүм жаштадым,
Мен кара бет шордуу күң,
Пейилиңди санап какшадым.
Асылым - уста, жыргалым,
Armansыз ойноп жыргадым.
Акырет кеттиң, өзүң жок,
Азабың тартып куурадым.
Эртеден кечке узанса,
Эрикпеген жыргалым.
Бирөөнүн ишин кылдым деп,
Терикпеген жыргалым.
Балта менен керкини,
Барскан менен сылаган,
Көпчүлүктүн кызматын,
Кылганга өзү чыдаган,
Кең пейил элең адамдан,
Келген бүтпөй кеткен жок,
Соопко белин байлаган,
Соопкер сендей өткөн жок.
Кычкачын колго кармаган,
Кылбаган иши калбаган.
«Кыйык эмес, элпек» – деп,
Кызматын көргөн жардаган.
Элге ылайык жумушту,
Эрте кармап күтүнгөн.
Эртең келгин дебестен,
Келген күнү бүтүргөн.
Жоо жарагы себилди,
Сом бүтүрчү темирди,
Баатырлар алчу жаракты
Баарысын журтка таратты.

Алтын шыбап сабына,
Ай балта соктуң болоттон.
Табылып турган кезиңде,
Тартынбадың коноктон.
Башка уста тең эмес,
Баянын айтсам кем эмес,
Байыркы айткан жомоктон.

Беренім – уста өлгөн соң,
Беш бармак тийди бетиме,
Жүдөп - какап, кор болуп,
Жүрөрмүн калктын четинде.
Өзүңдөн калган үч балаң,
Эсен жүрсө, эр жетер,
Эр жеткенче, эс кетер.
Эсине албай дос кетер,
Карыптык башка келгенде,
Кайгы менен күн кечер.
Эмгек кылсак эринбей,
Эптеп - септеп күн өтөр.

## Сөздүк

**Зер** – зар
**Барскан** – бозғон
**Элет эли** – элат аҳли
**Элечек**
(каз элечек, торко элечек) – аёлларнинг бош кийими
**Керки** – кирки
**Сооп** – савоб
**Беш бармак**
**улуттук тамактын аты** – миллий овқатнинг нами - беш бармоқ
**Карыптык** – ғариблик

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Кошок эмне жөнүндө, кимге арналып, ким аткарарын айтып бергиле.
2. Эмне үчүн кошок айтылат?
3. Кошокто көзү өткөн инсандын кандай жактары айтылат?
4. Усталык кесип деген эмне?
5. Кошокту кимдер айтат?
6. Бүгүнкү күнү кошок айтуу барбы?
7. Кошокту өз мотиви менен айтууга даярдан.

## КАЛМЕРГЕНДИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Арчадан кундак ойдурган,
Алмадан шыйрак жондурган.
Кундакка мылтык кынаткан,
Тоо теке атып сулаткан.
Мен айтайын башынан,
Калемдей кара кашынан,
Какшадым ыйлап муң басып,
Калмерген өттү жашынан.
Сүмбөң кызыл табылгы,
Үйрөндүң мылтык себилди.
Жашыңда өлүп жай болдуң,
Жасаган бербей өмүрдү.
Асылым Калы мергеним,
Тоодон теке тергеним,
**Шыралга** деп келгенге,
Шыйрагын кесип бергеним.
Күпсөргө дары куйганым,
Күндө үч убак ыйлатып,
Күйүткө салдың жыргалым.
Кутусун салып мойнуна,
Дарысын катып койнуна,
Барам деп басып бийикке,
Кетүүчү элең кийикке.
Кыраңдан аша бергенде,
Кырк теке атып сулаткан.
Кызматын айтып өтөйүн,
Атканын түзгө кулаткан.
**Эчкини** аттың эби жок,
**Эликти** аттың себи жок.
**Жардыны** майга жыргаттың,
Жалган деп айтар кеби жок.
**Аркар** менен **кулжаны,**
Алдыңа салып айдадың,
Айдап жүрүп жайладың,
Аркансыз, жипсиз байладың.
Адырга аркар тургузбас,
Адис мерген жыргалым.
Кыраңга кулжа тургузбас,
Кыраан мерген жыргалым.
Алма баш мылтык асынган,
Аяктай ташка жашынган,

Асылым Калы жыргалым,
Адистиги ашынган.
Көк чыбык мылтык асынган,
Көнөктөй ташка жашынган,
Көрөшөн Калы мергеним,
Көп мергенден ашынган.
Ак зоодон булут булаткан,
Ак бугу атып сулаткан.
**Абышка** менен кемпирге
Аппак майды тууратkan.
Мергендигиң белгилүү,
Мелдешип кылган каралды,
Карагай, талдан чөп кылып,

Какшаткан далай маралды.
Аюуну атып жайлаган,
Адырды бүтүн майлаган.
Аюу аткан адис мерген деп,
Атпай журт даңкы жардаган.
Илбирс менен жолборсту,
Илесин таап кыйраткан,
Терисин ичик кылам деп,
Салкын жайга кургаткан.
Ак кийик атып келгенде,
Айлынын баарын жыйнаткан,
Айыл - апа коңшусун
Аппак майга жыргаткан.
Белеске салган капканың,
Береке кылган тапканың,
Берегендиги башкача,
Бейли жакшы арстаным.
Кадууга салган капканың,
Кадырга берген тапканың,
Табылгасын Калмерген,
Көрбөдүм түк да сатканын.
Бөксөгө чыгып **сонорлоп**,
Бөрүнү атып кыйратты.
Бөрүнү атып Калмерген,
**Бөлтүрүгүн** ыйлатты.
Түлкүгө салып капканды,
Түлкүнүн көбүн кыйратты.
Түлкүдөн ичик кылдырып,
**Бачигин** анын ыйлатты.

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Кундак** | – қуролнинг ёғочдан ясалган кети |
| **Шыралга** | – кўз ҳаққи (совға) |
| **Аркар** | – ёввойи қўйнинг урғочиси (мадиси) |
| **Кулжа** | – ёввойи қўйнинг эркаги |
| **Абышка** | – чол |
| **Сонорлоп** | – изидан фаҳмлаб |
| **Бөлтүрүк** | – бўри боласи |
| **Бачиги** (бачики) | – тулки боласи |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Калмергендин мергенчилик, адамдык сапаттары берилген саптарды дептериңерге көчүрүп алгыла. Силерге жаккан жагы боюнча өз оюңарды билдиргиле?
2. Мергендин кайсы сапаты кошокто өзгөчө бөлүнүп айтылып жатат?
3. Ал кайберендерди кандай максатка атканы кошоктон билинеби? Билинсе, далилдеп айтып бергиле!
4. Мергендин мылтыгын кандай элестетесиңер? Бүгүнкү мылтыктарга окшошпу же башкачабы?
5. «Мергенчилик» деген темада оозеки сочинение даярдагыла.

2-39

# ЭПОСТОР

## «ЭР ТӨШТҮК»

***(кыскартылып алынды)***

### ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН ЭЛЕМАНГА ЖОЛУККАНЫ

Аламандап Элеман,
Алдындагы малдарын,
Айдап жыйып калды дейт.
Жылгадагы малдарын,
Жыйып айдап калды дейт.
Чоң кисени чалынып,
Чоң айбалта колго алып,
Кырк кулачтуу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Кабакка салып барды дейт.
Аккан суунун боюна,
Ал Элеман барганда,
Суу үстүндө калдактап,
Бир калдайган өпкө көрүнөт.
Агып келген бул өпкө,
Элемандын көзүнө,
Дүнүйөдөй көрүнөт.
Өпкөнү көрүп Элеман
Өлгүчө жаман мактанат:
«Агып келет бул өпкө,
Олжо кылып алайын.
Даңгыт менен Маңгытты
Бир тоюнтуп салайын».

Деп ошентип, Элеман
Дүнүйө тапкан эмедей,
Укурукту колго алып,
Ал өпкөнү сайды эле,
Көтөрүп туруп калды эле,
Өпкө кетти жарылып,
Анда кармап алалбай
Эл байкабас, жан көрбөс
Кабакка кирип барды эле.
Жана сайды Элеман,
Жана Элеман сайганда,
Өпкөдөн көрдү бузукту,
Агып келген ал өпкө
Элемандын өзүнө,
Көрсөтмөк болду кызыкты.
Олжо жандуу Элеман,
Оңураңдап өпкөнү,
Эми кармай салганы.
Кармай салса Элеман,
Боюнда жети башы бар,
Кемпир болуп калганы.
Көргөзмөк болду кызыкты,
Элемандын башына,
Кылмак болду кордукту.
Кетирмек болду чараны,
Сурамак болду ал кемпир,
Сырттан Төштүк баланы.
Ана, мына дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Чап этектен алганы.
Чапчыганда ал кемпир,
Ал Элеман байыңды,
Көмө тартып салганы.
Кыраан алптай илгени,
Илген жерде бул кемпир,
Элемандай байыңдын,
Как төшүнө мингени.
Желип-желип койду эле,
Элемандан ал кетти.
Элеманы курусун,
Кылбады иштин дурусун.
Олжодон көрдү кордукту,

Опсуз көрдү зордукту...
Каарды кемпир баштады,
Кыл чыгарбас Элеман,
Мал менен жандын баарынан,
Такыр кечип таштады.
Зыкылдатып ал кемпир,
Элемандан кеп сурайт:
«Желгениме жел жетпейт,
Басканыма мал жетпейт,
Денемде жети башым бар,
Жаны жок соку атым бар,
Ал сокуну айдаган,
Сокбилегим дагы бар.
Сендейден сексен чал келсе,
Сого турган алым бар.
Айтканыма көнбөсөң,
Каалаганым бербесең,
Алдымда жаткан Элеман
Азыр менден өлөсүң.
Түгөтөмүн жашыңды.
Чымчыктай кылып, Элеман,
Азыр үзөм башыңды.
Дегениме көнбөсөң,
Сырттаныңды бербесең,
Жайната муштайм мээңди.
Не дегеним баарына,
Сен, Элеман, көнөсүң,
Эмнеңди бересиң?»
Элемандын оозунан,
Өжөк-өжөк кан кетти.
Өкүрүгү таш жарып,
Элемандан ал кетти.
Элеман кепти баштады.
Айласы кетип сабылып,
Ал кемпирге жалынып:
«Айланайын байбиче,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт курчаган малым бар,
Койбой баарын берейин,
Аласыңбы малымды?
Коесуңбу жанымды?»
Анда кемпир күүлөнүп,

Элеманга сүйлөнүп:
«Сен өлгөндө сан малың
Меники эмей кимдики?»
Каарды кемпир баштады,
Элеманды ал кемпир
Соруп ие таштады.
Элеман туруп күйүндү,
Эми жандан түңүлдү...
«Айланайын байбиче,
Койсоң боло жанымды,
Дагы дүнүйөм дагы бар,
Дагы кемпир угуп ал:
Күлайым менин байбичем
Кенедейде кезигип,
Бармактайда баш кошкон,
Ак байбиче Күлайым
Алган зайыбым бул эле,
Айтканыңа көнөйүн,
Байбичемди берейин,
Коесуңбу жанымды?»
Анда кемпир муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Сен өлгөндө катының
Меники эмей кимдики?» –
Дал ошентип, бул кемпир
Желип-желип койду эле,
Оозунан кетти кара кан,
Өпкөдөн кетти сары зил,
Бүткөн бойдон кан кетти...
Элемандан ал кетти...
Жана Элеман муну айтат:
«Бере турган мунум бар.
Коесуңбу жанымды,
Береги тогуз уулум бар»,
Анда кемпир муну айтат:
«Сен өлгөндө тогуз уул
Меники эмей кимдики?» -
Жана кемпир желди эле,
Элеман турду өлгөнү,
А дээрге алы калган жок,
Азыр өлсө арман көп.
«Албай койдуң малымды,

Коесуңбу ой кемпир,
Чымындай менин жанымды?
Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси,
Найзакердин ыктуусу,
Алп дөөлөрдүн мыктысы,
Топ балдардын чыгааны,
Толгон уулдун сырттаны,
Элемандын эрени,
Туура бойлуу, кең далы,
Сырттан уулум Төштүк бар,
Төштүгүмдү берейин,
Коесуңбу жанымды?»
Элеман мындай дегенде,
Кемпир туруп муну айтат:
«Сөзүңө кулак салайын,
как баш.
Төштүктү берсең алайын,
как баш.
Айтканыма көнбөсөң,
как баш.
Азыр Төштүктү бербесең,
как баш.
Өлтүрөт элем өзүңдү,
как баш.
Чукуйт элем көзүңдү,
как баш.
Кутулуп алып өзүмдөн,
«Кайдагы кемпир» дебегин,
как баш.
Өлбөй-житпей мен болсом
Өрүшүң тосуп аламын,
как баш.
Өпкөңө кол саламын,
как баш.
Сураса бербес Төштүгүң,
Суук колумду саламын,
как баш.
Кааласа бербес Төштүгүң,
Какшатып тартып аламын,
как баш.
Жеткилең белим бубамын,

Төштүгүңдү бербесең,
Жети жыл тынбай кубамын,
как баш.
Кенжекенин колунда
Алтын сандык бар экен,
Алтын сандык түбүндө
Болот өгөө бар экен,
Болжоп көрсөм ошону
Эр Төштүк уулуң жаны экен.
Унуткарып билгизбей
Өгөөнү эптеп ала көр,
как баш.
Өгөө колго тийгенде
Коломтонун четине
Ал өгөөнү сайып кет,
как баш.
Өгөөгө Төштүк келгенде,
Аңгеме кепти салаармын,
Эр сырттаны уулуңду
Эптеп кармап алаармын,
как баш.
Көргөзбөсөң көзүмө
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Ичеги, кардың жарамын.
Жетиктеп белим бууймун,
Ал Төштүктү бербесең,
Жетимиш жылы кууймун.
Элеман бай ошондо,
Өз жанынан түңүлүп:
«Макул, макул», – деп эми,
Макулдан башка сөз айтпайт.
«Төөлөрүм алып, малым кой,
кемпир.
Төштүгүм алып, жаным кой,
кемпир.
Айтканыңа көнөйүн,
Калтырбай Төштүк берейин.
Айбатың салбай,
Төштүк ал кемпир.
Ачууңду коюп, баламды ал,
кемпир.»
Деп ошентип Элеман

Кенжеке көздөй келди дейт,
Ал Кенжеке келинге
Калп эле ооруй берди дейт.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Өгөө сурап турду эми.
Өгөөнү сурап аларда:
«Эми өлүп кетем» – деп,
Керээзин айтып турду эми:
«Ой кулунум Кенжеке,
**Керээз айтам, кеп ушул.**
Өрүш толгон көп жылкы,
Короо толгон кой калды,
Желе толгон уй калды,
Матоо толгон төө калды.
Төштүк балам дөө калды,
Арбын дүнүйөм ээн калды.
Сырттан уулум Төштүгүм
Баарысын ээлеп алсын де.
Ай, Кенжеке кулунум,
Жаккан отуң өчүргүн.
Тогуз уулдун баарысын
Жан-жабылта көчүргүн.
Түн ичинде уйку алба,
Күндүзүндө тынч алба.

Атакеңе бул өлүм
Тоорумай салып жетиптир.
Атаңдын кара жаак
**булдурсун**,
Башы чыгып кетиптир.
Айтканыма көн балам,
Төштүктүн болот өгөөсүн
Бекитейин бер, балам...»
Бербеймин деп айталбай,
Атанын көөнүн кайтарбай,
Ары карап кыңкылдап,
Бери карап мыңкылдап,
Акырын сүйлөп муңайып,
Алтын сандык ичинен
Ал Элеман байына
Алып берди өгөөнү.
Акылман туулган Кенжеке

Жаккан отун өчүрүп,
Тогуз келин, тогуз уул
Жалпы баарын көчүрүп,
«Керээз айткан атакем,
Кокус өлүп кетет» – деп,
Элемандан түңүлүп,
Ырастап жүгүн арттырып,
Бышыктап аркан тарттырып
Жашы менен карысы
Элемандан коркcондон
Үркүп көчтү баарысы.
Элеманы курусун.
Көөдөнү кеткен кирилдеп,
Сакалы кеткен бириндеп,
Өөдө болсо оозунан
Өжөк-өжөк кан кетет.
Ал Элеман байыңыз
Кара нарга жүктөдү.
Ашып-шашып көчтү дейт.
Ал Элеман байыңыз
Коломтонун түбүнө
**Өгөөнү** катып кетти дейт...
Күлүктүн баарын жорутуп
Аман барып конду дейт,
Калың кыпчак элине...
Атакеси Элеман
Калк жыйылып турганда,
Журтта калган өгөөнү
«Унуттум» деп ал как баш,
Кабарын айта салды эле.

## Сөздүк

**Дүнүйө** – байлык маанисинде.
**Олжо** – тартылып алынган мүлк, байлык, табылга маанисинде.
**Сырттан** – алп, баатыр маанисинде.
**Керээз** – фольклордогу жанр, васият айтылчу кеп.
**Булдурсун** – жоон өрмө камчынын бир өзгөчө түрү, баатырлардын камчысы.

## ЭЛЕМАН ЖУРТТА КАЛГАН ӨГӨӨСҮНӨ ТӨШТҮКТҮ ЖИБЕРГЕНИ

«Тирик эмес, өлүкмүн, балдар.
Кара көзүм кашайып,
Өгөөнү таштап кетипмин, балдар.
Өлүмгө катар жетипмин, балдар.
Өгөөнү таштап кетипмин, балдар.
Ооруга опсуз жолуктум,
Оюмдан жанып оолуктум, балдар.
Акылдан танып калыпмын, балдар.
Өгөөнү таштап салыпмын, балдар.
Атасы мындай деген соң,
Элемандын эр Төштүк:
«Кайгырба, ата, кайгырба,
Өгөө журтта калды деп,
Кайгырган адам оңобу?
Ал өгөөгө барайын.
Эңише чыккан жоо болсо,
Эсебин өзүм табайын.
Ажал жетсе өлөйүн,
Атыша чыккан **жоо** болсо,
**Алпурушуп** көрөйүн,
Кайгырба, ата, кайгырба,
Акылыңдан айрылба.
**Күрдөөлдүү** күчүм барында
Өгөөнү кантип берейин,
Күрөшкө чыккан жоо болсо,
Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн.
Өгөөнү бербей дөө чыкса,
Өз кайратым барында
Өгөөнү тартып аламын.
Өлүмдөн корккон оңобу?
Өлбөй калчу дүйнөдө
Темир жандуу адам болобу?»
Отко салса күйбөгөн,
Элеман уулу Төштүктүн,
Ойрондугу дагы чын.
Сууга салса батпаган,
Найза тешип кетпеген,
Элемандын Төштүккө
Чапса кылыч кеспеген.

Кабагы бийик, өңү саз
Катылган аман калбаган,
Элемандын Төштүккө
Унут калган өгөөгө
Сапар жүрүп камынып,
Көрсөң Төштүк ушундай,
Көк жалдай болуп чамынып
**Берендик жайы көрүнүп**,
Кайра басты сырттаның
Атасынан бөлүнүп.
Кереметтүү Кенжеке,
Кенжекенин сөзү бул:
«Айтканым азыр билип ал,
Антташкан төрөм, тилимди ал,
Адам түшсө чыккысыз,
Орго кетип барасың.
Чалынсаң кайта кутулбас,
Торго кетип барасың.
Намыс кылбай, кеп кылбай,
Ай, Төштүк баатыр, угуп ал.
Атакемдин колунан
Алып келдим мен сурап,
Алтын сакам мунум бар.
Күн кайнаган жер болсо,
Адам суусап акактап,
Мээ кайнаган чөл болсо,
Керек болот бул **сака**,
Өкчөп койсоң көлөкө,
Терек болот бул сака.
Агыны катуу суу келсе,
Астына салган көпүрө.
«Ай Төштүктүн мүлкү» деп.
Кыйла жандар өкүнөт.
Бет алышкан жоо келсе,
Бейпайлашкан доо келсе,
Пайда болот бул сака.
Маңдайлаша калганда,
Найза болот бул сака,
Жоготуп ийсең саканы,
Жолу кабыл келчү эмес.
Кенжекеге жаманат,
Жоготпой кел саканы,
Сырттаным сизге аманат» –

деп Кенжеке акыл айтып, кеңеш берип жөнөтөт. Жолдо Төштүктүн аты Чалкуйрукка тил бүтүп, жети баштуу желмогуз Төштүктү күтүп отурганын айтат. «Мен коендон жапыз болоюн, Сен кыргыйдан кыраан илгич бол», деп, Чалкуйрук аткан октой зуулдап жөнөйт. Бат эле желмогуз кемпирге жетип барат.

## ТӨШТҮК ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН ЖАНЫНА ЧАЛКУЙРУК МЕНЕН БАРЫП, ӨГӨӨНҮ АЛА КАЧКАНЫ

Элемандын Төштүгү,
Ал кемпирди караса,
Куудай аппак чачы бар.
Бир башында кемпирдин,
Санаса жети башы бар.
Жансыз соку аты бар.
Соку минип ал кемпир,
Сокбилектен камчы алган.
Сыягы башка, заары күч,
Ал как баштан күдөр үз.
Чекеси кабат тырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан.
Төштүк Төштүк болгону,
Төштүк атка конгону,
Балакет мындай көрбөгөн.
Көк кементай жонунда,
Ийреги бар колунда.
Оройлугу бир башка.
Ал кемпирди көргөндө,
Элемандын сырттаны
Көңүлү жаман бөлүндү,
Жан алуучу бул экен,
Жакындап барып турууга,
Ою кетти Төштүктүн
Жанагыдай кылууга.
«Ассалом алейким, жети баштуу энеке»
Анда кемпир муну айтат:
«Алейкиме салеким
Желмогуздай балаке».
Күчөп кемпир муну айтат,
Желмогуздай шумду айтат:

«Оо, балам, жоготконуң эмне?
Жоолаганың ким эле?
Жолуң болгон, чунагым,
Айта койчу тим эле.»
Кемпир мындай дегенде
Төштүк туруп муну айтат:
«Жоготконум бир нерсе,
Жоолаганым бир неме,
Караганым бир нерсе,
Каалаганым бир эме.
Менин жайым сурасаң,
Элемандын эр Төштүк,
Эр Төштүктүн өзүмүн,
Деген сөзгө көнүңүз,
Өгөөнү алып бериңиз».
Анда кемпир муну айтат:
«Менин жашым сурасаң,
Эрге кызмат кыла албайм,
Эңкейип өйдө тура албайм.
Сөзүңө кулак сала албайм,
Отурсам өйдө тура албайм,
Турсам кайта отурбай,
Белим калган мекчейип,
Көзүм калган чекчейип,
Карылыктын айынан
Отурамын оңшоюп,
Улуган иттей шоңшоюп,
Өгөөңдү алып бере албайм.
Өзүң түшүп ала кой,
Бул сөзүңө көнө албайм.»
Анда бала муну айтат:
«Ой энеке, ашык жашка барганың.
Абдан карып калганың.
Айткан менен тил албайм,
Атка минсем, түшө албайм,
Түшсөм, кайра мине албайм.
Менин жайым ушундай,
Деген сөзгө көнүңүз,
Өгөөнү алып бериңиз.
Жети күнү, энеке,
Жердин үстүн чалыпсың,
Жети күнү энеке,
Жер алдына барыпсың,

Кыдырыпсың кыйланы,
Сен баспаган жер калбай,
Сен көрбөгөн эл калбай,
Ааламды кыдырып,
Ашкан экен атагың.
Көкмончок менен Акмончок
Эмне кылып келатат,
Аркаңызда кызыңыз?»
«Апей, кайда жүрөт?» – деп.
Чочугандан ал кемпир,
Оңурандап-окшуңдап,
Артын карай калганы.
Элемандын Төштүгү
Ыктуулугу башкача,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
**Коломтодо өгөөнү.**
Чапа илип алганы.
Оңолуп кемпир аңгыча,
Сокусун минип алгыча,
Ийрегин колго алгыча,
Шамдагайы болжолсуз,
Өгөөнү илип алганда,
Мына ошондо Чалкуйрук
Бугудай мойнун бурады.
Буйдалбай аттап чурады.
Чалкуйругу курусун,
Басып өткөн таштары
Кат-катынан быркырап,
Үйдөй болгон даңканы
Кемпирди көздөй зыркырап,
Чу койгондо бөлүнүп,
Тулпардык сыны көрүнүп,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Чалкуйрук,
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Чалкуйрук оозун жайганы,
Жети баштуу ал кемпир
Сокусун минип соксоктоп,
Сокбилек менен сокусун
Камчылана токмоктоп:
«Ал ийрегим, алгын деп,
Элемандын Төштүгүн,

Эки бөлүп салгын», – деп,
Кемпир келет күүлөнүп,
Эр Төштүккө сүйлөнүп.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана куубасам,
Кемпир болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Адам барбас таптакыр,
Жерге чейин куубасам.
Жайбасам аппак чачымды,
Чыгарайын денемден,
Так эле жети башымды.
Күүлөнүп күчүм албасам,
Сени союп салбасам,
Жети баш кемпир дедиртпей,
Бул көрөкчө өлөйүн:
Кууп келет такымдап,
Жети баштуу ал кемпир,
«Ор, ийрегим, оргун» – деп,
Каарды жаман баштады...
Элемандын эр Төштүк,
Үрөйү чочуп, ич күйүп,
Кара жаак камчыны,
Кармай калып имерди.
«Каран калгыр, канткен» – деп,
Чалкуйруктай тулпарды,
Такымга тартып жиберди.
Кайраттанып жаныбар,
Араандай оозу ачылып,
Башын жерге салды эле.
Кара жерди токмоктоп,
Канатты күүлөп калды эле.
Мурундан буусу буркурап,
Элемандын Төштүгүн,
Алып учту зыркырап.
Жети баштуу жез кемпир
Сыйкырчы экен, зерчи экен.
Жердин үстүн, жер алдын,
Жетик байкап көрчү экен...
Бул амалды кылды эми.
Колундагы ийректи,
Эр Төштүктүн башынан,
Алыс келип урду эле,

Оңурайып жер кетти.
Чалкуйрук оозун бура албай,
Жер үстүнө тура албай,
Арт жагынан күүлөнүп
Төштүк кирип кетти эми ...

### Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Өгөө** | – эгов |
| **Жоо** | – душман |
| **Алпурушуп** | – курашиб |
| **Күрдөөлдүү** | – ғайратли |
| **Сырттандык** | – ботирлик |
| **Сака** | – қўйнинг ошик суяги, |
| **Коломтодо өгөөнү** | – ўчоғда турган эговни |

Жер алдынан Төштүк жер тыңшаар, куюн, көрөгөч Маамыттарга, Конокбай балбанга, жолборс, аюу, кумурска жана алп кара кушка жолугуп, алар менен достошот.

[redacted]

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Элемандын сараңдыгы жана өзүмчүлдүгү берилген түрмөктөрдү бөлүп окугула?
2. Жети баштуу желмогуз кемпир Элемандан эмнени талап кылды?
3. Элеман кантип жалынды?
4. Элемандын өгөөнү Кенжекеден алдап алышын жана аны журтка «унутуп» калтырганын сүйлөп бергиле.
5. Элеман Төштүктү өгөөгө жумшагандыгын жана Кенжекенин акылын айтып бергиле.
6. Кайсы сүрөттөөлөр Төштүктүн алптыгын, баатырдыгын аныктайт?
7. Төштүктүн айлакердиги, өгөөнү ала качкандыгы шамдагайлыгы кайсы түрмөктөрдөн көрүнүп турат?
8. Чалкуйруктун элесин кайсы сүрөттөөлөр күчөтүп, апырткандыгын бөлүп алып, дептериңерге түшүргүлө.
9. Кенжеке Төштүккө эмнени берет?
10. Апыртуу деген эмне, эпостогу апыртуунун (гиперболанын) максатына, маанисине, милдетине көңүл бургула.

## ТӨШТҮК МЕНЕН ЖЕЙРЕН СЕКИРТПЕС МААМЫТТЫН ДОСТУГУ

... Жер алдына түшкөндө,
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Маңдайында боз дөбө
Эр Төштүккө көрүнөт.
Такыядай дөбөгө
Салып Төштүк барды эле,
Чалкуйрук оозун бурду эле.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдырып,
Төштүк карап турду эле.
Караса көзгө илинбейт,
Боз мунарык күйгөн чаң.
Кайсы экени билинбейт.
Кужулдаган кузгун жок.
Каркылдаган карга жок,
Мунарыктын ар жагы,
Бозоргондун бер жагы,
Эрбең-сербең көрүнөт,
Карап туруп эр Төштүк,
Көңүлү жаман бөлүнөт:
«Эрчилиги бар болсо,
Жолдош кылып алайын,
Жоочулугу бар болсо,
Жексен кылып салайын», –
Деп ошентип, эр Төштүк,
Салып барып караса,
Тикилдеген сөзү бар,
Тик караган көзү бар,
Жан казандай башы бар,
Кылдан ичке мойну бар,
Кылымда болбойт мындай жан.
Кылымга тиет бүлүгү.
Көккө, жерге бир тийген,
Кызталактын күлүгү.
Тегирмендин бир ташы,
Мойунуна илинген.
Анталаңдап бир көзү
Өөдө-төмөн жүгүргөн.
Элемандын эр Төштүк,

3-39

Чалкуйрук оозун бурду эле,
Чамасы кыйын, каары күч,
Чалып ийчү эмедей,
Чакчайып барып жанына,
Жайын сурап турду эми:
«Өөдө-төмөн желигип
Өпкөң көпкөн сен кимсиң?
Душмансыңбы, эрсиңби?
Жиндисиңби, жөнсүңбү?
Анда күлүк муну айтат,
Адам билип журт туюп,
Аябаган шумду айтат:
Кабарчыдан көп угуп,
Жер үстүнөн Төштүктү
Жети баштуу жез кемпир
Сыйкыр окуп көз байлап,
Жер алдына Төштүктү
Алып келди деп угуп,
Тогуз уулдун кенжеси,
Жараткандын пендеси,
Астындагы Чалкуйрук,
Артык тулпар чоң күлүк,
Элемандын Төштүгү,
Бул жерде салса чоң бүлүк
Каарды катуу салат деп,
Чалкуйруктун дүбүртүн
Уккан жан өлүп калат деп,
Шашкандыгым дагы чын,
Алапайым табалбай,
Качкандыгым дагы чын.
Билсең мындай баркым бар:
«Жүгүргөн, учкан жандарды,
Куткарбай турган наркым бар.
Желгениме жел жетпейт.
**Куланды** куусам куткарбайм,
**Жээрен** кууса жеткирбейм,
Эр кадырын билемин,
Элемандын сырттаны,
Төштүк келсе бул жерге,
Жөө күлүк болуп берем деп,
Ошону каалап жүргөмүн».
Күлүк Маамыт муну айтып,
Айтып оозун жыйганча,

Анда Төштүк муну айтат:
«Өлүм орток, жан бирге
Күлүк болсоң Сен Маамыт,
Кулак салгын сөзүмө,
Кел эмесе, Маамытым,
**Мураа** болгун өзүмө.
Асмандагы жылдыздай,
Козголуша калалык,
Кол кармашып экөөбүз,
Дос болуша калалык...
Өлсөк бирге өлөлү,
Кызыгы көп дүйнөнүн,
Кызыгын бирге көрөлү».

### Сөздүк

**Мураа** – (жолдош, тилектеш маанисинде) дўст
**Кулан** – ёввойи от
**Жээрен** – жайрон

## ТӨШТҮКТҮН ЖЕР ТЫҢШАР МААМЫТКА ЖОЛУККАНЫ

Андан ары бастырса,
Такыядай боз дөбө,
Ал дөбөгө барганда,
Чоңдугу борчук сеңирдей,
Кармаша кеткен адамды
Тирүү койбой жегидей.
Жерди тыңшап желигип,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Ата, эми кандай болом деп,
Көзү кеткен алактап,
Буту кеткен салактап.
Элемандын сырттаны,
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Сөз сурап анык билүүгө,
Жанына барып турду эле,
«Акылыңдан айрылып,
Шашып жүргөн сен кимсиң?
Ары-бери антаңдап,

Качып жүргөн сен кимсиң?»
Анда тыңшар муну айтат:
«Акылымдан айрылып,
Шашкандыгым дагы чын,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кармашканды жегидей,
Төштүк келет деп уктум.
Каарланса ал Төштүк,
Тебелеп кетсе Чалкуйрук,
Кашайта көздү оет деп,
Бөөдө өлтүрүп коет деп,
Айлам кетип антаңдап,
Шашкандыгым дагы чын.
Корголоорго жер таппай,
Качкандыгым дагы чын.
Жерди тыңша́п карасам,
Тилегимди бир кудай,
Берип калган көрүнөт.
Элемандын Төштүгү,
Келип калган көрүнөт.
Ошол Төштүк сен болсоң,
Төштүккө кызмат кылуучу,
Жер тыңшар Маамыт мен болом.
Кулак сал айткан сөзүмө,
Мураа болом өзүңө,
Айтканыңа көнөмүн.
Күн чыгыш менен күн батыш,
Эмне кабар угулса,
Азыр айтып беремин.
Өөдө чыксаң өбөкмүн,
Ылдый түшсөң жөлөкмүн.
Бир өзүңө керекмин.»
Элемандын Төштүгү
Аныкташып дос болуп,
Талаадан тыңшар табылып,
Абийири мында жабылып,
Үзүлгөнү уланып,
Элемандын сыртганы.
Жолдош таап кубанып.
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Эки Маамыт жолдош таап,
Эми Төштүк турду эле.

## КУЮН МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Атка минсе кишидей,
Жөө жүрсө оңбогур,
Желмогуздун тишиндей,
Карыш болгон бою бар,
Ай ааламдын баарысын,
Биле турган ою бар.
Адамдан жеңил, эң эптүү,
Сүйлөп турса, бал кептүү,
Жана келди бир адам:
«Оо, ботом, көрбөсөм да, билбесем,
Тогуз уулдун кенжеси,
Мында келип жолуккан,
Берен Төштүк эсенби?
Келерин каалап билгемин.
Атка жеңил, тайга чак,
Куюн Маамыт өзүмүн.
Менин жайым ушундай
Акылым эң көп, алым аз,
Көк дөө менен Кара дөө
Жер алдынын падышасы,
Жерге киргир бизге кас.
Кейиш менен көп жүрдүк,
Элемандын сырттаны,
Келер бекен деп жүрдүк.
Төштүк келип кашыма,
Абийирим мынтип жабылып,
Кымбатым Төштүк табылып,
Ал Көк дөөнүн жолдошу,
Жети баштуу жез кемпир.
Жез кемпирдин колунда,
Темир ийрек тору бар.
Түшкөн кайра чыккысыз,
Көк дөөнүн казган ору бар.
Куюн Маамыт досуңдун,
Төштүккө айтар сөзү бар.
Балбандардын баарысы,
Башында жалгыз көзү бар.
Билсең **Көк дөө** ханы бар.
Балбандардын баары бар.

Барган жандар кайтпаган,
**Кырк кулак казан** дагы бар.
Бизге душман кыйын бар.
Бул кебимди угуп ал...»
Кучакташып дос болуп,
Куюн Маамыт турганы,
Анын айткан сөзүнө
Төштүк көңүл бурганы.

### Сөздүк

| | | |
|---|---|---|
| **Куюн Маамыт** | – | шамолнинг одам образида берилиши. |
| **Ор** | – | чуқур, зиндон |
| **Көк дөө** | – | кўк дев |
| **Кырк кулак казан** | – | қирқ қулоқли қозон |

## КӨРӨГӨЧ МААМЫТКА ЖОЛУГУП ЖОЛДОШ БОЛГОНУ

Көк дөөнү угуп Төштүктүн,
Көңүлү кетти бөлүнүп.
Бет алдынан бир киши,
Жана келди көрүнүп.
Көрөгөч Маамыт өзү экен.
Так Маамыттын өзү экен.
Элемандын Төштүккө,
Жолдош болор кези экен.
Күн чыгыш менен күн батыш,
Тиктеп көрүп жүрчү экен.
Кыймылды толук билчү экен.
Балбандыгы башкача,
Баатырдыгы бир канча.
Эр Төштүктүн келерин,
Ал көрөгөч көрүптүр.
«Элеман уулу Төштүккө,
Өлгөнчө жолдош болом» деп,
Өмүрдөн күтүп жүрүптүр.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Жейрен секиртпес Маамыттын портрети сүрөттөлгөн сап-түрмөктөрдү ажыраткыла?
2. Анда кандай сапаттар бар?
3. Кандай кайталоолор, кандай апыртмалуу сүрөттөөлөрдү байкадыңар?
4. Жер тыңшар Маамыттын өзгөчөлүгү эмнеде?
5. Куюн Маамыттын сөз менен тартылган портретин дептериңерге көчүрүп жазгыла.
6. Куюн Маамыт эмне үчүн Төштүктүн жолун тосуп жүрөт?
7. Көрөгөч Маамыттын өзгөчөлүгү кандайча мүнөздөлгөн?
8. Салыштырмалуу, апыртмалуу сүрөттөөлөргө байкоо жүргүзгүлө, алардын маанисин айтып бергиле.
9. Турмушта жогорудагыдай касиет-сапаттарга ээ адамдардын болушу мүмкүнбү?
10. Төрт Маамыт аркылуу эл эмнени айткысы, жеткиргиси келет? Өз оюңарды айткыла.

## АТ ЧАБЫШ

Каарын салып бакырып,
Жети баштуу кемпирди,
Бери кел деп чакырып:
«Берен Көк дөө мен элем.
Сыйкырчы кемпир сен элең.
Дүмөктү азыр салып чык.
Көк тулпарды алып чык.»
Муну укканда куу кемпир,
Энтелеңдеп жүгүрүп,
Эликтей ыргып түйүлүп,
Шапа-шупа ат чечип,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапылдата бат чечип.
Алып келди Көк тулпар,
Жылкыдан бөлөк ал экен.
Оозун жайса тим эле,
Учканы турат закымдап.
Тулпарды сынап ошондо,
Тулпарлыгын билди эми.
Биле коюп кубанып,
Мыйыгынан күлдү эми.

Ушу менин тулпарым,
Башын жерге салар деп.
Бир балаа басып кетпесе,
Азыркы койгон мөөрөйдү,
Уят кылбай алар деп.
«Зерчи кемпир сак болгун,
Катуулап оозун жайбагын,
Как талаада калбагын.
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Чоң жарышты сал кемпир.
Тарткан жерде бөлүнсө.
Арам өлгөн Көк тулпар,
Алды менен көрүнсө,
Чоң мөөрөйдү аламын.
Элемандын Төштүктү.
Курмандыкка чаламын
Каарданып кеп кылып.
Өлүп кетер шерт кылып,
Күпүлдөгөн ал Көк дөө.
Жети баштуу ал кемпир,
Көк тулпарга камынды.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча.
Элемандын Төштүгү,
Төрт Маамытка айтты кеп.
Айткан кеби мындай кеп:
«... Бассам-турсам Маамыт деп,
Силерди санап жүрөмүн.
Жетик Төштүк башына,
Жети мөрөй иш түштү...
Бул мөөрөйүн албасак,
Каарданса ал Көк дөө,
Калтырбай кырып салгыдай.
Кызык кылып сойлотуп,
Кылычтап башты алгыдай.
Чалкуйрукту минүүгө,
Чайиңги тонду кийүүгө,
Көк дөө хандын Көк тулпар,
Жан аябай жарышып,
Мөрөйлөшүп келүүгө
Каaладым кимиң барасың?
Кимиң мөөрөй аласың?
Чалкуйруктай тулпарды.

Кимиң минип аласың?
Төрт Маамыттын кенжеси,
Куюн Маамыт бар экен.
Атка жеңил, тайга чак,
Күлүктүгү бар экен.
Артык жеңил дардаң күү,
Эң чаңдаяк жан экен.
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Чаба турган баланын,
Ылайыгы бар экен.
Бирөөнүн аты Чалкуйрук,
Бирөөнүн аты Көк тулпар,
Кемпир менен Куюн жан
Калмак болду жарышып...
Кээ бир жерде бул экөө,
Жакындаша калышып;
Кээ бир жерде бул экөө,
Камчы үйрүшө калышып,
Кээ бир жерде түктөңдөп,
Кээ бир жерде бул экөө,
Үтүрөңдөп, күрсүңдөп.
Айткан жерге жеткенде,
Күн мезгили өткөндө,
Ат сергитип ийгенде,
Куюн аттан түшкөндө,
Жети баштуу куу кемпир,
Анык жетик зерчи экен.
Учурашкан жандардын
Көздөрүн байлап берчү экен.
Эки күн уктап алгын деп,
Анан тура калгын деп,
Эстүү-баштуу бул кемпир,
Жерден **топо** алыптыр,
Бетине үйлөп салыптыр.
Чалкуйрук турду жаныбар,
Боор жүнү болукшуп,
Куюн Маамыт ошондо
Уктап жатты баш тартпай,
Эки күнү толукшуп.
Ал ошентип жатканда
Жети баштуу желмогуз
Астындагы Көк тулпар
Оозун кое берди эле.

Жер айрылып такылдап.
Жети баштуу ал кемпир
Учуп келет закымдап...
Жерди тыңшар Маамыты,
Жерди тыңшап калды эле.
Көрөгөчү Маамыты,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Бекем тиктеп калды эми.
Жер тыңшаган Маамыты,
Жерди тыңшап ошондо,
Сакалын жулкуп чыңырып,
Мурутун булкуп ыргытып,
Алаканын шак койду...
«Кемпир алдап коюптур,
Куюн Маамыт өлүптүр,
О дүйнө жүзүн көрүптүр, достор,
Чалкуйрук турат толукшуп, достор,
Боор жүнү болукшуп, достор,
Окуранып жер чапчып,
Ойгото албай туруптур, достор,
Кекселик ойго албаптыр, достор,
Бир сактанып калбаптыр, достор,
Карааргандан түнөрүп,
Кашайып калган ал Маамыт, достор,
Катуулап уктап калыптыр, достор,
Каарданган жети баш,
Жол, ортого жетиптир, достор,
Жер тыңшаган мен Маамыт,
Акылман баштан кетиптир, достор,
Кайгыландым, күйүндүм, достор,
Кайран жандан түңүлдүм, достор»,
Жер тыңшар мындай дегенде,
Көрөгөч эми муну айтат:
«Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен айтайын сырымды, достор,
Тилекти кудай бериптир, достор,
Айбандан эстүү Чалкуйрук,
Оң кулагын жапырды,
Кара жердин кыртышын,
Маамытты көздөй сапырды, достор,
Күрсүлдөп жерлер казылды, достор,
Куюн көзү ачылды, достор,

Ашып-шашып ал Маамыт,
Чалкуйрукка миниптир, достор,
Чаңдатып жолго түшүптүр, достор,
Илгери кеткен кемпирдин,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп алыптыр.
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алыптыр, достор,
Айбандан тулпар Чалкуйрук
Алтындуу куйрук жайыптыр, достор,
Аябай учуп алыптыр, достор.
Баскан ташы быркырап,
Асманга учуп чыркырап,
Куландай кулак жапырып,
Кумдай жерди сапырып,
Арышты арбын баштаптыр,
Арбын жерди таштаптыр, достор,
Капталда канат кыркырайт,
Өр таяна бергенде,
Аркардай көзү кызарат.
Адырмакка келгенде,
Алмадай мойну узарат.
Атаганат Чалкуйрук
Арбыта чуркап алыптыр,
Алдыңкы сыйкыр кемпирге
Аралашып калыптыр.
Ичи күйгөн Куюндун,
Куюнуңдун кеги көп.
Кара жаак айбалта,
Кармай калып имерди.
Каң дедире кемпирди,
Төбөгө тартып жиберди.
Жер үстү менен жер алдын,
Тойлогон кемпир сенсиңби?
Көк дөөнүн тилеп тилегин,
Ойлогон кемпир сенсиңби?
Жанына келген адамды,
Сыйкыр окуп уктатып,
Бууган кемпир сенсиңби?
Алдап салып, Маамытты,
Акырандап Көк дөөгө,
Сызган кемпир сенсиңби?
Канатым аман -Чалкуйрук, кемпир.

Кан сырттан аман, эр Төштүк, кемпир.
Эр Төштүгүм турганда,
Каардансам соермун,
Кашайта көзүң оермун.
Кедеңдейсиң койбойсуң,
Элдин баарын азгырып,
Бузуктукка тойбойсуң.
Куюн Маамыт ошондо
Кара боолуу **укурук**,
Кармап колго түкүрүп,
Учунан кармап имерди.
Орой чоку төбөгө
Дагы тартып жиберди.
Ай жаныбар Чалкуйрук,
Айбандан башка ошондо,
Артыктыгы көрүндү.
Көк тулпардын алдында,
Ал Чалкуйрук жаныбар,
Бута атымдай бөлүндү.
Чалкуйрук чыгып барды дейт.
Чоң мөөрөйдү алды дейт...
Мөрөйүн Төштүк дагы алды,
Көк дөө куру да калды.

## Сөздүк

**Тулпар** – тулпор
**Мөөрөй** – икки тараф келишиб ўртага қўйган шартнома, марра мукофоти
**Топо** – тупроқ

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Көк дөө жез кемпирге кандай буйрук берди? Көк тулпардын сымбатынын сүрөттөлүшү.
2. Көк дөөнүн карасанатайлыгын кайсы сүрөттөөлөр көрсөтөт?
3. Төштүктүн төрт Маамытына айткан кеңеши.
4. Кемпирдин айласы, Куюн Маамыттын жолдогу уйкусу жана эрдиги. Чалкуйруктун чыгып келиши жүнүндө айтып бергиле.
5. Чалкуйрукка тиешелүү саптарды дептериңерге көчүрүп алгыла.

## ТӨШТҮК МЕНЕН АЛП КАРА КУШТУН ДОСТУГУ

... Жер айрылып дүркүрөп,
**Кара куш** жакын калганы.
Каарды катуу баштады,
Канатынын күүсүнөн,
Элемандын сырттаны,
Учуп кете таштады.
Төштүк Төштүк болгону,
**Мындай эме** көрөлек,
Мындай эме туялек,
Көзү кетип алактап,
Эси кетип шалактап,
Карай салса ал куштун
Сол жагында кырк буту,
Жүргөн экен салактап..
Жебеден мурун жеткени.
Чаар бээнин кулунун,
Ошо келген кара куш,
Жетип илип кеткени.
Көтөрүлө берерде
Өрттөн кайра тартпаган,
Ажалдан кайта качпаган.
Элемандын сырттаны,
Куйругунун алды деп,
Бөтөгөнүн өзү деп,
Тартып туруп калды эми.
Алп кара куш балбанга,
Жаанын огу жетти эле,
Колундагы кулундун,
Куйругун үзүп кетти эле.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Кайып болду кара куш.
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып минди эми.
Алдындагы Чалкуйрук,
Олбуй-солбуй камчылап.
Оң - тетири теминип.
«Артыңан сая куубасам,
Төштүк болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн», –

Деп ошентип эр Төштүк,
Кутургандай желикти.
Күндөп -түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Аркар уулап, бугу кууп,
Элемандын сырттаны
Ойной турган күнү тууп,
Жер соорусу жер экен.
Сексен адыр, миң булак,
Сергип жатар жер экен.
Чырпыгы бар чынардай,
Чымчыктары улардай,
Алмасы чирип көң болгон,
Ар кандай сонун жер болгон.
Жаңгагы кулап сай болгон,
Төштүк барган ал жерде
Ар кандай сонун жан болгон.
Талынын башы ийилген.
Бугу, марал, куланы
Каршы-терши түйүлгөн.
Адырда **теке** топтолгон.
Мындай кызык жок болгон.
Жылуу ызгар желаргы
Туш-тушунан бөлүнөт,
Жапырылган түрдүү чөп,
Алтын сындуу көрүнөт.
Жер сонунун көргөндө.
Элемандын сырттаны,
Көңүлү эргип бөлүнөт.
Туурасына көз жетпес,
Бет алдында чоң мунар,
Эми көзгө көрүнөт.
Ал мунардын боруму,
Дүйнөдө жок сонуну.
Түшүп кеткен асманды,
Тирөөчүдөй көрүнөт.
Ошо турган чоң мунар,
Чоң мунарда кызык бар.
Ал кызыкты караса,
Бир бутакка мунардын,
**Ала карга** ал тууган.
Бир бутагын караса,
**Кара тамак чар** тууган.

Бир бутагын караса,
**Ала моюн таан** тууган.
Бир бутагын караса,
**Ала моюн сары** тууган.
Ушу турган мунарга,
Жан бүткөндүн баары тууган.
Төгөрөгүн караса,
Ар сонун жыт жыттанат.
Элемандын сырттаны,
Башкача сонун жер көрүп,
Алдындагы Чалкуйрук,
Ээрин алып жайдактап,
Көлөкөлүү мунарга.
Аса байлап салды эми.
Ээр-токумун жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Чайингини жамынып,
Өтүк чечип, бут сунуп,
Элемандын сырттаны,
Алп уйкуну салды эле.
Күнү-түнү ал жерге,
Уктап жатып калды эле...
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ыргып туруп караса,
Алты ай минип чаалыбас,
Алтымыш асый болгуча,
Азуусун өйкөп карыбас.
Чын Чалкуйрук мал аман
Кыймылдаса сырттандын
Кымбат жаны дагы аман.
Мунар башын караса,
Көңүл кетип бөлүнөт,
Мүйүзү бар башында,
Токсон кулач узуну.
Бир **ажыдаар** көрүнөт.
Жыты сасык, өңү чаар.
Өлчөсү болбойт мындай жан.
Алп кара куш баласын,
Билип калган кези экен.
Эми барып сорууга,
Жүрүп калган кези экен.
Кара болот кан төгөр,

Ал Төштүктүн кылычы.
Кайран катын Кенжеке,
Төштүк балаа тартарын,
Көрүп берген турбайбы.
Ажыдаарды көргөндө,
Элемандын сырттаны,
Дене бою зирилдеп,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Дене бою тик туруп,
Арстандай көзү жайнады...
Каалгадай кашка тиш,
Сырттан Төштүк ошондо,
Качырата чайнады.
Кармай калды сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Кыя тартып шилтесе,
Кызуусун көрчү кылычтын.
Шилтегенде курч болот.
Ажыдаарга барды эле.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Мүйүз баштуу ажыдаарды
Эки бөлүп салды эле.
«Атым Төштүк мен болсом.
Алп кара куш баласын,
Атайы каалап көрөйүн,
Баласына алп куштун,
Ушу турган ажыдаар,
Алты бөлүп берейин...»
Ал мунардын башына
Чыгып барып караса,
Алп кара куш балдары
Оозун ачып сабылып.
Адамча сүйлөйт, ой тообо-ой,
Эр Төштүккө жалынып:
«Кызыкты кызык мокоттуң,
Төштүк,
Кырышкан жоону жоготтуң, Төштүк,
Аңдыган жоону алдыңбы, Төштүк,
Абийирин ачып салдыңбы, Төштүк,
Жуткучту туура сойдуңбу, Төштүк,
Куу жанды аман койдуңбу, Төштүк,

Энекем боздоп-кеп айткан,
Балдардын аман калары,
Төштүктөн болот деп айткан, Төштүк,
Ошо Төштүк сенсиң го».
Анда Төштүк мындай дейт:
«Ошо Төштүк өзүмүн,
Карарган кара көзүмүн»,
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Өчкөн отту күйгүздүң, Төштүк,
Жер алдынан жетилсек,
Жеткилең күчкө саларбыз,
Жер үстүнө бир чыгарып аларбыз, Төштүк,
Ажал жетсе өлөрбүз,
Башыңа чындап күч келсе,
Каран болуп берербиз».
Балдар минтип турганда,
Баатыр Төштүк балбаның,
Ажыдаардын өлүгүн,
Балдарга эми таштады.
Көчүк этин талашып,
Эки бала тойду эле,
Башын балдар жебестен
Энесине койду эле.
Төштүккө балдар муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
Энемдин жайын сурасаң,
Кырк жылы бала көрүптүр,
Ушу капыр ажыдаар,
Кырк жылы удаа жутуптур,
Кара көздөн кан чыгып,
Капада энем калыптыр.
Баласын быйыл сордурса,
Ташка тийип өлүүгө,
О дүйнө жүзүн көрүүгө,
Убада кылып салыптыр.
Шордуу энем жайын сурасаң,
Жети күнү тынбастан,
Жердин үстүн чалчу экен.
Менин энем байкуштун,
Келе турган кезеги.
Энем шордуу келерде,
Күндүн көзү бүлбүлдөп,
Булут басып жабылат.

Колот жерден ошондо,
Жөө тумандар агылат.
Көк бузулуп дүркүрөйт.
Жер айрылып күркүрөйт,
Менин энем келерде,
Жыгач, таштар тыбырайт.
Туш-тушка түшүп мунарык,
Бөксөгө мөндүр дыбырайт.
Бөксөнүн баары мөндүрлөйт.
Жаканын баары жамгырлайт.
Күн бузулуп мөндүр жаайт.
Антип келген себеби,
Балдарды ажыдаар келип сорду деп,
Уям куру калды деп,
Каарданып алганы,
Ошол болгон добул, жаан,
Энемдин көз жашы ошол.
Силкинип жыгач, таш кулап,
Антип келген себеби,
Шордуу энем байкуштун,
Балдарым кандай болду деп,
Катуу келе жатканда,
Канатынын күүсү ошол.
Энем жакын келгенде,
Боконо сөөгүң болкулдайт, Төштүк,
Жан ичегиң солкулдайт, Төштүк,
Билегиңден сап кетет,
Жүрөгүңдөн кап кетет, Төштүк,
Козголуп коркпой жөн тургун, Төштүк,
Жандуулар жандан түңүлөт,
Ушу турган чоң мунар,
Энем келип конгондо,
Башы жерге үч тиет.
Камырап анда коркпогун,
Кайтарып алчу биз барбыз, Төштүк,
Чалганы болот энемдин,
Чаалыгып эсиң чыкпасын, Төштүк,
Балдары мындай дегенче,
Күн күркүрөп, мөндүр жаап,
Жер титиреп кеткени.
Жыгачтар баары былкылдайт,
Тоо-таштар баары солкулдайт.

Күн күркүрөп, мөндүр жаап,
Асмандан алты сан мөндүр, шыбыргак.
Балдары эми сүйүндү.
Байкуш Төштүк күйүндү.
Бир тырмактын өзүндө
Кырктан бугу илинүү.
Мунарга келип конду эле.
Алп куш конгон мунардын,
Башы жерге үч тийди.
Көтөрүлүп үч чыкты.
Силкингенде жүнүнөн
Ар кандай шуулдап үн чыкты,
Аманат жандан түңүлүп,
Эр Төштүктөн жан чыкты.
Алп кара куш ошондо
Балдарына муну айтат,
Байкап турса шумду айтат:
«Ээ кагылайын балдарым,
Өңүм бекен түшүмбү,
Кантип аман калдыңар?
Мен кайрылып келгенче,
Ажыдаар түпкө жетчү эле.
Кырк жылы тууп мен өзүм,
Баарында катар сордурдум.
Силерди аман көргөндө,
Жүрөгүм кетти айрылып, балдар,
Эрип кетип барамын, балдар.
Курсагың ачса бугу же,
Кардың ачса муну же, балдар».
Анда балдар мындай дейт:
«Бугуңду жеп нетели, эне.
Бир тилекке жетели, эне.
Агарып таңдар ачылды, эне.
Жакшылык бизге чачылды, эне».
Анда энеси муну айтат.
**«Жыргал** деген сылык сөз,
**Кууралды** көзгө көрсөтчү, балдар,
**Күлкү** деген арзан сөз,
**Күйүттү** көзгө көрсөтчү, балдар».
Ажыдаар башын көрсөттү,
Алп кара куш ошондо,
Алп дедире **сугунду**.
«Шордонгон энең күйүндү, балдар,

Кырк балам бүтүн тирилип балдар,
Курсагым бүгүн тоюнду, балдар,
Желмогуз душман союлду, балдар,
Кайгылар ичтен чачылды, балдар,
Кабагым бүгүн ачылды, балдар».
Деп ошентип энеси,
Үшкүрүнүп силкинип,
Үрпөйүп жүндү жайды эле,
«Жыргалың кандай болучу
Алып келгин өзүмө,
Көрсөтүп койгун көзүмө, балдар».
Энеси мындай дегенде,
Канатынын астынан,
Төштүк балбан чыкты эле.
Көрө салып ошондо,
Алп кара куш токтобой,
Сырттан Төштүк баатырды,
Балп дедире сугунуп,
Курк дедире жутту эле,
Балдары ыйлап чыркырап,
Кое берди чуркурап:
«Эне болбой жерге кир.
Жакшылыкка жамандык
Кылган жандан экенсиң,
Кантип балаң өлбөсүн.
Ажыдаардын кордугун
Кантип жаның көрбөсүн.
Эне болбой жерге кир.
Төштүктү аман бергин» – деп,
Эки бала жабышты.
Жабышканда ал балдар,
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Аз калган экен балдары
Жара тартып өтүүгө
Багалек жүнүн зыргытып,
Төш жүнүн чапчып ыргытып:
«Оңбогон балдар, оңбой кал,
Шаштырып ийдиң энеңди.
Элемандын сырттанын,
Мен да күтүп тиледим.
Жасайт элем сөөгүн,
Элемандын сырттанын,
Курч темирдей ширетип,

Суугa салса Төштүктү,
Чөкпөгүдөй кыларда,
Кылычтаса Төштүккө,
Өтпөгүдөй кыларда,
Атаа, балдар, шаштырдың,
Мына, Төштүк мына» деп.
Өө, деп кусуп койду эле.
Эми ошондо сырттаның,
Он эки мүчө толуптур,
Баштагыдан ошондо,
Эки эсе Төштүк болуптур,
Алп кара куш сабылды,
Сырттан эрге жалынды:
«Өчкөн отум тамыздың,
Өлгөн жаным тиргиздиң,
Кубандырдың санаамды,
Ажыдаарды кесмелеп,
Алып келген экенсиң.
Эки түгөй баламды.
Айткан сөзүң угамын,
Жер үстүнө өзүңдү,
Айлантып алып чыгамын, Төштүк.
Кайгыңдын баарын кетирем, Төштүк,
Мураадыңа жеткирем, Төштүк,
Күйүтүңдү басамын, Төштүк,
Кабагың жарык ачамын, Төштүк,
Ажыдаардын айынан.
Артыкча тажаал салгамын, Төштүк,
Чаар тулпардын кулунун
Кырк жылы эңип алгамын, Төштүк,
Адамдан пайда тиер деп,
Абдан издеп келер деп,
Кырк бир тулпар баккамын, Төштүк.
Кечээ таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Чаар бээнин кулунун
Эңкейип эңип алганда,
Сен жаа менен тартып калганда,
Кулундун куйругун жулуп өттү эле.
Менин төш этимди көзөп өттү эле.
Эрдигиң анда билгемин,
Элемандын сырттаны
Бир пайдасы тиет деп,

Ошону ойлоп жүргөмүн, Төштүк.
Башыңа мүшкүл иш келсе,
Чымындай жанга күч келсе, Төштүк.
Сен ушуну түтөтсөң,
Дароо жетип барамын, Төштүк.
Кандай азап болсо да,
Куткарып сени аламын, Төштүк».
Алп кара куш достошуп,
Канатынын бир талын,
Төштүккө жулуп берди дейт...
Алп кара куш зор кушка,
Кыяматтык дос болуп.
Ошентип, Төштүк аттанып,
Чайыңгидей тон кийип,
Чалкуйруктай ат минип.
Кырк бир чаар күлүк ат айдап,
Жолго салып бат айдап,
Жөнөп Төштүк калды дейт...

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Чоң мунар** | – катта дарахт |
| **Ажыдаар** | – аждар |
| **Кара куш** | – миф қаҳрамони, бургут |
| **Мындай эме** | – бундай нарса |
| **Бугу, марал, кулан, теке** | – жониворлар |
| **Ала карга, кара тамакчар, ага моюн таан, ала моюн сары** | – парранда қушлар |
| **Жыргал** – куурал, күлкү - күйүт | – қарама-қарши тушунчалар, антоним сўзлар |
| **Сугунду** | – ютиб юборди |
| **Канатынын бир талын** | – қанотининг бир парини |

## Тапшырмалар

1. Алп кара куштун мүнөздөлүшү, андагы апыртма сүрөттөөлөр.
2. Пейзаждык сүрөттөөлөрдү жазып алгыла, анын маанисин түшүндүргүлө.
3. Ажыдаардын көрүнүшү, ага карата апыртылган сүрөттөөлөргө

баяндама бергиле. Алп кара куштун балдарынын Төштүккө кайрылып айткан сөзүн эстегиле.

4. Энелик сезимдин берилиши.

5. Алп кара куштун Төштүккө берген убадасы.

6. Чоң мунар кандай сүрөттөлөт?

7. Чоң мунарды эмненин символу деп түшүнүүгө болот?

8. Жаратылыш, жан-жаныбар жана адамдын жакындыгы эпосто кандай сүрөттөлөт? Ушуну далилдеген саптарды көчүргүлө.

## КӨК ДӨӨ

Каардуу Көк дөө Төштүктүн көзүн тазалоо максатында бир нече миң кол алып, Төштүккө каршы аттанып жөнөйт. Көк дөөнүн колу Төштүк менен Конокбайды көрөр замат эле, аламан коюп качырышат. Төштүк коркуп калган жок. Кайраты ташып, Чалкуйрук менен качырып кирет.

Сырттан Төштүк турбастан,
Сыр найза кармап имерди.
Канаттуу күлүк Чалкуйрук
Такымга тартып жиберди.
Эңкейиште эр сайып,
Нечени катар тең сайып,
Баскан жери быркырап,
Этине келген Чалкуйрук
Учуучудай дыркырап,
Төштүк салды чоң жаңжал.
Быяк жагын караса,
Ала айгыр менен ойнотуп,
Көк дөөнүн алп балбанын
Айдап кырып сойлотуп,
Алган экен Конокбай,
Элемандын эр Төштүк
Жер алдына түшкөндө,
Жерге кирген Көк дөөгө
Жетимден бетер кор болгон,
Өөдө – төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Түздөп найза сунушуп,
Көк дөө менен урушуп,
Түз беттешип барышып,

Түз кармап найза сайышып,
Айбалта менен алышып,
Сабы колдо калышып.
Чоюн баш менен чабышса,
От асманда жаркырап,
Калктын баары жарданып,
Көк дөө менен Төштүккө
Карап турду таңданып,
Айкайлашып алышып,
Көк дөө менен эр Төштүк
Аркы-терки чабышып,
Маңдай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Ок өтпөгөн чопкуттар
Канжыгадай тилинип,
Элемандын сырттаны
Сырттандыгы билинип,
Ысыгына баталбай,
Суугуна жаталбай,
Көк дөө жүрөт күйүнүп,
Элемандын сырттаны
Аркасынан Көк дөөнүн
Найза менен булуптур.
Бүткөн бойдон Көк дөөнүн
Тарам-тарам кан кетип,
Көк тулпар оозун буруптур.
Көмүлгөн түгөт ал Көк дөө
Арманын айтып туруптур:
«Көк дөө, Көк дөө болгонум,
Көк дөө атка конгонум,
Нечен алп менен кармашып,
Нечен дөө менен алышып,
Нечендерди соргомун.
Бул өңдөнгөн баланы
Жер астынан көрбөдүм.
Барган жан аман кайтпаган
Өлүмгө жумшап кыйнадым.
Баргандын баарын талкалап,
Кылмак болду кызыкты.
Баштамак болду башыма
Киши көрбөс бузукту.

Эрдик менен шердиги,
Элемандын Төштүгү –
Кыраандардын өзү экен,
Мени кармап союуга
Өрттөнүп кеткен бул Төштүк
Өлчөп жүргөн кези экен.
Өлчөөсүн көрдүм Төштүктүн.
Кокус кылып кармашкан,
Жандардын алы жеткисиз,
Айлап-жылдап чабышсаң,
Арстандын тиши өткүсүз,
Өрттөнүп кеткен бул Төштүк
Душман экен зилинде
Бир жагынан карасам.
Конокбай балбан чоңчыкты.
Талаага бирге конушту,
Биригип жолдош болушту.
Тартып берди сырымды.
Айтып берди чынымды.
Элемандын сырттаны
Жетмек болду түбүмө.
Эрге эңкейбес мен Көк дөө
Эсим кетип баратат.
Денинде жети башы бар,
Эң сыйкырчы акылман
Кемпиримден айрылдым.
Жети күн тынбай салышып,
Кара дөөмдү союптур,
Жети мөрөй мен койсом
Жетөөнү катар сомдоду.
Кулак угуп, көз көргөн
Жер алдында дөөлөрдө
Кутурган мындай болбоду.
Балбандыгы башкача,
Балаага келген кандай жан».
Арманын айтып дөөлөргө
Айтып оозун жыйгыча,
Ала айгырга камчы уруп,
Конокбай балбан жеткени.
Жеткен жерде Көк дөөнүн
Башында темир калканын
Ыргыта коюп өткөнү.

Балбаны каптап баргыча,
Элемандын сырттаны
Тозоңун тоодой буратып,
Чалкуйрук менен чуратып,
Кайран катын Кенжеке
Каалап берген курч болот,
Кармаган ыктуу сабынан,
Суурган мыкты кабынан.
Ызырынып ошондо,
Элемандын сырттаны
Кылычты колго алды эле,
Каарданган касапты
Кадимки Көк дөө баатырды
Какыйып туруп ошондо
Шилтеп келип калды эле,
Башы кетти быркырап,
Бадырайган Көк дөөнүн
Жаны кетти чыркырап...

## Тапшырмалар жана суроолор

1. Фантастикалык сүрөттөөлөр деген эмне? Төштүктөгү апыртмалуу сүрөттөөлөрдү белгилегиле.

2. Берилген үзүндүлөрдөн туруктуу эпитеттерди, көркөм салыштырууларды терип жазгыла да, салыштыруу деген эмне эле, эске түшүргүлө.

3. Үзүндүлөрдөгү апыртмалуу сүрөттөөлөрдү дептерлерге көчүрүп жазып келгиле.

4. Төштүктүн эрдиги менен эл эмнени айткысы келген?

5. Төштүктүн жер үстүнө чыгышына Алп кара куш жардам бергенин кандай түшүнүүгө болот?

6. Жер асты барбы? Эпостогу жер асты түшүнүгүн кандай кабылдоого болот?

7. Төштүктүн күчүнүн, жеңилбестигин сыры эмнеде? Тексттен далилдерди таап, баяндап бергиле.

# «МАНАС»
# КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ

## I

## ТАЙТОРУНУ БАЙГЕГЕ КОШУУ

Ачка келсе Канышка,
Ак дасторкон тамактай
Күйүт тарткан Канышка
Күлүп турган кабактай,
Өлөр кезде Канышка
Өөдө кылар өбөгү,
Өксөгөндө Канышка
Өбөк кылар жөлөгү,
Адашканда акылы
Адамзаттын баарынан
Арка кылган жакыны, –
Энекеси Чыйырды
Бекем кысып кучактап
«Берекем!» – деп бышактап,
Эптеп эпке келген соң,
Тайторуну чабууга,
Кудай берсе олжону,
Көпкө бөлүп салууга,
Олоңдой болгон кара чач
Желдей болгон буудандын
Эчендерин көз көрүп,
Баарын сынап болгондо,
«Тобокел» деп токтобой,
Тоодой болгон Каныкей
Төбөсүнө түйүнүп,
Эркектин киймин кийинип
Темирдей өңү көгөрүп,

Сырбараңын өңөрүп,
Багын сынап баланын,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Эмне болсо көрөм деп,
Чыкпай калса тулпарым,
Ажалдан мурун өлөм деп,
Кой дегенге тил албай,
Алгыр куштай айланып,
Эр жарагын байланып,
Акборчукту камчылап,
«Алдагандай болот»деп,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Ак куржунду бөктөрүп,
Алты жүз кырк үч тулпарды
Абайлап көздөн өткөрүп,
«Желикпе» десе бейтаалай
Касиеттүү энеме
Садага болуп кетейин!»
Деп, ошентип, Каныкей
Тайторудай буудандын
Көйкөлүп турган көкүлүн
Көк жибек менен түйдү эми.
Кулпунган сыйда куйругун
Куу шайы менен түйдү эми
Эки кулач чоң чылбыр
Узунун тандап такты эми
Окоро түйгөн ак ноктоо –
Тайторуга чак ноктоо
Бышыгын тандап кетти эми.
Ичкенин жолун төтөлөп,
Букардагы сегиз кан,
Сегиз кандын алдынан
Тайторусун жетелеп,
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Чиймекчи болду сызыкты,
Атына бирөө катылса,
Көрсөтмөк болду кызыкты.
Көөдөнгө батпай көп санаа.
Көзүнүн жашы он талаа:
«Токсон беште карыям,
Тоодой болгон төрөмдүн

Өзүн тапкан олуям,
Көрүп койсом, көөнүм ток,
Энемден башка көрүүм жок.
Айдыңы көлдөй дарыям–
Алыстагы Таластан
Аста сүйлөп сабылып,
Энекелеп жалынып:
«Чоңдугу тоодой карыям –
Кадырман кыргыз элимден
Аста сүйлөп сабылып,
Энекелеп жалынып:
«Чоңдугу тоодой карыям –
Кадырман кыргыз элимден
Ай далыма мингизип
Ала келген олуям
Берен эне кулак сал!
Айланайын энекем,
Өзүңдө менин берекем.
Элибиз элден кем эмес,
Атыбыз аттан кем эмес.
Жашы менен карысын
Көрүп келдим баарысын,
Сынап келдим акмалап,
Бууданынын баарысын.
Бакты баштан тайбаса,
Абакемдин Тайтору
Бере койбос намысын!
Согулайын энеке,
Төлгө кылып торуну
Анык болду чабышым.
Бел байлаган белим жок,
Белгиге чапсам Тайтору,
Белсенип сүрөп алуучу,
Белгилүү кыргыз элим жок
Кимдер каалап койчу экен
Мендей жесир катынды,
Төлгөгө чаап көрөйүн
Тайтору тулпар атымды!
Ала келген олуям,
Карап турсам, кардым ток,
Көрүп турсам көөнүм ток,
Энемден башка көрүүм жок.
Ак байбиче карыя –

Энекеме барайын
Энемден бата алайын!
Энем бата бербесе,
Тайтору чаап нетейин.
Үмүткөр болгон балаңа!
Медерим менин энекем,
Каршылык кылбай кайгырбай,
Батаңды бергин берекем!»
А байбиче Чыйырды
Барбайып колун көтөрүп,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кол көтөрүп зар ыйлайт,
А дүйнө кеткен Манасты
«Колдой көр» деп дагы ыйлайт:
«Ажыбай, Бакай – эки кан,
Арка болуп колдой көр!
Айланайын жараткан,
Каныкей ишин оңдой көр,
Алмамбет, Чубак эгизим,
Жесириңе көзүң сал!
Сыргак, Серек теңизим,
Кайгыга тууган жеңеңди,
Кансыратпай сүрөп ал!
Ишин теңир оңдочу,
Жесириңди колдочу!
Үмүткөр болгон байкушту
Жер каратып койбочу!
О, Каныкей, кулунум,
Тилегиң теңир берсинчи
Ушу турган Тайторуң
Байгеге чыгып келсинчи!
Капаңды атың ачсынчы,
Санааңды атың бассынчы,
Кайгыңды калың жазсынчы!
Тилекти кудай берсинчи.
Телмирип турган жесирдин
Торусу чыгып келсинчи!».
Каралуу катын Каныкей
Чыйырдыдан бата алып,
Сан санаага маталып,
Букарды көздөй аттанды
Бөксөнүн жолун төтөлөп,
Тайторуну жетелеп,

Чаба турган Тайтору –
Кетмен туяк кең соору,
Кенен жердин малы эле.
Чыгып калса Тайтору,
Букарга кызык салайын
Батаңды берчи, энеке,
Падыша атам алдына
Эркекче болуп барайын.
Дубаңды менден аяба,
Жабдыгынын баарысы
Жай–жайында шаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Эр Манастай көрүнүп.
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып,
Кара кийген жесирди
Кайыптар колдоп алыптыр.
Чолок чаар арстаны
Жандай салып чамынып,
А да колдоп алыптыр.
Эки беттин отунан
Бир байпактык түк чыгып,
Оозунан түтүн буркурап,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудайдан быркырап,
Оозунан жалын төгүлүп,
Опол тоодой көрүнүп,
Тайторудай бууданды
Кара кийген Каныкей
Кошуп туруп калды эми.
Ат айдагыч жигиттер
Букарга кирип барганда,
Букардагы сегиз кан
Как жарылып дыркырап,
Эки колу боорунда,
Салам айтты чуркурап,
Узун кулак сарысы,
Көк ала сакал карысы,
Бирөө эмес, дүркүрөп,
Букарлыктын баарысы:
«Белгилүү экен бек экен,
Биздин элге белгисиз,

Кайдан чыккан эр экен!
Кең көкүрөк жайык төш
Келберсиген шер экен.
Ушу турган Букарга
Темирден коргон чеп экен!
Кайраттанып жоо чыкса,
Бели тийчү шер экен!
Атка тумар алтындан,
Тагып алчу эр экен!
Күлүктөрүн жоорутпай,
Көңүлдөрүн оорутпай,
Четтен келген эр болсо
Багып алчу шер экен!..»
Булактатып желегин,
Айдоого атты даярдап,
Тосуп туруп калды эми...

Муну мындай таштайлы,
Каныкейдин иниси,
Кан Ысмайыл баатырдын
Кылыгынан баштайлы.
Карт буурадай күркүрөп.
Каарын көргөн адамдар,
Карай албай зиркиреп,
Капалуу баатыр Ысмайыл
Калк ичинен кеп угуп,
«Бузулган катын Каныкей
Букарда жатып ээлигип,
Атын чапты» – деп угуп,
Кандай укмуш, кандай ар?!
Арсызды кудай урганын,
Айласы кеткен куу жесир
«Ат чабам» деп турганын!
Минтсе долу оң кылбайт,
Эгерде бизди соо кылбайт.
Жесир жүрүп жээликкен,
«Ат чабам» – деп ээликкен,
Арсыз мынча болобу!?
Төшөк жытын сагынып,
Болбой калган кезиби?!
Эрге көөнү бузулуп,
Оңбой калган кезиби?!
Төрө жездем Манастын

Төшөгүн баскан оңобу?
Сыздаган сөөк кимдики,
Сынган намыс кимдики?
Кеткен намыс кимдики,
Келген намыс кимдики?
Төрөнү кордоп отурган,
Ушундай арсыз болобу?!
Кордоп жүрсө Манасты,
Канчыктын иши оңобу?!
Арбагын эрдин кордогон,
Ушул өңдүү ургаачы,
Эгерде эки болобу?!»
Деп, ошентип, Ысмайыл
Барабанын ургузуп,
Баарына жардык салды эми.
Жоо тийгендей жабылып,
Балбандардын баарысы,
Ысмайылдын жанына,
Жетип барып калды эми.
Кара жиндей Ысмайыл
Каарданып бакырып,
Ок жыландай атылып,
«Бери кел» – деп белсенип,
Семетей уулун чакырып:
«Ой, Семетей кулунум,
Келгендерден кеп уктум,
Жесир эжең кесепет
Ат чабам деп ээлигип,
«Желип жүрөт» деп уктум.
Бузуктукка бел байлап,
Намыссыздык кылган го?!
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Каралуу чачын түйүнүп,
Жесир жүрүп жээлигип,
«Ат чабам» деп ээлигип,
Эркек киймин кийинип,
Эселек мындай болобу?!
Катын кылбас бул жорук,
Эл аралап төтөлөп,
Алтымыш асый Торусун
«Чабамын» деп жетелеп,
Сегиз кандан эр издеп,
«Эси жок жесир» дедиртип,

Баарыбызга чыр кылды.
Бул ишке кайдан көнөлүк,
«Тентиген катын» дедирип,
Баарыга шылдың болгончо,
Тирүү жүрбөй өлөлүк!
Ой, Семетей, кулунум,
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Тур, Семетей, барып кел!
Астыга келсе Тайтору,
«Манас-Манас!» бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Бери сүрөп алып кел!
Артта калса Тайтору,
Кармай калып канчыкты,
Канын суудай агызып,
Курмандыкка чалып кел!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып кел!
Кадимки баатыр эмече,
Эркектин киймин кийинип,
Бузуктук жолду төтөлөп,
Алтымыш асый бир атын
«Чабамын» деп жетелеп,
Эбин таап көйнөк кие албай,
Эптеп эрге тие албай,
Эр кыдырып чыр баштап,
Эсепсиз уят сыр кылды.
Бүткөн бою зыркырап,
Каныкейди соймокко
Жөнөп калды дыркырап...
Башын кесип байланып,
Атакең Ысмайылга алып кел!
Ал өңдөнгөн бузукту
Жолотпо, балам өзүмө,
Көргөзө көрбө көзүмө!
Жээлигип жүргөн катындан,
Мындан кордук көргөнүм,
Тирүү туруп өлгөнүм!
Аттангыла, баргыла!
Айткан сөздү алгыла!
Калып калса Торусу,
Бир адамга көрсөтпөй,

Бир адамга билгизбей,
Долуланган канчыкты
Чабуусунан жаргыла!».
Бул сөздү угуп Семетей,
Алтымыш балбан эр менен,
Адыр-будур бел менен,
Кузгун учпас чөл менен,
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Ачуусу келип эжеге...

Муну мындай таштайлы,
Ээрдей болгон белесте,
Эс таппай турган каралуу
Каныштан сөздү баштайлы.
Кайгылуу тууган Каныкей
Касиеттүү жан эле,
Үнү угулуп, өзү жок,
Эки ийинде олтурган
Жылаңач бала бар эле.
Болгон ишти, күйүттү,
Айтып жүргөн ал эле.
Кулактан кармап кыбырлап
Ошо кезде баласы
Кансыраган Канышка
Айтып берди шыбырап:
«Эй, Каныкей байкушум,
Каран түн түшүп башыңа
Жетимиш түркүн иш түштү...
Колуңду сууга малып ал,
Айткан сөздү толуктап,
Кулагыңа салып ал.
Казгалдак деген кайран куш
Кайрылбаган талаадан,
Ат чабам деп желигип,
Ажалдан мурун өлөсүң
Кардыңдан чыккан баладан.
Астыга келсе Тайтору,
Уулуңдун жүзүн көрөсүң,
Урматына көнөсүң!
Артта калса бул атың,
Өлүмгө көздү сүзүп кой,
Ажалдан мурун Каныкей
Жаныңдан күдөр үзүп кой!..».

Бул кабарды укканда,
Өрттөнүп ичи болду чок
Касиеттүү Каныштын.
Каалаган журту мында жок,
Бел байлаган бели жок,
Белгилүү атпай эли жок.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
«Не болсо да көрдүм» деп,
Бардыгын алып мойнуна,
Жашын төгүп койнуна,
Белеске чыгып турду эми.
Акборчук оозун бурду эми.
«Кагылайын Семетей,
Эбин таап көйнөк кие элек,
Эси кеткен шордуунун
Эне экенин биле элек.
Киндик кесип, кир жууган,
Кеңирсиген кең Талас
Жери экенин биле элек.
Ак калпактуу эр кыргыз
Эли экенин биле элек.
Алты арамдын айынан
Алып келген Букарга
Мен экенин биле элек.
Намыска тууган чунагым
Жолуман кармап алат ээ,
Жалынганга карабай,
Жол боюна жарат ээ!
Аркама бүткөн олоң чач
Өрүп алмак болдум ээ!
«Ат чабам» деп ээлигип,
Айкөлдөн калган жалгыздан
Өлүп алмак болдум ээ!
Кутулбадым, ээ кудай.
Көңүлдө капа санаадан;
«Ат чабам» деп кутуруп,
Арманда кетмек болдум ээ
Көөдөндөн чыккан баладан!
Ыйлагандан пайда жок,
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип,
Дүрбүсүн салып турду эми.

Кең кепенин четинде.
Деңиздин берки бетинде,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Каныштан сызып жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Атасынын актулпар,
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чаңдан бөлүнүп,
Жалгыз болуп алыптыр.
Куйругу көзгө дирилдеп,
Көкүлү көккө бириндеп,
Закым болуп калыптыр.
Анын артын караса,
Чоңкашканын чаңы экен.
Мунун артын караса,
Чоңкүрөк сындуу мал экен,
Үчтүн артын караса,
Элик шыйрак, шам кулак,
Кара кашка аргымак
Караса көзгө илинбейт,
Үстүндө жүргөн баланын
Канаттай болуп туш-тушка
Этектери дирилдейт.
Темир кандын төрт тулпар
Узап чуркап алыптыр.
Ажалдан качар айла жок,
Бүгүн көргөн эртең жок
Ушундай экен дүйнө чок!».
Деп, ошентип, Каныкей
Манастан калган дүрбүнү
Мойнунан жулуп алды эми.
Манасты көргөн немедей
Оңду-солду кучактап,
Жыттап-жыттап калды эми...
Астымда тарткан тор белем,
Маңдайда калың шор белем,
Мен карабет бейбактын,
Маңдай сөөгү кайкы экен,
Падышам көзү өткөндө,
Күн көрөрүм тайкы экен.
Айланайын жараткан,
Жан кылып мени жаратсаң,

Тунук көлдө чалкыган,
Кууну кушка жегизбей
«Ары жок катын уулунан
Арам өлдү» дегизбе!...».
Деп, ошентип, Каныкей,
Аттын оозун бура албай,
Чыңырып ыйлап тура албай,
Кабыландын чоң дүрбү,
Кайра көзгө имерип,
Кайра салып жиберип,
Кайра дүрбү сунду эле,
Кең–Мойноктун жонунда
Андан бөлөк бир жылкы
Кайда экени билинбейт.
Канча карап турса да,
Каныкейдин көзүнө
Жалгыз караан илинбейт.
«Ай караңгы болгондо
Түн эмине болуучу?
Артта калса Тайтору,
Күн эмине болуучу?
Жарап өлмөк экемин!
Табытым жок, бейит жок
Арам өлмөк экемин!
Как эткенден карга жок,
Талаада өлмөк экемин!
Асылын көрбөй арманда
Баладан өлмөк экемин...
Өзөндүү дайра – булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Боз ала туйгун болпоңум,
Боз карчыга Чолпонум;
Жоо жарагын кие элек,
Мен бечара, шордуунун
Эне экенин биле элек!
Кылычтан калган кыягым,
Кымбаттан калган чырагым,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чырагым,
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим.

Башын жерге сала албай,
Аркардай арыш алалбай,

Каргадай бала жонунда
Келе жатат Тайтору
Үч жүз аттын соңунда...
«Арбак ургун Тайтору
Эми кайдан жүгүрдү!».
Деп, ойлонуп, Каныкей
Чымындай жандан түңүлдү.
Мурдунан суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арта албай,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан аралаш аккан жаш
Акборчуктун жалына
Шорголоп турду төгүлүп...
«Алда, чиркин, куу дүйнө,
Маңдай сөөгүм кайкы эле.
Туулгандан муңайып,
Күн көрөрүм тайкы эле.
Ай караңгы түн экен,
Ажалым жетер күн экен
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Курган жанды койбойт ээ?!
Буулугуп жүргөн жесир» деп
Жолуман кармап алат ээ?!
Дөөгүрсүп турган балбандар
Көкбөрү кылып калат ээ?!
Шордуу энесин таанибай,
«Атам» деген Ысмайыл
Жат экенин биле элек
Айкөлүм Манас көк жалдын
Ата экенин биле элек.
Тайган иттей мен шордуу,
Желгендигим биле элек.
Таластан качып бала үчүн
Келгендигим биле элек.
Беш-Аркар жылдыз батканча,
Беш кайрылып бурулуп,
Эмизгеним биле элек,
Абакем Бакай азыгын
Жегизгеним биле элек.
Күйүктүн белин чыркырап
Ашкандыгым биле элек.
Аркалап алып Таластан
Качкандыгым биле элек.

«Энекең мен» деп, мен шордуу
Эмчегимди көрсөтсөм,
Энеңмин деп, жалбарсам,
Эзелде чунак болбойт ээ?!
«Кесепеттүү шайтан» – деп,
Кылтайбай шилтеп кылычын,
Маңдай сөөгүм кайкы экен,
Манастын көзү өткөн соң,
Күн көрөрүм тайкы экен!
Чыркыратып өзүмдү,
Чукуп таштап көзүмдү,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
«Ээликмелүү канчык» деп,
Даңгыттарга жарат ээ?!
Талаада сөөгүм даңкайып,
Көмүүсүз болуп калат ээ?!
Чакылдаган чакчыгай
Чарасына көзүмдүн
Уяларын салат ээ?!
Тал жибектей чачымды,
Айдай иймек кашымды
Куркулдап кузгун тытат ээ?!
Кардан аппак этимди
Жулкуп таштап бетимди,
Ит-куштар келип жутат ээ?!
Ботодой болгон көзүмдү,
Каркылдап карга оет ээ?!
Каалгадай ак тишке
Шакылыктап сагызган
Ойноктоп эркин конот ээ?!
Алмадай болгон эки эмчек
Кара жору тоет ээ?!
Жайдары жазы кабагым
Кажырдын жеми болот ээ?!
Бүлкүлдөгөн бөйрөктү
Түлкү какшаал оет ээ?!
Бурулуп бүткөн булчуңду
Бөрүлөр талап тоет ээ?!
«Жоболоңдуу төлгөнү
Тартпай койбой не болдум?!
Тозокко тууган мен катын
Тоодой болгон Торуну
Чаппай койбой не болдум?!

Бууданды көздөй жиберип:
«Аныктап кармап, сунайын,
Арбактардан сурайын,
Алдында торум келбесе,
Алтымыш торпок, кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан суурул алайын,
«Күткөнүм ушу эми» – деп,
Кый сүбөөмө кадайын!
Алтын ооз дүрбүнү
Алты жолу салабын
Кең Таластын баткалда,
Керилген төрөм коркутуп
Кыйын болуп жатканда,
Бурдап-бурдап сугунуп,
Тарса-тарса жөтөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Жаман болуп турганда,
Курман болуп куу катын,
Өлүп албай не болдум?!
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Кыйноо көрүп жатканда,
Курман болуп төрөмө,
А дүйнөнү мен мурда
Көрүп албай не болдум?!
Улуу тоодон унчуккан
Улар болбой не болдум?!
Тартынбай өлүп, бир жатып,
А дүйнө кеткен көк жалга
Курман болбой не болдум?!
Бешигимди жонума,
Артпай койбой не болдум,
Мээнетиңди мынчалык,
О, кулунум Семетей,
Тартпай койбой не болдум?!
Бел байлаган белим жок,
Бекинип жаткан жерим жок.
Бейпай тартсам мынчалык,
Берендин зайбы деп турган
Берекем кыргыз элим жок!
Каз айланса зоо да жок,
Калдайган кардуу тоо да жок,

Асылым–жеңем, койгун»–деп,
Көңүл айтып коюучу,
Аргын, кыргыз элим жок!».
Деп, ошентип, Каныкей
Бурамалуу дүрбүнү
Дагы бурап имерип,
Аныктап туруп карайын.
Чубап өткөн аттарды
Акмалап баарын санайын!
Аябай анык түңүлүп,
Баламдын колун тийгизбей,
Каныма жанын күйгүзбөй,
Мен өзүм өлүп калайын!».
Ошондо эр мүчөлүү Каныкей,
Акборчук оозун бурду эми,
Арбагы күчтүү Манаска,
Жалынып ыйлап турду эми...

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Сырбараң** | – милтиқ (қадимги ярақ) |
| **Акборчук** | – Каникейнинг минган оти |
| **Көкүл** | – отнинг манглай ёли |
| **Карт буура** | – тоғ |
| **Кара жору** | – парранда тури |
| **Кажыр - ак кажыр** | – қуш тури |
| **Желикпе** | – ҳовликма |
| **Төлгө кылып** | – ирим қилиб |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Ак байбиче карыя – Энекеме барайын, Энемден бата алайын», – деген саптар – кыргыз элинин кандай сапатына байланыштуу?
2. Чыйырдынын берген батасы кандай болду?
3. Букаранын сегиз каны Каныкейди кантип тосуп алды? Жоопту тексттен таап, окуп бер.
4. Каныкейдин ишин, Ысмайыл Семетейге эмне деп кайрылганын текст боюнча окугула!
5. «Кайгылуу тууган Каныкей, Касиеттүү жан эле, Үнү угулуп, өзү жок, Эки ийинде олтурган. Жыланач бала бар эле» - бул ким? Ал Каныкейге айткан кепти текст боюнча окуп чыккыла жана ой бөлүшкүлө.

6. Киндик кесип, кир жууган,

Кеңирсиген кең Талас,
Жери экенин биле элек,
Ак калпактуу эр кыргыз –
Эли экенин биле элек», –

деген саптар боюнча ой жүгүртүп, Семетей менен Каныкейдин эне – бала экендигинин эмне үчүн жашырын сакталганын түшүндүрүп бергиле.

7. Каныкейдин бейтынчтанышынын себеби эмне болду?

8. Каныкей эмне үчүн:

«Бейпай тартсам мынчалык,
Берендин зайбы деп турган.
Берекем кыргыз элим жок», –

деп жатат?

9. Каныкейдин кандай адам экендигин баамдап-туйдуңар. Текстке таянып айтып бергиле.

## II

## ТАЙТОРУНУ СҮРӨӨ

Чыгырыгын имерип,
Манастан калган дүрбүнү
Чын көзүнө жиберип,
Бурамасын имерип,
Буркурап ыйлап жиберип,
Буудандын оозун бурду эле,
Ажалга каршы баскандай,
Айкаша турган арстандай,
Бардыгына бел байлап,
Дүрбүсүн салып турду эле.
Ит-Торпунун жолунда,
Кезең кырдын оюнда
Санап көрсөң Тайтору,
Келе жатат кайран мал
Алтымыш аттын соңунда.
Башын жерге салыптыр,
Аркандай арыш алыптыр;
Мойнун жерге салыптыр,
Болжолсуз арыш алыптыр;
Желгенине жел жетпей,
Көнөктөй болгон туягын
Көрүнгөн жерге мылгытып,
Ойноп кетчү немедей,

Ойсоңдоп башын чулгутуп,
Маралдай болгон денеси
Капкара чаңга бөлөнүп,
Жеткилең чуркап калыптыр;
Басканына мал жетпей,
Башкача чуркап алыптыр.
Эңкейиштеп алганда,
Коржоңдогон Торунун
Эликтей колу сайылат;
Өргө тарта бергенде,
Жал-куйругу жайылат;
Талаа-түзгө келгенде,
Таманы жерде тарсылдайт;
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдайт.
Араандай оозу ачылат,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылат.
Кара болот ооздук
Көмөкөйдү каккылайт,
Тал жибектей куйругун
Чаткы аякка чапкылайт.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Кезендинин жонунда
Келе жатат карт буудан
Кең Ак-Чийдин боюнда,
Он эки тулпар соңунда.
Каралуу байкуш Каныштын
Көңүлү көпкө бөлүндү,
Үстүндөгү баласы
Ээр кашына жөлөнүп,
Келе жатат Тайтору
Эрегишип, көжөлүп.
Өзүн-өзү биле албай,
Бир санага кире албай,
Канча кайрат кылса да,
Жаш шорголоп тыя албай,
Ичи күйүп от болуп,
Өрттөнүп кетчү чок болуп,
Буйдала түшүп дүрбүсүн,
Дагы салды токтолуп
Сары адырмак урчукта,
Салынган тоонун тумшукта,
Көрүүчүнүн жонунда,
Кара талаа боюнда

Келе жатат Тайтору
Отуз тулпар соңунда.
«Ой жаныбар, бууданым,
Белгилүү күлүк мал элең,
Арманым айтам кудайга,
Алтымыш асый так элең!
Уга көр, Тору, сөзүмдү,
«Ээликкен катын» дедиртип
Өзөктөн чыккан балама
Шерменде кылба өзүмдү!
Мындан ары боздотуп,
Ой, жараткан теңирим,
Ыйлата көрбө көзүмдү!»
Көрүп карап туралбай,
Көлкүлдөп жашы төгүлдү.
Көп ыйлаган бейбакка
Көңүлүндө көксөгөн,
Көк жалдары көрүндү.
«Ааламга жетер даты, – деп, –
Аяшымдын аты» – деп,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы
Ай сарала ат минип,
Жал-куйругун чарт түйүп,
Жалаң кылыч байланып,
Көпкөк темир курчанган,
Жети түмөн кол көрсө
Желпине кирип кол салган,
Кыргындан кыя кайтпаган
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Ааламга жетер үнү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Арыштаган бууданды
Алмамбет сүрөп алыптыр,
Айгайлап жолго салыптыр.
Анын бери жагында
Узун бойлуу, кең далы
Найзакерден ыктуусу,
Сан кыргыздын мыктысы,
Азаматтын артыгы,
Санаасы сандап бөлүнүп,
Сары  оору болгон эмедей,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Чоо жайын толук алды эми.
Мунарык тарткан урчукта,

Боз адырмак тумшукта,
Зордугу тоонун сеңирдей,
Жоо көрүнсө жегидей,
Касаба колдо көрүнгөн,
Оозунан оту төгүлгөн,
Кыйкырып найза сунганда,
Кырк миң колдой көрүнгөн,
«Жеңекемдин аты, – деп, –
Угулду мага даты» – деп,
Айланайын шер Чубак
Артыкча сүрөп алыптыр,
Айгайды бу да салыптыр.
Асты жагын карасаң,
Кара болот кыргагы,
Караңгыда жол тапкан
Кабылан Манас Сыргагы
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Атка жеңил, тайга чак,
Кырк жоронун кырааны,
Арстан тууган бу дагы,
Акбалтанын Чубагы,
Ач кыйкырык, куу сүрөөн,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн;
Көк рапыс тон кийген,
Көгала сындуу ат минген,
Анын артын караса,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстаны
Жандай салып камынып,
Таалайы артык айкөлүң
Кең дүйнөсүн тар кылган,
Кылкылдаган жоо келсе,
Калың колун баштаган,
Кан майданда жүргөндө,
Камыгып, чочуп, шашпаган,
Отуз эки жашында
Канышын каран таштаган,
Бармактайда баш кошкон,
Аккула минген шер Манас
«Байкушумдун аты, – деп, –

Угулду мага даты» – деп,
Тайторуну соорулап
Өзү гана кууп алыптыр.
Ар убакта жолго сак,
Уйкусу жок эр Сыргак,
(Ааламга жетер чамасы,
Манас менен бул Сыргак
Ага-ининин баласы)
Кыраакы, баатыр көрөгөн,
Кыйкырышкан жоо келсе,
Кызыл канга бөлөгөн,
Көпкөк темир кийинген,
Көп элди көрсө, сүйүнгөн,
«Угулду мага даты, –деп, –
Бул жеңекемдин аты» – деп,
Бакырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Бала жолборс эр Сыргак
Окоро түйгөн чоң кылбыр
Оролто кармап алыптыр,
Тайторуну сүрөлөп,
Оңду-солду теминип,
Өбөктөп чаап калыптыр,
Этек-жеңи дирилдеп,
Бакырып сүрөп алыптыр.
Арбактарды көргөндө
Чыңырып ыйлап тура албай,
Боздоп ыйлап буркурап,
«Аташкан төрөм, көк жалым,
Ала кет», – деп чыркырап.
Ай караңгы болгондо
Түн ушундай болобу?!
Ажыбай, Бакай – эки кан
«Байкушум аяш аты, – деп, –
Угулду бизге даты» – деп,
Булар да кууп калыптыр.
Кайран каныш Каныкей
Арка чачын бир бөлүп,
Өрбөй калган эмеспи;
Аташканы Манасты,
Бир көрөргө зар болуп,
Он эки жылы болгончо,
Көрбөй калган эмеспи.
Тоо башында боздогон,
Улар болгон эмеспи.

Тоодой Манас кабылан
Орнотуп койгон ааламга
Чынар болгон эмеспи?!
Чын төрөсүн көрүүгө
Куса болуп саргарып,
Кумар болгон эмеспи?!
Акборчук оозун бура албай,
Асыл тууган Каныкей
Камчы бою жаш кетип,
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Көзүнөн жамгыр төгүлүп,
Көздөн учкан төрөсү
Тирүүсүндөй көрүнүп,
Боздоп-боздоп буркурап,
Болоктоп үндү салды эми,
Аташкандан айрылса,
Күн ушундай болобу?!
Көзүмдөн агат кандуу жаш,
Сел ушундай болобу?!
Кабыландан айрылып,
Кайгырып катын тентисе,
Жөнү ушундай болобу?!
Алтын менен дилдесин,
Чачкан мендей болобу?!
Алат күн түшүп башыма
Ала качып баласын,
Алыстагы Букарга
Качкан мендей болобу?!
Кокуй, төрөм – кабылан,
А дүйнө кеткен олуям
Канжыгаңа чала кет!
Капа кылып боздотпой,
Убарлаш, мени ала кет!
Ар уруудан көйнөгүм
Тартсам жетпейт мойнума,
Талаага жалгыз калтырып,
Талыктырбай, көк жалым,
Тарта кеткин койнуңа!
Көк аралаш көйнөгүм,
Көп кийсем жетпейт мойнума,
Тентип жүргөн жесирди,
Телмиртип мында таштабай,
Кабылан, ала көргүн оюңа!
Кең дүйнөмдү тар кылба,
Чыныдай болгон ак беттен,

«Чын төрөм, ала кеткин» деп,
Жулкуп-жулкуп алды эми.
Армандан чыккан ачуу жаш
Ак жүзүнөн жорголоп,
Акборчуктун жалынан
Кан аралаш ысык жаш
Агып турду шорголоп...

Бир кезекте Каныкей
Эсин жыйып көз жашын
Кайрылып, аарчып алды эми.
«Караан кылар эл жок» деп,
Кайраттанып алды эми.
Кайра тартып дүрбүнү
Кайра көзгө салды эми.
Тулпар оозун бурду эми,
Тунжур тууган бечара
Жумган көзүн чоң ачып,
Дагы дүрбү сунду эми.
Кең-Мойноктун жонунда
Келе жатат Тайтору
Алты буудан соңунда.
Тайторуну көргөндө
Такаат кылып тура албай,
Бар айласын кылды эми.
Тозокко мыктап бел байлап,
Токтоно албай турду эми:
Кейип турган бейбакты
Кагылайын шер төрөм,
Жетим менен жесирди
Чыркыратып зар кылба!
Ушунтип айтып Каныкей,
Карагаттай көзүнөн
Калбыр өпкө, жез билек,
Уча турган мал эле.
Ушу турган байгеге
Жеткирбей чуркап барабы?!
Өз баламдын тоюнда
Баш байгесин алабы?!
Арам өлүп Тайтору,
Бирдин соңу калабы?!
«Катынында калк бузган
Карабеттин аты» – деп,
Букардын калкы чогулуп,
Уят кылып салабы?!

Казабы терең орумду,
Кайнатар бекен чогултуп,
Кап-кайдагы шорумду?!
Белестен түшө бергенде,
Тушума таамай келгенде,
Тайторудай бууданга
Сүрөөнү мыктап салайын!
Айланайын таянчым –
Арбагына кыргыздын
Бир жалбарып алайын».
«Башыма түшкөн кыйындын
Баарына бүгүн көнөйүн,
Анык кайып бууданды
Артыкча сүрөп көрөйүн.
Деп, ошентип, Каныкей
Алмамбеттин Сырбараң
Ийнинен алып караса,
Ичине сүмбө тартылбай,
Он эки жылга атылбай,
Кокочо кара кир болуп,
Токтоп калган сары дат
Ичи менен бир болуп.
Мына ошондо Каныкей:
«Айланайын Сырбараң,
Ээсинен калган сен жесир,
Эринен калган мен жесир!», –
Деп, ошондо муну айтып,
Сырбараңдын оозуна
Чоң кыргыны сукту эми.
Кыргы менен кыргылап,
Кынаптап ичин ургулап,
Тарткы менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап,
Жойкума менен жойкулап,
Алмамбеттин Сырбараң
Ары-бери тазалап,
Ичин карап, өңөрүп,
Кутудагы дарыны
Күр дегизе көмөрүп,
Борчук оозун жыйды эле,
Куру дүрмөт ок кылып,
Куу дарыны куйду эле,
Кадимкидей чоң сүмбө
Оозун көздөп урду эле,
Сүмбө менен сүмбөлөп,

Чоң кундагын чапкылап,
Акканкынын кашына
Тарса-тарса каккылап,
Кетенчиктеп чалкалап,
Кундактан чыккан дарыны,
Тырмак менен талкалап,
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип милтеге,
Кыпкызыл кылып чок коюп,
Абайлап атта турду эми.
Оозун көздөп урду эле,
Сүмбө менен сүмбөлөп,
Чоң кундагын чапкылап,
Акканкынын кашына
Тарса-тарса каккылап,
Кетенчиктеп чалкалап,
Кундактан чыккан дарыны,
Тырмак менен талкалап,
Кытай оттук боор таш
Кырып ийип милтеге,
Кыпкызыл кылып чок коюп,
Абайлап атта турду эми.
Жаратканга жалынып,
Берендигин ашырып,
Кулагы менен көкүлдөн
Эки эли өөдө ашырып,
Куру дүрмөт ок менен
Күп дегизе бир койду.
Эчен-эчен аң-дөңдү
Көрүп келген Тайтору,
Эчен мылтык, эчен жаа,
Очогордун огуна,
Көнүп калган Тайтору.
Башкача күлүк Тайтору
Башын жерге салды эми.
Кара жерди токмоктоп
Сырбараң үнүн укканда,
Жамбыдай болгон туягын
Ирмеп-ирмеп алды эми.
Аркардай арыш керди эми,
Араандай оозду ачты эле.
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Ак эмчектин токмок эт
Алып келип басты эле.
Темир кандын Актулпар

Текөөрлөшө теминип,
Көбүгүн көккө чачты эле.
Мылтык үнү чыкканда,
Жал-куйругу диркиреп,
Илебинен үн чыгат
Тоо бүркүттөй күркүрөп,
Куюшканы шакылдап,
Чоңкашканы такымдап,
Көздү ачып жумганча,
Жетип барды Күрөңгө
Куйрук улаш жакындап.
Жети мойнок жонунда,
Келе жатат Тайтору.
Атасынын үч буудан,
Бул үчөөнүн соңунда.
Сүрөөн салып атууга,
Тайторуну тартууга,
Мойнуна курун салынып,
Кайгысы күчтүү Каныкей
Кылча жанын аябай,
Алды-кийинин карабай,
«Арбактар!» – деп бакырып,
«Айкөлүм»! – деп чакырып,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Эр адамча бакырып,
«Манас!» – деп ураан чакырып,
Жеткилең ураан салды эми.
Жеткен жерде Торуга
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Бооруна мыктап алды эле.
Каныкей чылбыр алганда
Көңүлү чиркин бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Аяктай алтын сөйкөсү,
Көкүрөктө көрүнүп.
Каныкей чылбыр алганда,
Эпсиз күлүк Актулпар
Ал да күлүк мал экен.
Эңкейишке киргенде
Тайтору озот мойнунча,
Өргө чыга бергенде,
Актулпар озот мойнунча,
Эрегише жарышып,
Эки үзөңгү кагышып,

Томуктай жерде тоосу жок,
Токумдай болгон коосу жок,
Буурусун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок.
Кумдуу жолго барганда,
Кузгундай көзүн кызартып,
Актулпардын алдына
Тайторудай бууданды
Алты бута узартып,
Кум талаага барганда,
Жейрендей көзүн кызартып,
Алтымыш асый Торуну
Алып чыкты Каныкей
Жети бута узартып.
Арка чачын он бөлүп,
Бууп чыгып келатат.
Асылдан калган байкушум
Куру дүрмөт ок менен
Анда-мында бир атып,
Тайторудай бууданды
Кууп чыгып келатат.
Эр мүчөлүү Каныкей
Эки көзү өрт болуп,
Жайнап чыгып келатат.
Куру дүрмөт ок менен,
Күпүлдөтүп аткылап,
Алтымыш асый Торуну
Айдап чыгып келатат.
Тайторудай бууданды.
Жылоосунан алды эле.
Колдоочунун бардыгы
Кошо сүрөп калды эле.
Тегиз жерде күүлөнтүп,
Өргө тарта бергенде
Эпсиз балбан Каныкей
Тебетейдей сүйрөтүп,
Тайтору узап алган соң,
Сөрөгө жакын калган соң,

«Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим,
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым
Акылын элге бөлө элек,
Мен шордууну атайлап,

Эне экенин көрө элек.
Найзага түпөк илинсе,
А дүйнө кеткен Манастын
Ата экени билинсе,
Атасын тартса кулунум
Теңдеши жок шер болот.
Назарын салбай бир жанга.
Кара мүртөз эр болот,
Он эки мүчө тең болот.
Оң далысы кең болот,
Кокусунан Семетей
Эл оозунан кеп угуп,
«Атасы Манас» – деп угуп,
«Эркек киймин кийдиң» – деп.
«Эселек энем экенсиң,
Эмне издеп жүрдүң?» – деп,
Кашайта көздү оебу?!
Күйүп кетип ал бала
Кармап алып өзүмдү,
Чукуп ийип көзүмдү,
Атасын тарткан эр чиркин
Өлүм кылып коебу!
Ушунчалык алыстап
Чыгып калган Тайтору
Таалайымды тайкылап,
Артта калбас бул жолу.
Эркек киймин кийгенде,
Кай мураска жетейин,
Ушундан ары мен жесир,
Каралуу бойдон кетейин»
Деп ошентип Каныкей,
Семетейим киет деп,
Жасап койгон суусар бөрк
Сол колуна алды эми.
Ак куржунга салды эми,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Келеби жибек, кыл торко
Келишимдүү сур чепкен
Кайра чечип кабыштап,
Кайран каныш Каныкей
Ак куржунга табыштап,
Аны кошо салды эми.
Олоңдой болгон кайран чач
Омуроого жайды эми.

Тал жибектей кайран чач
Астын көздөй жайды эми.
Карарган чачы жайылуу,
Кандуу бети жыртылуу,
Кокуй Манас төрөсү,
Жаңы өлгөндөй болду эми
Акборчугу жорголоп,
Бетинен аккан кандуу жаш
Тизеси ылдый шорголоп,
Өксөп ыйлап тура албай,
Өзөккө жалын толуптур,
Кайгы менен кубанчы
Катардаша конуптур.
Өлчөөсүн көрсөң ошондо,
Жарыктык Манас кабылан
Эркекче киймин чечинип,
Каралуу кебин кийиптир.
Манасты кошуп озондоп,
Тоодой болгон Торуну
Кайра сүрөп кириптир...

Муну мындай таштайлык,
Тайторуну Семетей
Ээлегенден баштайлык.
Манас кирбес оозуна
Байкуш бала жетимдин
Манас кирип алыптыр.
Жери кирбес оозуна
Талас кирип алыптыр.
О, жаралган дүнүйө!
Эл кирбеген тилине
Кыргыз кирип алыптыр.
Кыраан барчын үндөнүп,
Кыйкырыкты салыптыр:
«Айланайын балбандар!
Калың элдин алдына
Сын кылалы, балбандар!
Күрсүлдөгөн кандарга!
Чыр кылалык, балбандар!
Уккан адам унуткус
Ыр кылалык, балбандар!
Чыккан аттын баарысын
Кабактан кармап алалык,
Бирөөнү тирүү тим койбой,
Баарын кырып салалык!
Кешиги жок эжемдин

Карыган аты көрүнсө,
Ошону сүрөп алалык!
Букарга сүрөп баралык!
Байгеге сайган сан кара,
Жети там толгон казына,
Миң карача төөлөрдү,
Миң кара кашка бээлерди,
Буттап алтын зерлерди
Такыр ээлеп алалык!
«Манас-Манас» бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Ошону сүрөп калалык!..
Кудай берсе Букарга
«Манастап» сүрөп баралык!
Айланайын балбандар!
Ойду-тоонун баарысын
Жүгүргөндөй кылалык.
О дүйнө кеткен жездекем
Кайта туруп көрүнөн,
Тирилгендей кылалык!
Ой-тоонун баары Манастап,
Көрүнгөндөй кылалык!
Адырмактуу будурду
Талаалуудай кылалык!
Баласы жок эжемди
Балалуудай кылалык!
Көңүлү бузук адамдар
Көрүп туруп жанынан
Түңүлгөндөй кылалык!
«Тартынбаңар жигиттер!
Тайтору күлүк, мээси жок,
Сүрөп алчу бул жерде,
Бизден бөлөк ээси жок.
Тилекти кудай дал берсе,
Дегениңе көнөмүн.
Айланайын балбандар!
Жармак албай жаныма,
Байгесинин баарысын
Силерге бөлүп берейин!
Айтканымдан айнысам,
Ат байлаган мамыдай
Такыр болуп өлөйүн,
Малдын түгүн көрбөгөн
Жакыр болуп өлөйүн!
Жүзүн көрбөй кудайдын

Капыр болуп өлөйүн!
Мен байгеге кызыкпайм,
Аты калсын Манаска!
Эжем шордуу кубансын
Атпай кыргыз ак калпак
Эли калган Таласта!
Ойлогула балбандар,
Көк темирден туулга
Кимдер ыкшап кийбеген,
Бактысы башта турганда
Ким оргуштап жүрбөгөн?!
Жездемди душман көргөндө,
Үркков койдой дүрбөгөн.
Кырчылдашкан жоо келсе,
Кырган жездем эмеспи?!
Өз билгенин душманга,
Кылган жездем эмеспи?
Тирүүсүндө жездеме,
Кандай баатыр теңдешти?!
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Көкжал жездем өлгөндө,
Эжем тентип келиптир.
Артында эркек бала жок,
Көрбөгөндү көрүптүр.
Төрт түлүгүн душманы
Камчыга ченеп бөлүптүр.
Кары энесин жетелеп,
Чоң Букарды төтөлөп,
Жол азыгын аркалап,
Кара жанын калкалап,
Эжем тентип келиптир,
Атакемдин Актулпар
Астыга келсе соелук!
Төрт тулпарын аябай,
Тегиз кырып коелук!
Аттарын кырып таштасам,
Жорукту катуу баштасам,
Айтпаска чыбык кыркып бер,
Чын тилекке жарап бер!
Айланайын балбандар.
Кылычтын мизин жалап бер!».
Деп, ошондо Семетей
Тулпар оозун бурду эми,
Туулга кийген эрлерден,

Антты сурап турду эми.
Балбандардын баарысы
«Макул» дебес алыбы?!
Аттан түшүп балбандар
Ак буудай нанын чайнашты,
Кылычтын мизин жалашып,
Семетей көөнүн жайлашты.
«Айтпайбыз – деп ант кылып,–
Айтып койсок бул сөздү,
Кыркылалык чыбыктай,
Жакшылык көрбөй өлөлүк,
Бүтүн эмес сыныктай!
Ооздон ушак сөз чыкса,
Уруп кетсин ак буудай!».
Антын алып болгон соң,
Жаңырыктын Жар-Кыя
Жалгыз аттын чубама,
Урчук тоону көрүүгө
Балбандарын ээрчитип,
Чоң кароолдун мойнокко,
Тулпар оозун бурду эми.
«Адырмактуу кең жылга
Булаксыздай кылбайлык,
Каңгырып жүргөн шордууну
Туяксыздай кылбайлык!
Эңгиреген эжемди
Эли жоктой кылбайлык,
Арка кылып сүйөнөр
Бели жоктой кылбайлык!
Адырмактуу кең Талас
Жери жоктой кылбайлык!
Тайторусун чыгарбай,
Туяксыздай кылбайлык!
Берен эжем Каныштын
Бел байлаган бели жок,
Медер кылган бул жерде
Белгилүү кыргыз эли жок!
Келгендерден кеп уктум,
Кайран эжем Каныкей
«Төлгө кылып Букарга,
Тайтору чапты» – деп уктум.
Астыга келсе Тайтору,
Аянбай сүрөп алалык,
Манастап ураан салалык,
Кайда жүрсө Тайтору,

Ошону сүрөп баралык!..
Жаратканга чыдабай,
Жаным чыгып баратат!
Жабыла баарың чаба көр!
Чууга кулак сала көр,
Чуу кабарын ала көр!
Айланайын балбандар,
Мен билгенди билдиңби?
Чың-чың, чың-чың, чың чыгат,
Мына ошондо Семетей,
Буудак-буудак чаңдарды,
Булкунган буудан малдарды,
Оңду-солду теминип,
«Чың-чың», чапкан балдардын
Чуусун карап турду эми.
Чууга кулак салды эми,
Чуу кабарын алды эми.
Чууну угуп алган соң:
«Эй, айланайын балбандар,
Жанды кудай жаратат,
Чыркырап үнү бек чыгат,
Адырдагы кең жайлоо
Кыялаштын үнү экен.
Каңырыгы түтөгөн
Кайран эжем Каныкей –
Уялаштын үнү экен.
Чалгындары чарпылган
Айкушумдун үнү экен.
Айкөлүнөн айрылып
Качып келген бул жерге
Байкушумдун үнү экен!
Таластан качып, жөө тентип,
Чубаган эжем үнү экен!
Темир кандын шаарына
Тентип келип күн көргөн,
Баягы куураган эжем үнү экен
Тарчылык келип куу башка,
Желген эжем үнү экен.
Канаты сынган кайгырып,
Таалайынан айрылып,
Талыкпай тентип Букарга
Келген эжем үнү экен».
Деп, ушинтип, Семетей
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,

Тулпар оозун бурду эле,
Туура карап турду эле.
Оңурайган тумшукта,
Эти кызып алыптыр.
Туягы жерге илинбей,
Карылыгы билинбей,
Акыркы күчкө салыптыр.
Чоң казандай даңканы
Төбөсүндө чыркырап,
Кум аралаш майда таш
Куюн тийген эмедей
Учуп жүрөт зыркырап.
Аркардай арыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Жол боюнда чачылып,
Оозлукту каккылап,
Тал жибектей куйрукту
Чаткы аякка чапкылап,
Болбой чуркап алыптыр.
Алты жүз кырк үч көй буудан
Алда кайда калыптыр.
Алтымыш асый Тайтору
Жейрендей көзү кызарып,
Актулпардын алдына
Түшкөн экен куюндай,
Жети бута узарып,
Келе жатат Тайтору
Учкан куш менен жарышып.
Тасмадан кылган тизгини
Эки колдо карышып.
Оролмо тоонун урчукта,
Башын жерге салыптыр,
Айбандын зору Тайтору
Башкача чуркап алыптыр.
Мойнун жерге салыптыр,
Болжоосуз күлүк Тайтору
Эр Семетей ошондо:
«Манас-Манас!»– бакырды
Манастап ураан чакырды.
Бала «Манас» дегенде,
Ойдун баары бакырды.
Ойду-тоонун баарысы
Манастап ураан чакырды!

Бала туйгун Семетей
Астындагы тулпарга
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Айбаттуу ураан салды эми.
«Айкөл жездем Манас» – деп,
Айкырып ийип Семетей,
Жандап чылбыр алды эми.
«Жан эжеке, байкушум,
Айкөлүнөн айрылып,
Азып келген Букарга
Эй, кагылайын байкушум!
Кууну кушка жегизбейм,
Курган баш өлүп калбаса,
Кагылайын эжеке,
«Куураган катын» дегизбейм!
Кубанычтуу кандуу жаш
Ат жалына төгүлтүп
Чачып чыгып келатат.
Муну көрүп тура албай,
Баланын көөнү ооруду,
Алтымыш балбан, көй кашка,
Баарынын көөнү ооруду.
Кийминди чаңга тийгизбе!
«Байкуш катын» дедиртип,
Эжеке, жесирдигиң билгизбе!
Сүрөөчүң жок эмедей,
Этегиң жерге тийгизбе!
«Тентиген катын» дедиртип,
Ушинтип мени күйгүзбө,

Алты арамдын айынан,
Адашкан эжем сен үчүн,
Караңгыда калт этпес
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Душманга тизгин бербеген
Асылың, жездем шер үчүн;
Атыңды сүрөп алайын,
Айланайын эжеке,
Ишенип койгун мен үчүн!».
Ушуну айтып Семетей,
«Манастап» үндү салды эми.
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тайторудай бууданды

Букарга сүрөп калды эми.
Тайторуну алган соң,
Кайран баш аман барында
Канаттууга кактырбайм,
Камчылуута чаптырбайм,
Андай-мындай дегизбейм!..
Байгеге өзүм ээ болуп,
Такыр ийрип алармын,
Мындан ары мен өзүм
Кагылайын эжеке
Көзүмдүн кырын салармын!
Эжеке сени мен өзүм,
Базарым кылып алармын!
Ой, эжеке жалгызым,
Бел байлаган белиң жок,
Безилдеп ыйлап алыпсың,
Белгилүү кыргыз элиң жок.
Эл оозунда элек жок,
Тозоңго түзүң чалдырба,
«Тозоку катын» дедирип,
Душманга белиң алдырба!
Жеткилең эжем, байкушум,
Эч бир жанга көрүнбөй,
Бир кишиге билинбей
Ордону көздөй жөнөгүн.
Эчтеме көзгө илинбей,
Атты сүрөп айкырып,
«Манастап» Семең чапканда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Караган жандын баары ыйлап,
Кайран катын Каныкей
Асмандан күнү бүркөлүп,
Азап көргөн башына
Алтымыш санаа бир келип:
«Айланайын кудай-ай,
Атын ээси алдыбы?!
Артыкча көөнүм жадырап
Тилекти берип салдыбы!
Көрөргө эми күнүм бар,
Ушундан бөлөк кимим бар?!
Тулпардан калган туягым,
Туу казанат чунагым!
Найзага таккан желегим.
Асылдан калган белегим!
«Алыста калган элиңе
Аныктап тиер керегиң!».

Деп, ошентип, сабылып,
Карасын кайра салынып,
Манастай болгон чунактын
Карaанына жалынып!..

Кылычтай кырда бакырык,
Кырда жүргөн койчулар
Бирин-бири чакырып,
Таягын көккө ыргытып,
Ал да жүрөт бакырып,
«Манастап» ураан салды эле,
Күркүрөгөн күн болуп
Күңгүрөнүп калды эле
Кырдын баары бакырык, –
Кызыгын көрчү дүйнөнүн!
Кырда жаткан жылкычы
Бирин-бири чакырып,
Тай туягы шалпылдап,
«Манастап» ураан чакырып.
Калайык ыйлап, жан ыйлап.
Кайдагы журттун баары ыйлап,
Каадаланган бек ыйлап,
Ыйлагандын баарысы
Өз кайгысын жеп ыйлап.
«Не бир мыкты жигиттен
Эркек бала бир туяк
Бала калса – деп ыйлап,
Не бир мыкты жигиттен
Эркек бала бир туяк,
Чырак калса!» – деп ыйлап.
Касиеттүү эр Манас
Кан экени чын экен,
Касиети бир тоодой,
Бар экени чын экен.
Шер Манаска бул чунак
Бала экени чын экен!».
Жөө байкуштар кантмекчи,
«Шеримдин аты чыксын» деп
Жетпей калды далпылдап.
Жана кызык, жана бар,
Чөлдүн баары бакырык:
Чөлдө жаткан уйчулар
Бирин-бири чакырып,
Букасын минип токмоктоп,
Бу да чыкты чурулдап,
«Манастап» ураан чакырып,

Букачан байкуш кантмекчи,
Букасы жүрбөй далпылдап,
Ара жерге барганда,
«Байкуштун аты чыксын» деп
Ал дагы калды шалпылдап.
Түздүн баары – бакырык,
Түздө жүргөн орокчу
Бирин-бири чакырып,
Орогун көккө ыргытып,
Одурандап жөө чуркап,
Орокчу байкуш салпылдап
«Эжемдин аты чыксын» деп
Жетпей калды дампылдап.
Капталынан бакырып,
Бу да чыкты бечара
«Манастап» ураан чакырып.
«Көзүнүн жашын көл кылып
Чачкан катын аты экен,
Жесир болуп Букарга
Качкан катын аты экен.
Куу-куу, куу-куу, ай, Манас!
Айгырын минип токмоктоп,
Ал да чыкты бир жактан.
«Манастап» ураан чакырып,
Айгыры жүрбөй, шалпылдап,
Ара жерге барганда,
Ойдун-баары–бакырык,
Ойдогунун баарысы
«Манастап» ураан чакырып,
Тоодогунун баарысы
Манастап ураан чакырып,
Ой-тоонун баары – бакырык.
Жердин бети дүңгүрөп,
Кудай-ай, Манас аты экен.
Бакырык күчөй берди эми.
Асман менен учкансып
Тоодой болгон Тайтору
Алыска чыгып келди эми.
Байгесин алып Семетей,
Убадасын бузбастан,
Балбандарга бөлдү эми.
Калайыктын баарысы
Улуу, кичүү, карысы
«Кандай укмуш бала!» – деп,
Тегеректеп телмирип,
Семетейди көрдү эми.

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Сүрөө** | – қўллаб-қувватлаш |
| **Айтпаска чыбык кыркып бер** | – ваъда бериб ёғоч синдириб бер |
| **Туулга** | – темирдан ясалган бош кийим |
| **60 асый** | – 60 оси (65 ёшга тўлган от) |
| **Буудан** | – тулпор |
| **Туяксыздай** | – фарзандсиздек |
| **Мамыдай** | – от бойлаган қозиқдек |
| **Сүмбө** | – милтиқнинг ўқ-дорисини тозалашда қўлланиладиган мослама |
| **Сырбараң, Очогор** | – эски милтиқ аталишлари |
| **Суусар бөрк** | – сувсар терисидан ясалган бош кийим, телпак |
| **Кытай оттук боор таш** | – милтиққа ўт қўядиган тош, гугурт |
| **Сөрөгө** | – маррага |

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Тайторунун ат чабыкта келе жаткан учурун сүрөттөгөн үзүндүнү окуп, өз оюңарды билдиргиле.
2. Тайторуну кимдер сүрөөнгө алыптыр?
3. Каныкейдин Манастын арбагына кайрылуусунун маанисин айтып бер?
4. Атты сүрөөнүн кандай жолдору бар экен?
5. Куру дүрмөт ок менен
 Күпүлдөтүп аткылап
 Алтымыш асый Торуну
 Айдап чыгып келатат - бул ким?
6. Семетей өз жигиттерине кайрылган үзүндүнү үн кубултуп көркөм окугула, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.
7. Эмне үчүн Семетей Каныкейди эже, Манасты жезде деп жатат?
8. Семетейдин эжеси жөнүндөгү айткандарын камтыган түрмөктөрдү окуп чыккыла.
9. Тайтору келе жаткан учурду сүрөттөгөн саптарды көчүрүп алып, жаттагыла.
10. Тайтору марага жакындаганын көргөн Семетейдин эжесине (апасына -Каныкейге) кайрылып айтып турган жерин көркөм окугула.
11. «Айланайын кудай – ай
 Атын ээси алдыбы?! – деп эмне үчүн айтып жатат?
12. Жесирдин атына кимдер күйөрман болушту?
13. Тоодой болгон Тайтору
 Алыска чыгып келди эми
 Байгесин алып Семетей
 Балбандарга бөлдү эми – бул саптар эмнени билдирип турат.
14. « Тайтору» деген темада сочинение жазгыла.

## ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ
## (1908 - 1991)



Темиркул Үмөталиев - өзүнүн 60 жылга жакын чыгармачылык өмүрүн жалаң ырга, поэзияга арнаган акын, Кыргыз Республикасынын Эл акыны, жоокер акын. 1941-жылкы Улуу Ата Мекендик согушта:

«Кызыл жалын биздин жерди каптады,
Койдой жайнап, танк тебелеп таптады.
Бардыгынан батып кетти жаныма,
Биздин жерде, биздин кандын акканы»

-деп, колуна курал алып, өз элин - жерин коргоого аттанып, жеңиш менен кайра өз элине кайтып келген. Анын «Үч баатыр жөнүндө ыр», «Кубат» поэмалары мына ошол мезгилдерди чагылтат.

Темиркул Үмөталиевдин 60ка жакын ыр топтомдору жарык көрүп, «Тегене», «Кыргыз кайрыктары», «Тандалмалар» ж.б. жыйнактары орус, өзбек, казак, түркмөн ж.б. ошол учурдагы Союздун тутумундагы улуттар-дын тилдерине которулган.

## ЭЛДИК УЛАМЫШ, БАЯНДАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ЖАЗЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАР

### КҮЧ БИРДИКТЕ

Илгери эчак өткөн бир заманда,
Чокусу көк тиреген Тянь-Шанда,
Жашаптыр бир акылман тогуз уулдуу,
Тогузу тогуз азап шордуу жанга.

Карашып тогуз уулу тогуз жакты,
Тоосунан ынтымаксыз суулар акты,
Ар күнү үрпөйүшүп үй алдында,
Урушкан тooктордой чукулдашты.

–Мен жайгам кече күнү козуларды,
Аңырдай ачасынар оозунарды.
Түрүңөр итий болгон балага окшош,
Айткыла чыныңарды, соосуңарбы?

–Мен бүгүн отун алып, келдим кырдан,
–Сен өзүң мышыктайсың сүт аңдыган.
–Сен соргок, жеп койдуңбу мага койбой.
Канакей кызыл уйдун каймагынан?

–Сен неге жабышасың ач кенедей?
Ары тур, чоң атадай жемелебей!
–Сен өзүң журтта калган чүпүрөксүң,
Жөн отур, колдоруңду серелебей.

Кыйкырат улам бири үнүн баспай,
Талашат айран - сүттү кырк күн ачтай.
Алышат бирин-бири кекиртектен,
Муштумдар түйүлүшөт катуу таштай.

Угушпай кой дегенди жулкат, болбойт,
Чокушуп жүнүн жулган короздордой,
Тытышат бир-биринин көйнөктөрүн.
Же жака, же жеңинен тамтык койбой.

Кичүүсүн уруп коет чоңураагы,
Алсызын жулуп басат тыңырагы.
Тартылган дүрбөлөңдө керней окшоп,
Угулат кичүүсүнүн чыңырганы.

Канаган мурундардан кыпкызыл кан...
Томпоюп чекелери, бет айрылган,
Компоюп көтөрүлөт көп урганы,
Согушта өч алгандай душманынан.

Талаага бири барса кой артынан,
Анысы үйдөгүдөн болот жаман.
Сабашат жолун тосуп бай балдары.
Ийиндей тарып кетет көргөн заман.

Ышкынга бара калса мөңгү астына,
Же бири төшкө чыкса жоогазынга,
Кийиздей томолотуп бай балдары,
Кордукту көрсөтүшөт анысына.

Ышкынын манап уулу тартып алат,
Башына кара түндөй мүшкүл салат.
Алдырган оозундагы кырмычыгын.
Каргадай ыза болот, куру калат.

Курусун ошондо да билишпеди,
Биригип бир туугандай жүрүшпөдү.
Ал турсун табалашып бирин-бири,
Бир-бирин көргөн жерде күлүшкөнү.

Атасы акыл айтты-угушпады,
Бир да күн чатагы жок турушпады.
Жоо келип согушкандай алыс жерден,
Сөз болду туугандардын урушканы.

Ак басып, сакал - мурутун акылмандын,
Сездирди кайгы менен картайганын.
Жүдөттү эл көзүнчө күчтүү намыс,
Аябай кантет байкуш өз балдарын.

Аралап ыргайларды колот өрдөй,
Бир күнү тоого барды түш көргөндөй.
Жасады чыбык, кыркып элүү сабоо,
Жүн сабап, кийиз жасар күз келгендей.

Кагайтты бириндетип жайып күнгө,
Шашылды кыйналчудай калып түнгө.
Боолоду бирге таңып сабоолорду,
Көтөрүп үйгө келди кеч киргенде.

Чакырды тогуз уулун жумуш бардай,
Тогузу түгөл келди бири калбай,
Атасы атып келип тоодон элик,
Этине келгиле деп чакыргандай.

Жаңжалдуу үй курусун кейпи суук:
Көрүнөт бөкөчөдөй керегe-уук,
Күч алат көнүлсүздүк көргөн сайын.
Түн түшүп, келаткандай кечке жуук.

Акылман төгөрөтө тиктеп баарын,
Сынады жат кишидей өз балдарын.
Ким билет ойлодубу: «акылсыздар
Мушташып карматат» – деп адаттарын.

Отуртту тогузун тең кыдырата
Сүйлөдү балдарына ак чач ата:
–Жүк баскан төөдөн бетер, картайганда
Дүйнөгө келгениме болдум капа.

Акылдуу чыкпадыңар башкалардай,
Акылды айтып келдим арбай-талбай
Айтканды укпадыңар дүлөйлөрчө,
Ойлодум бир кызык иш аргам калбай.

Түшүнсө бул ишимди ар бир балам,
Айыгар эмдегендей жүрөк жарам.
Кетсеңер мурункудай укпай сөздү,
Кубанбай капа бойдон көргө барам.

Таңылган элүү сабоо ушул турган,
Боолугун чечпей туруп ортосунан,
Кагайган бир чыбыкты сындыргандай
Баарын бир ушул бойдон бүт сындырган:

Сый алат өз колумдан азыр менин,
Жарыгын ай жылдыздын бүт беремин.
Жыргалын жер үстүнүн аябаймын,
Алмадай карматамын тилегинин.

Көрүштү кармалашып топ ыргайды,
Топ ыргай тоодон бекем күч турбайбы!

Баарынын күчү жетпей сындырууга,
Айтышты: «Сыйлыкты ойлоо -куру кайгы».

Акылман бир жылмайып мурутунан,
Сабоону алды кайра өзү таңган.
Боолугун чечип туруп бирден берип,
Суранды таштай каткан балдарыңан:

–Канеке, сынар экен эми кандай?
Барыңар сындыргыла куру калбай.
Балдары бычыратты чыбыктарды,
Сабоодо көптөн бери өчү бардай.

Жоо колу кан майданда кырылгандай,
Заматта баары сынды элүү ыргай.
Атасы сөз укпаган балдарына
Бул ишти мисал кылды карап турбай.

–Көрдүңөр: бирдик деген оңой эмес,
Уксаңар бирдик үчүн берем кеңеш.
Боологон ыргай өңдүү бир турсаңар,
Силерге каршы басып эч ким келбес.

Эч бирөө сындыралбай белиңерди,
Эч бир дөө багынталбас элиңерди.
Капыстан чыга келген кагылышта,
Касташкан тепсей албас жериңерди.

Кокустан алтоо ала боло калса:
Белдери сыңар жоодон как ыргайча.
«Бөрү жейт бөлүнгөндү» деген ошол,
Бөлүнбөй, бирге жүрүп, бирге жаша.

Угушту бир туугандар ата сөзүн,
Жаңжалды таштап баары ачты көзүн,
Ойлошту: жаткан тура күч бирдикте,
Бир басып кыдырышты жердин жүзүн.

Бир дагы душман каршы кезиккен жок,
Бардыгы жерге житип кеткен окшоп.

Көрүнбөйт, кайда кеткен бай балдары?
Жоошуптур манап уулу колдору шок.

Ынтымак үйгө кирди, андан кийин,
Акылман тоготкон жок болуш - бийин.
Тогузу тогуз жолборс балдарынын,
Душмандар таппай калды кирерге ийин.

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Дүрбөлөңдө** | – тўполонда |
| **Ышкынча** | – шукурча |
| **Жүн сабап** | – жун савалап |
| **Кагайтты** | – қотирди, қурутди |
| **Кыдырата** | – қатор |
| **Сый** | – мукофот |
| **Капыстан** | – қўққисдан |
| **Житип кеткен** | – кириб кетган, ботиб кетган |
| **Ынтымак** | – иттифоқ |
| **Бөкөчө** | – ривоят (миф) |
| **Дүлөй** | – кар қулоқ |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Атанын көңүлүн кандай кайгы оорутту?
2. Ата кандай амал ойлоду?
3. Иш жүзүнө ашкан амал жөнүндө кеп кургула.
4. Биримдүүлүк силердин классыңарда кандай?
5. Үй-бүлөңөрдө бирдиктүүлүк кандай? Ынтымаксыздыктын натыйжасы эмнеге алып келерин айтып, биримдик, ынтымакчылык кандай болорун эсиңерге сактагыла.
6. Чыгарма эмне үчүн «Күч бирдикте» деп аталды?
7. Акыркы беш куплетин жаттагыла.

## ААЛЫ ТОКОМБАЕВ
## (1904 - 1988)



Аалы Токомбаев –кыргыз жазма адабиятынын негиз салуучусу, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры. Акын, жазуучу, драматург, коомдук ишмер. Анын элге тараган көрүнүктүү чыгармалары «Жетим менен сыйкырчы» поэмасы, «Жараланган жүрөк», «Күүнүн сыры», «Мезгил учат» повесттери, «Өлбөстүн үрөнү», «Күндүн чыгышы» драмалары. Ал эми анын ири эпик акын экенин далилдеген чыгармасы «Таң алдында» («Кандуу жылдар») ыр менен жазылган романы болуп эсептелет.

Аалы Токомбаев - кыргыз адабиятына гана эмес, кыргыз улуттук маданиятына зор салым кошкон инсан.

## КҮҮНҮН СЫРЫ

*(Үзүндү)*

Узак жолдо карыя менен жолдош болдук. Анын сыйда, буурул сакалы тараза боюна атайлап жасап койгондой эле. Анын кебетесине караганда элүү, элүү беш жаштарда деп айтууга мүмкүн болучу. Элүүнүн белинен эчак ашып кеткендиги билинчү эмес. Ал сүйлөгөндө кандайдыр, бөтөнчө жалындуу күчү бар сыяктуу болор эле. Тыңшаган адамдар магнитке жабышкан темирдей болуп сезилер эле.

Жолоочуга эмнелер жолукпайт, **добулдан нөшөргө** дуушар келдик. Анда-санда жарк эткен чагылгандын учушу көздү ачып-жумгандай болот. Жүрүүгө мүмкүн эмес. Бир бирибизге сүйөнүп корголотон болдук.

-Аттиң ай, мындай да коркунучтуу болорбу... **Кыян** жүрүп кетип жүрбөсүн, - деди жолоочунун бири.

- Таң аман болсун. Кыянды таң жараткан жок. Добулдун аягы кыянга жетпейт. Бул арамза добул, - деди бирөө күлүп.

-Бизди алчу добул жок, эми таңдын кучагына киребиз, - деп сөздү чукул кайрыдым да, көрүнбөгөн жолдошторума карагансыдым. Так ошол учурда табигаттын күчтүү оттугу жарк эте түшкөндө, карыянын көзү күтүп тургансып көзүмө тигиле калды. - Карыя, - дедим, - сиздин магниттүү көзүңүз менин көзүмдү бийлеп алса керек... Чагылган "жарк!" эткенде, көзүңүз жалт эте калды. Али да болсо көзүңүз мени арбап жаткандыр? Бирок сиз мага көрүнбөйсүз. Ушундайбы? Эми көрө албасаңыз, сөзүңүз менен арбаңыз, - дедим.

Жолдошторду н бири:

- Узун жолду күчтүү, коркунучтуу, саймалуу сөз жеңет, - деди.

- Силерди сүйлөгүлө дейин десем, чапанды жакасынан киет дейсиңер го?... Болуптур. **Өз нөөмөтүмдү** мен өткөрө берейин. Силер дагы өз кезегиңерди унутпагыла, - деп тамагын жасап алды да. - Эмесе, кулагыңарды салгыла! – деди карыя.

Добул дуулдап өтүп жатты. Карыя аңгемени мындайча баштады:

- Өмүр чаккан оттук сыяктуу жарк этип дүйнөгө көрүнө түшүп, кайта жалп этип өчкөнчө шашат. Мен силерге айта турган аңгемемди кечээ эле уккансыймын. Мен анда жыйырмада болсом керек. Бүгүн сексенге келдим. Укканымды унутканча өмүрүмдүн четине да жакындадым, - деди.

- Ээ, карыя, өмүрүңүздүн ортосуна да келе элексиз. Жүз жашты чөнтөктөгүдөй көрө бериңиз, - дедим көңүлүн көтөрүп.

- Тилегиңе ыракмат. Ажал тилек менен эсептешпейт, - деп койду да, кайра сөзүнө кирди. - Жайдын толук кези. Күн алтын чарадай болуп уясына жакындады. Анын өлчөмсүз нуру асманды өрттөп бараткан сыяктуу кыпкызыл. Күндөн жогорку булуттар өрттүн түтүнү сыяктанып, этектери жалынга чылангансып көрүнөт. Анын үстү күңүрттөнүп тунжураган сыяктуу эле.

...Жайлоонун кызык учуру. Мен жолоочумун. Коюу шибер атчан кишинин үзөңгүсүн чалып, баштарын эркисиз чайкап кала беришет. Өзүм чарчап да болгон элем, жатып калайын десем кардым ач. Эмне болсо да **кыраңдан** ашайын, айыл жок болсо, үмүттү үзүп биротоло жатайын деп, кыраңга чаап чыктым. **Кең чалкактагы** айылдар, куду деңиздин үстүнө орношкондой болуп, жаңы конуштагы шиберге бөлөнүп калыптыр.

Кабарчыдай чапкылабай, кере-кере бастырып дөбөдөгү чогулган элге барып салам бердим. Элдин четиндеги олтурган кызыл куру бар жигит жүгүрүп келип, атымды алып кетти.

-Кел, балам! Кел, - деп элдин ортосунда олтурган олчойгон сары киши оң жагын жаңсады.

Ал кишинин кабагына караганда, качандыр атактуу баатыр киши болгон сыяктуу кабагы бийик. Көздүн чарасы тереңден көрүнгөн кудуктай, көзүнүн кареги араң гана жылтылдайт. Мурду берендин тумшугундай болуп, тиши жок оозуна карай имерилип турат.

Кулагы калкандай болуп көрүнсө да, адаттан тыш кубарыңкы. Анын өлчөмсүз чоң жана толук жүзүнө караганда анча кары деп айтууга болбойт. Бирок калдайган купкуу этсиз кулагы, коңкойгон арык мурду, анын карылыгын алда кайдан далилдейт.

Анын колундагы өрүктөн жасалган комуз карыя менен эбактан бери жолдош болгон сыяктуу, кара күрөң тартып чыныгып бүткөн. Комуздун тепкеси манаттай болуп арчадан жасалгандыгын жана көп жашагандыгын байкатат.

- Балам, жол болсун? - деп карыя сурап койду да, күңгүрөнгөн муңдуу күүнү акырын гана чертип чыкты.

Менин сөзүмдү тыңшадыбы, жокпу аны карыядан байкоого болбойт. Анткени, ал бир калыпта өзүнүн гана алдын карайт, эчтемени тыңшабагандай сезилет. "Бул барып турган кесирдүү киши го, же алжыган го", - деймин. Чынында андай болуп чыккан жок.

- Балам, дурус балам экенсиң. Жолоочу кишини тойгузуп туруп сүйлөшүү керек. Кымыз алып келчи! - деп, комузунун кулагын көтөрүп койду да, баягы муңдуу күүнү дагы созултту.

- Балам, узак жолдон чыккан экенсиң, насыбай тартасыңбы? – деди күүсүн токтото коюп.

- Чекчү элем карыя, - деп тим болдум. Анткени насыбайым жок эле. Кур **чакчамды** берүүгө болбоду. Ал менден чакча күткөн жок. **Нөкөөрлөнгөн кең өтүктүн** кончунан килейген мүйүз чакчаны сууруп алып:

- Чек, балам, чек, -деди. Бирок чакчанын алкактай жез чагарагын шаркылдатып, насыбайды өзүнүн алаканына салды да, насыбайын чекпей туруп, чакчаны менин алдыма таштады. Мен насыбай чеккенче өзү чалкалай түшүп оозуна кагып жиберип, баягы күүнү дагы сыздатты.

Кымыз ичип, үйгө киргенче, жалгыз күүсүн карыя он чакты кайтарып чертти.

Олтургандарга күүнүн кызыгы жокпу, же түшүнбөйбү? Ал тууралуу эч ким эчтеме деген жок. Күүнүн аягына чыкканда гана:

- Ии, балам! Элиңер эсен жатабы? Ии, балам! Бугу атууга даярданып жатасыңарбы? Ии, балам! Эмне өнөрүң бар? - деп коет да, баягы күүнүн башынан түшөт. Карыянын нээти ошол гана күүнүн айланасында турган сыяктуу.

Эл күүнү тыңшайбы, жокпу, аны менен жумушу жок. Өзүнө өзү макул, бул жерде өзүнөн башка эч ким жок сыяктуу сезгенсийт. Мен карыянын окуясына түк түшүнө албадым. Каш карарганда гана:

- Ии, балам! Үйгө кирелик, - деди карыя.

Кой союлуп казанга түшкөнчө, карыя жалгыз күүсүн алда канча чертип жиберди.

- Аксакалдын бул күүсүнүн аты эмне? - дедим жанымдагы кара сакал кишиден сурап.

- Билбеймин, муну эч ким да билбейт, - деди.

- Сиз ушул айылдансызбы? Эмне үчүн билбейсиз -деп, ал кишиден дагы сурадым.

- Ооба, иним, - деди жылмайып, - ушул эле айылданмын. Мен бул кишиден элүү жаш кичүүмүн, сураганга жооп бербейт. Сурап билгидей курбулары да жок. Ошондуктан, эч ким билбейт, - деди.

Бул кишинин сөзү мени ого бетер кызыктырды. Кандай болсо да бул күүнүн сырын чечейин деген ойго түштүм, карыя күтүп турган эмедей:

- Ии, балам! Комуз билесиңби? - деди, комузунун кулагын бурап туруп.

- Чертүүнү тагдыр мага берген эмес, карыя. Ошого абдан өкүнөм. Бирок угууга мени атайын жаратkan, - дедим.

- Ии, балам! Ошондой, турмуш ошондой болот. Болом десе эле болуп калса, анда элдин баары эле олуя болуп албайбы. Анда муң болобу, анда кызыктар да туулбайт, - деди карыя, чертүүгө даярданып.

Мен чыдай алганым жок.

- Карыя, сизден бирдеме сурап алгым келет. Бир элдики экинчи элге таберик эмеспи. Бербей турган болсоңуз уят болбоюн, - дедим.

- Жок, балам! Конок-кут болот. Коноктон аяган, кудайдан аяган менен тең болот. Сураганыңды ал, - деп комузунун билегинен кармай калды да, шыбыш байкаган бүркүттөй какая калды.

- Элге эр кымбат. Эрге эли менен жер кымбат. Анын баарына туюлбаган өнөр кымбат. Мен үчүн сиздин күүңүз туюлбаган өнөр, чечилбеген суроо сыяктуу. Сиз муңкантып чертип жатасыз, тарыхы караңгы. Мүмкүн, эчен жылы ушинтип черткендирсиз? Бирок эч ким билбейт. Сизге кыянат болбосо, күүнүн сырын чечип бериңиз? - дедим.

–Олда, балам-ай, – деди карыя, – эми болбостур. Сураганыңды ал деп, оозумдан да чыгып кетти. Бул сыр жетимиш жети жылдан бери чечилген эмес эле. Бул күүнүн башталганына жетимиш жети жыл болду. Анда мен он алтыга араң чыккан элем. Он мүчөлүмдө айтмакчы элем, ушундай антым бар эле.

...Сүйлөөдөн мурун чагарактуу **чакчаны нөкөр өтүктүн** апкытына шыркылдатып ургулап, шыркылдатып насыбайды алаканына салды да:

– Тос, балам, колуңду – деп, өз колундагы насыбайды мага берди да, унчукпай гана жерге үңүлүп, бир далайга чейин дагы олтурду. Качан мен насыбайды түкүргөндө, карыя сөзүн мындайча баштады.

– Аңгеме так ушул журттан башталат жана ушул журттан бүтөт, балам, – деп карыя сөзүн созду.

Жайлоонун толгон кези так ушул убак эле. Дайым кулундарды агыткан кезде жылкыны булакка чейин өзүм айдап барчу элем. Дайым мингеним өзүмдүн жайдак кер кунаным болор эле. « Жылкыны айда» деп, мага эч ким да айтчу эмес. Балалык адат болсо керек. Мен жылкыны айдаганда, ал булактан ары да өтчү эмесмин. Бир күнү кулундарды агыткан кезде, жөө туман басып турган эле. Мен адатымча жылкыны булакка жеткирдим да, кер кунан менен кайта тарттым. Менин көңүлүмдө түк эчтеме жок. Алдымдан кызыл буурул ат минген алачыктай болгон кызыл жигит жолукту да:

– Айыл кимдики? –деди. Мен жооп бергенче кекилик алган бүркүтчө кунанымдан чеңгелдеп ала койду. Мен эчтемеден коркконум жок. Атамдын баатыр жолдоштору мени далай ошентип эркелеткен эле. Мен ошолордун бириго деп ойлодум. Бирок кармаган колу бүркүт апчыгандай болуп, сөөктөрүмдү сыздатып жиберди.

– Байке, далым ооруп кетти, – дедим. Ал тааныш немече:

– Эчтеме болбойт, – деп чапанынын **өңүрүн** көтөрүп, бөктөрүнчөгүнө отургузду да, кайта кымтыланып койду. Анын кымтыланганы менин өпкө-боорумду кысып жиберди. Жүрөгүм опкоолжуй түшкөндө:

– Атаке! – деп тыбырап бакырдым.

– Унчукпай жүр!– деп чапанынын эки өңүрүн такымына бегирээк бүктөдү да: – Сен ыйласаң өлтүрөм, унчукпа! – деди.

Жаагым жап боло түштү. Өзүмдүн туткун болгондугума ачык түшүндүм да:

–Байке, кайда алып барасың? – дедим, солуктаган бойдон.

–Менден эчтеке сураба. Оозуңду ачып сүйлөсөң, өлөсүң, – деди дагы.

Мен экинчи унчукканым жок. Солуктап гана жүрүп олтурдум.

Ким алып бара жатканын жана кайсы жакка баратканымды көргөнүм да жок. Түн киргенде талаага түнөйт, куржундан тамак алып өзү жейт, мага берет. Бирок ооз ачып сүйлөбөйт.

Бир күнү эл орунга олтурганда, калдайган калың айылга кез келдик. Ошол күнү мени чүмкөгөн эмес эле. Айылдын баш жагында жумурткадай аппак чоң үй турат. Жигит анын төмөн жагындагы кичирээк боз төбөл үйгө келди да, бирөөнү атынан чакырды. Үйдөгү кишинин үнү чыгып, өзү үйдөн чыга электе:

– Мына, баягыңар! Алгыла, – деп мени тапшырып берип, өзү кете берди.

Мен түшкөн үй атактуу байдын коңшусу болуп чыкты. Тизеси оозуна тийген кара кемпир, жыртайган суз көзү менен бир далайга мени карап олтурду да:

– Балам, сен дагы бирөөнүн чырагыдырсың? Чочубай олтур. Сенин да энең бардыр? Энеге баладан кымбат эчтеме болбойт. Эне бала үчүн күйөт, балага кубанат. Бирок салт ушул, мен жашагандан берки салт ушул!– деп башымдан сылап, маңдайымдан өптү да: – Тамак ич, кулунум! Тамак ич, – деди кемпир.

Ошол эле күнү кулдуктун кебетеси башталды. Айылдагылар келип көрө башташты. А дегенде **бөжөк** сындуу корунуп олтурсам да, ар кимиси бир суроо берип жатышып, мени тилге киргизишти.

Эл жата баштады. Мага бөтөнчө шектенүү да болгон жок. Анткени менин качпай тургандыгым аларга белгилүү эле.

–Тетигил төөнүн комун салынып, тетигил кементайды жамынып жат, балам, – деди баягы кемпир. Ал үйдө андан артык төшөнчү да жок эле. Айла канча, жаттым. Уйкуда ар барбы? Кыялдын дарыясына канчалык аксам да, уйку багындырды.

– Ой, бала! Тур, – деген үн менен кошо көзүмдү ачтым. Таң атып калыптыр. Жубардай ак кыз эңкейип мени карап турат. Он-ондон өргөн көмүрдөй кара

чачы эчен имерелип, талталынан толгонуп, менин башыма жакын жерде бүктөлүп жатат.

Уйкум жакшы кангандыктанбы, мен көзүмдү ачканда, кул болуп улагада жаткандыгым эсимден чыгып кеткен саяктуу көңүлдүү ойгондум.

– Кайсы жерден келдиң? Кайсы элсиң? – деди кыз жылмайып.

– Билбеймин.

– Эчедесиң?

– Ондомун.

– Бир тууганың бар беле?

– Жалгызмын.

– Жүр эмесе. Сен өзүмдүн өргөөмдө болосуң,– деди кыз.

Кызды ээрчип келген эки келин бир ооз да унчугушкан жок. Кыздын арка чачтарын кармалашып, өздөрүнчө шыбыраша беришти.

Мен кийинип жатканда коңшунун кемпири:

–Кызым! Жалгыз жаның бар, кор кылбай жумша. Эне сүтү оозунан кете элек бирөөнүн жалгызы экен. Баладан бардыгын күтүүгө болот. Бала **чегилбеген жумуртка** менен бирдей. Жумурткадан карга да чыгат, шумкар да чыгат. Эр болсо элдин ырысы, ини кылып ал, кагылайын, – деди.

– Энеке,– деди кыз жылмайып, –сиздин айтканыңызды аткарам, ини кылып алам. Жүдөп баратса мага айтып туруңуз.

Атың ким?– деп, ылдый карап турган мени ээгимден көтөрдү.

–Зарлык.

–Аа, айланайын... Бирөөнүн зарлап көргөн жалгызы тура. Ата - энең Зарлыгынын зарын тартып калгандыр? Өлбө,балам, өлбө,–деп кемпир маңдайымдан сылап, чекемден өптү да: –Бара гой, кулунум. Эжең менен бара гой, – деди.

Карыя сөзүнүн ушул жерине келгенде, самсаалаган буурул каштарын оң колу менен сылап-сылап койду. Сүйлөп жаткан сөзүн кокусунан унутуп кетти да, адат болуп калган күүсүн күңгүрөтүп жиберди.

–Чал, комузду коюп, сөзүңдү бүтүрбөйсүңбү?– деди карыянын байбичеси.

–Маакул, маакул! Сенин да уккуң келип калган экен ээ, – деп, карыя жылмайган болду да, комузун дайым жазбаган тизесине жөлөй салды.

–Бул балам болбосо, ушул сөзүң көрүңө кошо кетет эле, эми сүйлө, – деди алтымыштарга барган кемпири.

–Ооба, ооба, байбичем! Чын айтасың, – деп койду да, «кантип олтурат» дегенсип, аялына ормоюп карады... – Ошентип баягы кыздын колунда алты жыл жүрдүм. Кыздын атасы бир элдин мыктысы жана байы болгондуктан, анын салтанаты да бөтөнчө экен. Кызынын өзүнчө өргөөсү бар. Анын кол алдында бир үйлүү коңшу малайы бар. Алар оту менен кирип, күлү менен чыгышат. Мен кыздын чайчысы болуп калдым.

Малайдын аялы жаш гана келинчек эле. Ал сөзгө уста, ишке чебер, кыймылы куюндай, шамдагай киши болчу. Мен ага жакын болуп кеттим. Бирок жатагым малайдыкы эмес, өргөөнүн улагасы...

Мени ким, эмне үчүн алып келгендигин, ошол келинден түшүндүм.

– Сен тигил кыздын калыңына келген кулсуң. Сени алып келген кыздын күйөөсү – ашкан баатыр. Ал жигиттин Кызыл буурул деген аты, Ак чагыр деген мылтыгы бар. Кыздын атасы: «Ошол экөөнү бересиң, аларды бербесең, үч кул бересиң», – деген. Жигит ат менен мылтыкты бербестен, үч кул алып келип берди. Ошонун үчүнчүсү сенсиң. Экөөнү мурун алып келген эле, ал экөөнү олжого эки киши алып кеткен. Сенин бактың бар экен, олжого кетсең куруйт элең. Эми сени кыз менен кошо берет, – деди келин.

Кыз кээде эркекче кийинип, жигиттер менен талаага кетер эле. Кайта келишкенде бугу, аркар, карышкыр, кээде жолборс атышып келишчү. Эмнени ким атканын ким билсин, эмне сөз болсо да чоң үйдө болор эле. Ал үйгө барууга табиятым тартчу эмес. ...Көбүнчө сөздү кыздын өзүнөн угар элем. Эрмек үчүнбү, мактануу үчүнбү, же мени аягандыктанбы, уйкусу келбесе, төшөгүнө жатып, түрдүү сөздөрдү сүйлөр эле.

Аны мен «Эрке эже» дечүмүн, анткени элинин бардыгы. «Эрке кыз» деп айтышчу.

–Эртең менен туруп, малга барып, келген жолуңду байка. Төөлөрдүн ичинде жез буйлалуу **боз инген** бар. Ошону кармап минип сууткун, – деди.

– Кайсы инген, абамын тушуна байланууучу эмеспи?

–Ошонун өзү. Ал төөнүн желмаяны. Атам аны уурудан коркуп өзүнүн тушуна байлатат. Дайым анын кепшегенин тыңшап жатат. Сен ал төөнү үч күнү жашырып сууткун.

Үчөөндө тең түн ортосунда туруп атамдын тушунан агытып жибер. Бирок буйласын чубалжытып жибер, – деди.

Эмне үчүн деп сураганым жок. Айтканындай иштей баштадым. Биринчи агыткан күнү, төө үйдөн аз эле алыстаганда кыздын атасы чыга калып, аны кайта алып келип байлады. Экинчи күнү агытканымда төө узап кеткен эле. Кыздын атасы чыгып карады да, кайта кирип жатты. Үчүнчү агытканымда кыздын атасы чыккан жок. Бирок эртесинде:

–Желмаянды кандай байласам да, болбой бошонуп кете турган болду. Жарыктык **Ойсул ата** колдоп жүрсө керек,–деп сүйлөгөнүн уктум да, тим болдум.

–Атам төө тууралуу эмне сүйлөсө, мага айт деген болучу кыз. Мен бул укканымды дароо кызга сүйлөдүм.

–Абдан сонун, атам алданды,–деди кыз. – Эми ал жатар менен төөнү коктуга алып барып, мына бул килемдер менен комдогун. Мына бул жууркандарды үстүнө кошо **комдо**,–деп бардыгын мага көрсөтө баштады.

Мага кечтин кириши айдын өтүшүндөй болду. Менин ичимдеги сырларым элдин баарына көрүнүп тургандай сезилди.

Кыздын атасыныкында конок болгондуктан, алар өтө кеч жатышты жана меймандар эшикке жайланышты. Бул көрүнүштөр биздин качышыбызга жолто сыяктуу болуп көрүндү.

Ай батууга жакындады. Тойгон коноктор тез эле коңурукка кирди. Мен төөнү алып коктуга жөнөдүм. Төөнү тиздей салып, өргөөгө кирсем, кыз бирдемелерди жыйнап жаткан экен:

– Тез, таң атып кетпесин, – деди. Ал эркекче кийинип, белин курчанып жаткан эле. Килем-килче менен төөнү комдоп жиберип кайта келдим. Кыз эки чоң курджунду араң сүйрөп, босогодон өткөрө албай шашып жатат. Мен бирөөнү көтөрө чуркамакчы болуп сермегенде, курджун былк эткен жок. Кыз күлүп жиберди. Эки колдоп тартканда араң гана сүйрөлдү.Эптеп төөгө жеткенде:

–О, кокуй, – деди кыз кыжырлангансып, –жаман токупсуң. Тез чеч! – деди.

Мен чечип жибердим. Кыз төөнү кайта комдоп, эки курджунду текчейтип артты да:

– Сен капа болбосоң, мен алдыга минейин. Сен төөнүн сырын билбейсиң – деди да, менин жообумду күтпөй өзү гана мине баштады. Анткени койлордун кайсы бирлери бышкырып, буту-колун керип жаткан эле. Мен дароо түшүндүм, койдун бышкыра башташы, таңдын атышынын белгиси болот.

Ал минди да: «тез мин» деп аркандын чөлмөгүн көрсөттү. Ал чөлмөк атайлап жасалган үзөңгү эле.

– Жайландыңбы? – деди кыз.

– Жайландым.

Менин жүрөгүм ордунда болгон жок. Айылдан узабай колго түшчүдөй көрүндүк. Бирок «жайландым» дегенден башка бир ооз да унчуканым жок.

– Бек олтур, коркпо, – деди да, төөнү тургузуп, камчылангандай болду. Мен ыргып кете жаздадым. Төөнүн буту жерге тийип баратабы, же учуп баратабы анысы билинбейт. Жер эле айлангансыйт. Жок жерден шамал жаралып, көзүмдөн жашым куюла баштады. Түлкү качырган бүркүттүн дуусундай күркүрөгөн гана добуш угулат. Ал добуш кимдики экенин а дегенде ажырата албадым.

– Жакшы келе жатасыңбы?– деп кыздын үнү чыкканда:

–Ооба,–дедим жана күркүрөгөн дабыш, үргөн шамал биздин илебибиз экенин биле койдум.

Таң аппак атты. Айланада айыл түгүл мал да көрүнгөн жок. Кайсы жерде баратканыбызды да тааныганым жок. Күн бута атым көтөрүлгөн кезде, кыз төөнүн буйласын тарта баштады. Бирок төө токтоно албай, үрккөн эмедей ээлигип, көбүгүн чача баштады. Күн так төбөгө келгенче жай жүрдүк. Андан кийин канаттуудай учуп дагы жөнөдүк. Эл орунда олтурган кезде, өзөн суунун боюна келип, төөнү тиздеп коюп, тамактана баштадык.

– Баатыр жетсе, бизге эртең жетет. Андан башка киши бизди кубалабайт. Качсак кутулабыз. Бирок анттын аягына чыгуу керек. Качып кетүүгө болбойт. Туурабы? – деди кыз.

Мен тилим менен жооп кайтара алганым жок, башымды ийкедим. Кыз жылмайып күлдү да:

–Ал деле адам, андагы өнөр бизде да бар. Сен коркпо, өлсөк экөөбүз бирге өлөбүз, – деди.

...Эртесинде, көлөкө бойдон узунураак болгон кезде, арт жактан созулган куюндун чаңы көрүндү.

–Тетиги чаң, – баатырдын чаңы. Эми коркпо, – деп кыз төөнү токтотту да, текенин мүйүзүнөн жасаган саадагын алып, даярдана баштады. Баатыр көз ачып жумганча жетип келди да, кыйкырып:

– Абийирсиз! Эми туткун болдуңбу? – деди.

Кыз төөсүн туура тартып тура калды да:

– Мен убадама жеттим. Атыңдын башын тарт, өлөсүң! –деп төөнүн мойногун тээп саадагын кезеди.

Бута атымдай жерге келгенде ак чагырды колуна алып, атайы токтоп туруп:

–Өлө элегиңде менин жаныма кел! Келсең да күң кылам! Качсаң да күң кылам! – Ушуну ук! – деди жигит.

–Тил алсаң кайт, сага менин колум барбайт. Сен менин колумдан өлбө. Мен намысымды алдым, – деди кыз экинчи эскертип.

Жигит келүүгө намыс кылды да, катуу буйрук берди:

–Кел жаныма! Кел, жүгүн! Жаныңды калтырам, түбөлүк күң кылам!

Кыз эрегишке туулган эмедей:

– Күң кыла албайсың! – деп төөнү бура тартып, бастырууга киришти.

Жигит ок тийген арстандай бакырып:

–Өлдүң! Өз убалың өзүңө! Өлдүң! – деди. Анын мылтыгынын оозу бизди тиктеп үңүрөйүп калган эле. Ал ок чыгарганча кыз төөнү бура тартып, мурунку калыбына келе калды -да:

– Чатаксыз кайт, менин колум сага барбайт, – деп үчүнчү эскертти.

– Кел дегенде кел! Сен менин түбөлүк күңүмсүң! Багынасыңбы, жокпу? – деп мылтыгын шыкаалатып кыздан жооп күттү.

Жигиттин кайтпасына кыздын көзү жетти. Сөз менен жооп берүүнүн ордуна, саадагын тартып жиберди. **Машаада турган** жигиттин колу ийнине чабыла түштү.

–Кош, тил албадың. Түбөлүк эсиңде болсун, – деп кыз жолго түштү. Төө каадасынча учуп жөнөдү. Жигит оң колунун сынганына көп буйдалган жок. Сол колуна кылычын ала коюп, оозун ачып карышкырдай качырды.

Кызыл буурулдун таманы жерге тийсе тиет, тийбесе жок. Жигит кылычтын сырты менен камчыланып уруп келе жатты. Чабалекей куйруктанган саадактын огун кыз дагы учурду. Учуп келе жаткан буурулдун алдыңкы шыйрагы сыртына чабыла түштү. Күүлөнгөн буурул токтогон жок, бизге жете бергенде гана сүрдүктү.

Ат омуроосу менен жерге тийгенде, жигит жыгылбастан чуркап кетти. Анын оң колу, буту сынып качкан кийиктин шыйрагындай салпактап, оң жагын чапкылап жиберди.

Кыз саадагын кармап тура калды да:

– Мен антымды орундадым. Сага койгон антымды сенин эрдигиң үчүн кечтим, – деп жолго түшкөн экен! – деди бизге сүйлөгөн карыя.

Карыя так ошол жерге келгенде чагылган жарк этип учуп өттү. Карыянын колу менен сыйда сакалын сыйпалап олтурганы көрүнө калды.

– Карыя, сөз казнасынын капкагын эми ачтыңыз окшойт. Добул дагы эстен чыкты. Таңга дагы жакын калды. Эми кыз менен жигитти элине келтире көрүңүз, – дедим.

Жолдоштордун бири:

– Ай, жигит да эр экен! Кыз чексиз укмуш экен! Эмне болор экен? – деди.

Карыя тамагын жасап алды да:

–Эмне болсо да укканымды айтып бүткөнүмдө көрөсүңөр. А кишинин өз оозунан уксаңар өлгөнчө унутпас элеңер, – деди.

– Сиз андан бетер куду өзүңүз аралашкандай сүйлөп жатасыз, – деди ыктагандардын бири.

–О, балам... Ал кишилер өзүнчө албан кишилер да. Менин айтканым ал кишинин айтканынын жарымына да туура келбейт. Ал киши сүйлөгөндө элдин баары оозун ачып, сөздө айтылган кишилерди көз менен көргөнсүп олтурушчу эле,–деп койду да, аңгемесинин аягын улай баштады.

–Жигит сол колу менен аттын башын кучактап, ээн талаада унчукпай олтуруп калды. Кыз саадактын бир огун ала коюп, унчукпай сындырды да, жолго түштү. Кыздын күчтүү касиетине мен ошондо гана түшүндүм.

Созулган жел аз-аздан күчөп, ээн талааны чаң менен бүркөдү. Ким билсин, ал чаң ошол жигиттин күйүтүнүн элесидир?..

Биз үч күн жол жүргөндөн кийин:

–Байкачы, Зарлыкжан! Мына бул тоолор силердин тоого окшойбу? – деди кыз.

–Көзүмө эң эле жылуу учурайт, бирок таамай тааныбай жатамын.

Кыз бир аз жылмайып туруп:

– Эмесе түштүккө кайчы кетиппиз. Те, тигил мунарык тоо силердин элдин тоосу болуу керек, – деп төөнү ошол жакка тартты.

Эртеси түшкө чейин жүрүп белден ашкан кезде:

–Сүйүнчү! Бул биздин жайлоо. Мына бул белдин бөксөсүндө калың токой, андан төмөн камыш бар. Ошол токойдун башында биздин айыл болчу эле. Мен так ошол жерден туткун болдум эле. Мүмкүн азыр да ошол жердедир, – дедим.

Биз белге чыга бергенде, оролгон жашыл тукабага көмкөрүлгөн чыныдай, аппак үйлөр көрүндү. Мен кубанган бойдон:

– Мына, биздики! – деп бакырып жибердим.

– Чынбы?

– Чын!

Менин бүткөн боюм солкулдап кетти. Ал жаркырап мени тиктеди да:

– Шашпа. Эми айылга каш карайганда баралы, – деди, – мен макул болдум. Айылдын бери жагындагы өзүбүздүн суу алгычка токтоп, төөнү чөгөрүп, сууга жууна баштадык. Ойногон балдардын чыкылдаган үндөрү угулуп турду. Энесинен адашкан козулар биринен сала бири маарап, үргүлөгөн кечки тынчтыкты эркине койбой жатты. Менин көңүлүм жашып, өпкөм көөдөнүмө батпай, жүрөгүм опколжуй берди.

–Мына, эми садага! – деп төбөсүндөгү чачын жазып, мага даярдаган кийимдерин кийгизди да, өзүнүн кымбат кийимдерин кие баштады. Сүттөй айдын жарыгында суйкайып көрүнгөн анын сулуу денеси, менин көзүмө бөтөнчө укмуштуу болуп көрүндү...

– Биз жасанганча козулардын үндөрү да жайланды, чыңылдаган балдар да тынчыды...

– Эми, садага, сен барып аманчылыктарын билгин. Ата-энең тирүү болсо, алардын моокун кандыр. Андан кийин мени келип ээрчитип кеткиле. Шымаланып сени менен кошо барганымды салт көтөрбөйт, – деди кыз.

Мен чуркап айылга жакындаганымда, иттер чуулдашып үрүп алдымдан чыкты. Койчулар кыйкырып, иттердин багытын улап келип, мага жолугушту.

– Сен кимсиң?

– Жолоочумун.

– Кайда барасың?

– Чоронукуна. Ал киши аман-эсен барбы?

– Чокем бар, көзү көрбөйт, – деди койчу.

– Кемпири барбы?

– Бар, төшөктөн турбайт. Жалгыз баласынын кайгысынан карып болуп калышты, – деди экинчи койчу.

–Эмесе, курдаштар, мени ошондо ээрчитип баргыла, мен алардын жоголгон жалгызымын.

– Сүйүнчү, Чоке! Сүйүнчү! Зарлыгың келди, – деп, койчулар кыйкырган бойдон, мени үйгө карай сүйрөштү. Үйдөгү кишилер чыга чуркашып, мени тегеректеп кучакташкан бойдон үйгө алып кириշти.

Таягын колуна алып калтаңдап күтүп турган атам менен кучакташып көрүштүм. Этек- жеңиме асылып чуулдаган кишилер боруктуруп жибере жаздашты...

– О, кулунум.. – деген энемдин алсыз кыңылдаган үнү угулду жана купкуу болгон жүзү мага карай араң гана бурулду. Мен «апаке» деп телмирип чуркаганда, анын арык колу мага карай сунулду. Бирок, мен жеткиче колу төшөгүнө түштү... Экинчи анын арык колу, кыймылдаган жок, үнү да чыккан

жок... Жылуусу таркай элек апамын көкүрөгүнө ысык жашымды төктүм... Атам калтыраган бойдон:

– Энең ыраазы. Энең үнүндү укту, балам? – деди...

Дүрбөлөң менен кубаныч мени эсимден тандырды.Иңирде чыккан ай асмандын ортосуна келгенде:

– Кана, балам, кантип келдиң? Кайда жүрдүң? – деди атам. Менин эсиме кыз ошондо түштү.

– Атаке, аны мен жайыраак айтайын. Сизге келин алып келдим. Суу алгычта күтүп калды, – дедим. Элдин бардыгы мени тегеректеп алып, суугa карай чуркашты. Менин башыман суу айлантып чачкан кара кемпир чөйчөгүнө суу куюп алып, кошо жөнөдү.

Суугa келсек, кыз да жок, төө да жок.

– Кана? – деди бирөө өзүнчө.

–Үйгө жакын барып тургандыр, корккон го,– деди экинчиси мени карап.

– Тигине! – деди үчүнчү киши колу менен көрсөтүп, анын көрсөткөнү булдуруктап кыймылдады. Кары кишилер токтой калышты. Биз шашып чуркадык.

Бизден мурунураак кеткен бирөө:

– О, кокуй! Иш болбой калыптыр! – деп, тим боло калды да: – Кокуй! Жолборс алып таштаптыр, – деп бакырды...

Кыздын колу өзүнүн башын кучактаган бойдон кыймылсыз жатканы көрүнө калды. Төө чала жан болуп, узун мойнун жерге ургулап, буттарын тыбыратып жатыптыр. Мен кызды кучактай жыгылдым.

Мына, балам, бул муңканган күү ошондон бери жолдош болуп келе жатат. Бул күү өзүм менен бирге эс алат. Эми өзүм менен бирге жатат. Күүнүн сыры ушул, балам! – деди.

Эртесинде карыя мени ээрчитип келип, кыздын мүрзөсүн көрсөттү да:

- Мына, балам! Кыз ушул жерде жатат. Анын куржундарын ачтырбай туруп, ошол бойдон көмдүргөм. Куржунда эмне бар экенин көрдөн башка эч ким билбейт... Карачы, балам! Муну көр деп эч ким таанybайт. Дүмпүйгөн гана жашыл чым. Жакында түптүз жер болот... Мен жүз үчтөмүн. Мен дагы жакындап баратам, - деп чала билинген жашыл мүрзөгө сүйөнүп олтуруп калды...

Мен ошол кишини эми да көргөнсүп турам. Кандайдыр комузун күңгүрөтүп тирүү жүргөнсүйт...

Карыя бул аңгемесин бүткөнчө добул токтоп, таң атты. Кийимдерди күнгө жайып таштап, карыянын экинчи аңгемесин тыңшадык.

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Добулдуу нөшөр** | – ёмғир аралаш дўл |
| **Кыян** | – жала |
| **Нөөмөт** | – навбат |
| **Кыраң** | – қир, адир |
| **Кең чалкактагы** | – кенг яйловдаги |
| **Чегилбеген жумуртка** | – чақилмаган тухум |
| **Чакча** | – насқовоқ |
| **Нөкөр өтүк** | – нақшли ўтик |
| **Эки өңүр** | – икки пеш |
| **Бөжөк** | – қуёнча |
| **Өргө** | – ўтов, чодир |
| **Боз инген** | – эна туя |
| **Ойсул ата** | – уйсул ота (туянинг пири) |
| **Комдо** | – кўмла (туяни туки) |
| **Машаада турган** | – нишонда турган |
| **Каш карайганда** | – қоронғи кирганда |

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Күүнүн сыры» кимдин сыры экендигин түшүндүңбү?
2. Кереметтүү күү эмнеге байланыштуу жаралыптыр?
3. Күүнү жараткан адам ким экен?
4. «Сүттөй айдын жарыгында суйкайып көрүнгөн анын сулуу денеси менин көзүмө бөтөнчө укмуштуу болуп көрүндү...– деп Зарлык кимди айтып жатат?
5. Жигит менен кыздын тагдыры эмне болду, сен булардын күрөшү жөнүндө эмне деген ойдо калдың? Кыздын баатырдык чечкиндүү аракети жактыбы?
6. Кереметтүү «Күүнүн сыры» деген темада оозеки сүйлөп бер. Ушул эле темада сочинение жаз.

## МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ
## (1906 - 1944)



Мукай Элебаев - көп кырдуу таланттын ээси. Акын, жазуучу, сынчы, котормочу.

Анын 1924-жылы жарык көргөн «Зарыгам» ыры ошол учурдагы кыргыз жаштарынын өзүнчө бир гимнине айланган.

Кыргыз кесиптик адабиятында биринчи жолу «Узак жол» деген автобиографиялык романын жазган.

1941-жылы башталган Улуу Ата Мекендик согушка:

«Кулдай жүмшап,
Күңгө айлантып бүлөсүн.
Нечен жылдар аккан тердин мөмөсүн,
Таратып алам деген кара ниеттин,
Кордугуна кантип тирүү көнөсүң.
Улуу марш, улуу сынга,
Сал баарын эч аянба.
Эр жигит эми келди,
Сыналчу зор майданга»

деп, өз ыктыяры менен майданга аттанып, 1944-жылы баатырларча курман болгон.

Бирок анын учкул талантынан жаралган чыгармалар бүгүн да окурмандардын жүрөгүнүн төрүндө.

## БОРООНДУУ КҮНҮ

*(Аңгеме)*

Кай жылы экени **жадымда** жок, январь айынын бир суук күнү жолдо келе жатып, кеч кирип бара жаткан кезде, бир үтүрөйгөн боз үйгө бурулдум. Бул бир **кашаттан** түшө берипте, сарайчанын жанындагы жалгыз үй болчу. Күнү бою жөө басып, чарчап, анын үстүнө алдымдан утур кардуу бороон болуп кетип, эми мындан ары жүрө турган чама жок эле.

Үйдүн эки-үч эркеги бар экен. Мен барганда, мурунтан айтып отурган аңгемелери бөлүнгөн да жок. Жанындагы кишиге аркасын ыктай, отту карай демитип, этегин жамаачылаган **көк мата** көйнөгү бар, оттун **табына бөрткөн** кызыл балтыр сегиз -тогуз жашар секелек кыз отурат. Ушуга көзү менен мурду аябай окшогон бир орто жашаган аял казан-аяк жак менен алаксып жүрдү.

Азыраак отурганымдан кийин, төрдө сүйлөшүп жаткан сөздөрдөн улам, кирпидей тикирейген коюу кашы бар, жайык жүз, уюган кара сакалды бул үйдүн кишиси болбосо керек деп болжодум.

Мага **назарын салган** ушундан бир кемпир болду. Бери болгондо жетимиштин кырындагы киши. Бул экөөбүздүн ортобуздан тутамдап саман жаккандай жер коюп, катар отурабыз. Отун ным. Бирде жалбырттап жанып кетсе, бирде жалп этип өчүп, үйдүн ичи күңүрттөй түшөт.

Кошунам экөөбүз бирөөдөн жашыруун сүйлөшүп жаткандай, дабышыбыз акырын гана чыгат. Төрдөгүлөрдүн бизде жумушу жок. Бая мен келген ченде гана, секелек кыздын артында отурган киши:

–Алдыңдагы түйүнчөгүң эмне?–деп, менден бир ооз кеп сураган.

–Ал дүнүйө дейсиңби, өзүмө жараша бир көр оокат да ...

Мындан кийин биз жайыбызга калып, алар өз алдынча боло берди. Аңгеменин эмки жагы малай жүргөн бирөөнүн акысы тийбегени жөнүндө болуп жаткан сыяктуу. Сөз баштап отурган кара сакал:

–Өзүнөн өзү жүрүп, капкайда бир кудай урган ишке чырмалып алат...

Мындан илгерирээк кулагым чалганы: «Ошол жылы **кара чечектен** журт чөп чапкандай кырылбадыбы», – деген сөз эле.

Жанымдагы кемпир мага сүйлөп отурат:

–...Бечара кишиге жан багышка орус ичи жакшы болот экен. Мына бу дөңдөгү кыштак ошол. Жолдо көргөндүрсүң. Келгенибизге беш-алты жыл болду. Бу жерде бизден бөлөк кыргыз жок.

Муну таштай берип, баятан болуп жаткан аңгемеге кайра көчтү.

– Жетимчиликти көп тарткан экенсиң. **Тескейге** баратам дедиңби?

–Ооба.

– Ата-энең качан өлгөн?

– Көп жыл болду.

– Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө: «Балам алда кандай болду экен»–деп, санааркап курубайт беле?.. Акыр өлбөсөң, бир күн жетилип кетерсиң... Түн ичинде көз кургур да көрбөйт. Болбосо, тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. **Чокоюң** да суу...

Эшиктин ар кай жеринен зыркыраган борошо так менин тонумдун жыртыгын көздөп тургандай **коолдоп** бир капталым муздап отурду.

Конор-конбосум али ачылган жок. Үй тар, адамы көп. Балким, мына бу казандагы тамак ичилгенден кийин, бирөө: «чырагым, эми жайды көрүп турасың», – дей турганын ким билди. Мага келгенден ыкласын салып отурган кемпирдин колунда бийлик жогун а дегенде эле байкагам. Айтор, не болсо да бул жагынан **капарында жок** кишидей камырабай отура бердим, анткени мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин да!

– Бул да бир күн унут болор, балам. Көргөн-билген баары тең артта калмак... Мал да, дүнүйө да эч кимге **опо болбойт**...

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган этсиз арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, ошол жерге мелтирей кадалып, тынып, ойлоно калып, кадалган ойдун артынан козголуп коюп, кууураган чачынын арасына кол жүгүртүп, **кежиге** чечин кашып алды да, мага шыбырачу немедей, жакындай түшүп, акырын гана:

– Бөрк алдында не болбойт. Дос, душманды айрып жүр.

Колуңдан келип турганда бөйпөңдөп, бак тайган күнү, баса берген киши дос болбойт. Жок-барда бирдей болуш керек, –деди.

Түн бир далай мезгил болгон сыяктуу. Казан чыгарылды.Самандын ачуу түтүнү **чамгарактан** чыкпай уюлгуп, кайра каптап турат.

Табак төрдөгү эркектерге гана тартылды. Мага бир арканын омурткасы тийген. Үйдүн аялы өзүнө алып калган бирдемесин жулкуп жеп, күйпөңдөп, казандын жанында каралап отурат.

– Отту жарыгыраак кылып койгулачы – деп, бирөө чулчуңдап чайнап жатып, эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук кылды.

Бул арада мындан башка унчуккан киши болгон жок. Жалгыз секелек кыз колундагы кар жиликти чагам деп, убараланып жатканда:

–Сый чабасың кой! – деп, ачууланып барып энеси керкини колунан алып койду.

Мен жалгыз омуртканы мүлжүп, таштай берип, карап калганым менен табактын эти да көп эмес эле. Туш-туштан жабылган ооздор табактын үрөйүн учуруп **бир демге калтырбай** отоп жиберишти.

Кол жууп, бир кыйла кобурагансып отургандан кийин, журт орундарынан туруп, жатууга кам ура баштады. Сыртка чыгып бараткан бирөө, шимшилеп кирип келген кара канчыкты: «Кет!» деп, жаза-буза бир сала, жолунда кыйрайып турган сынык **эргилчекти** түзөп коюп, кыңшылаган ит менен удаа чыгып кетти.

Кемпир болбогондо, мен унутулуп кала жаздаган элем...

– Э, ботом, Жийдекан, бу бала эмне болот? – деди бир кезде ал.

– Апей, катыгүн... мен...

Бул убакта кара сакал, дагы бир жигит жатып алган.

– Жеңеке, бүгүнчө мени батыргыла. Мындан бөлөк корголор жерим жок болгондуктан, келип олтурам. **Наяты** бир түнөп кетет экенмин – деп, мен да кемпирге кошумчалап койдум.

– Эми кандай кылам? Төшөктүн баары салынып...

– Баягы тердик кана?

Мунун жообу бар экен:

– Аны башка жаздап койбодум беле. Жатарга **чоло жер** да калбаптыр...

– Иши кылып бирдеме бер.

– Болсо, мен аяп отурамбы? Жүк тирелип тургандай сүйлөйсүңөр да! – деп, бу жерге келгенде кемпирди **бир каарып өттү**.

«Төшөнчү», жаздыктын сыягын өзүм да көрүп турам! Ошентип туруп, Жийдекан бир кезде жаалап жибергенде **далдалчылардын** сүрөөнү менен арзан сатылып бараткан малына кейиген кишиче, кынжылып барып эңкейип канжыгадай самсаалаган тердикти сууруп алганда, төшөгүнүн башы жапырайып калды.

–Ушундай эле болот мага – деп, ирегеде жаткан бир кап тезектин жанына **тердикти** жая салдым. Жаздыгым ошол боло турган. Бут сунар жер жок. Жанымда –коломто.

Жатканымдан кийин **талпакты** сүйрөп келип, үстүмө таштап койду да, кемпир:

– Эртең бороон бастаганда кет. Жолдо куруп каларсың, – деди күңкүлдөп.

От өчтү. Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана тыштан улуган бороондун күчү менен, **илдибары кеткен** жаман үзүк делпилдеп, уукту сабап турду...

Эртеси бул үйдөн бир адам **серпиле электе** туруп алып, жолго түштүм. Мунумду кечээги мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда – колу, буту мышыктыкындай чогулуп, уйпаланган, жүдөгөн башы койнуна кирип, мууздаган малдай кыркырап жаткан эле.

Тышка чыксам, бороон басаңча тартып калган экен. Бирок күн али бүркөө.

Кантсе да кечке жетермин деп ишенип, тээтиги көк тиреген мунарга окшогон, ак кардуу бийик **заңгелди** бет алып, жалгыз талаада кетип бара жаттым.

Бүгүн карасам, ошондон бери баскан сансыз жол бүлбүлдөп алда кайда калган!

Ырас, буга таң кала турган эчтеме да жок, анткени ошол кездерде, эрксиз заманда кечирген өмүрүмдүн бул бир гана күнкүсү го.

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Жадымда** | – ёдимда |
| **Кашат** | – қирғоқ |
| **Көк мата** | – кўк мато |
| **Табына борткон** | – чўғ тобида қизарган |
| **Назарын салган** | – назари тушган, кўнгил қўйган. |
| **Кара чечек** | – қора чечак |
| **Тескей** | – тескари (тоғнинг кунга тескари тарафи) |
| **Чокой** | – теридан тикилган пойафзал |
| **Коолдоп** | – гувиллаб (шамолнинг товуши) |
| **Капарында жок** | – хаёлида йўқ |
| **Опо болбойт** | – вафо бўлмас |
| **Кежиге** | – гежга |
| **Чамгарак** | – туйнук |
| **Бир демге калтырбай** | – дарров |
| **Эргелчек** | – дарча |
| **Наяти-наяти** | – ҳеч бўлмаса |
| **Чоло жер** | – бўш жой |
| **Бир каарып** | – урушиб, сўкиб |
| **Далдалчы** | – даллол, орачи |
| **Тердик** | – терлик (отнинг тўқими) |
| **Талпак** | – пўстак |
| **Илдибары кеткен** | – увадаси чиққан |
| **Бийик заңгелди** | – баланд қояни |

### Тапшырмалар жана суроолор

1. Аңгемени ролдорго бөлүштүрүп окугула. (автор, кемпир, Жийдекан, жолоочу бала, ж.б.)
2. Аңгемеде кайсы мезгилдеги окуялар көрсөтүлгөн?
3. Кемпир жолоочу балага кандай мамиле кылды?
4. Боз үйдүн сырткы жана ички сүрөттөлүшү эмнелерден кабар берет?
5. «Жолоочу бала» деген темада изложение жазгыла.
6. Жаш бала, кары-картаңына карабаган Заманды кандай заман деп ойлойсуңар?
7. Жолоочу баланын тагдырын бүгүнкү балдардын тагдыры менен салыштырууга болобу? Болсо, болбосо да, өз оюңарды айтып көргүлө.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ
## (1928. 12. XII)

## УЧУРДУН КӨРКӨМ ЭЛЕСТЕРИ
### БИРИНЧИ МУГАЛИМ



. . . Бул иш 1924-жылы болгон. Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы.

Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн **жатакчылар** болор эле. Анда мен он төрттөгү жетим кыз аталаш туугандардын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө малдуу-жандуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин, биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинель кийген чочун жигит келди. Элден, жолдон оолак турган тоо боорундагы кичинекей кыргыз айылы үчүн бул өзүнчө бир чоң окуя болду. Адегенде аны-аскер башчылыкта жүрүп, эми айылга чоң болуп келиптир дешти, кийин туруп-жок, кокуй, бул баягы эле темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу Дүйшөн деген экен, өкүмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш, мектеп ачып, бала окутат имиш дешти. «Мектеп», «окуу» деген сөздөрдүн өздөрү эле биз үчүн анда анча да таанышэмес, жаңы сөздөр. Бул айтылгандар чынбы жалганбы, эмне болот, кандай болот деген арада, айыл ортосундагы дөбөчөгө эл жыйналып келсин деген кабар айтылып калды. "Ой, шумдугуң кур, бул дагы кандай жыйналышы эле!"- деп, сүйлөнгөн акем жаман атына минип, бастырып кеткенде, артынан ээрчип, башка балдар менен кошо мен да жүгүрүп бардым. Беш-алтоо аттуусу, калганы жөө турган кичинекей топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген,

бажырайган, кубакай жигит сүйлөп жаткан экен, биз жетип барган учурда, ээрде кыйшая тартып кулак салып турган атчандардын бири, анын сөзүн бөлүп жиберди:

-Эй, балам, - деди ал аптыга сүйлөп, балдырап. – Бу сенин ата тегиңди го билебиз: бизге окшогон кара таман. Анан сен кайдан жүрүп молдо болдуң?

Дүйшөн артына кайрыла салып, жооп берди:

-Мен молдо эмесмин, аксакал, Мен комсомолмун. Азыркы убакытта кат тааныгандарды мугалим дешет. Мен аскерде жүрүп кат таанып келдим. Менин молдолук жайым ошондой.

-А-а, бали де.

-Аның жөн экен, - демиш болушту.

-Эмесе комсомол мени мугалимдикке дайындап, бала окуткун деп жиберди. Мектепти силердин жардамыңар менен тээ төбөдө ээн турган жаман тамды оңдоп ачалы деген такилип бар. Кандай дейсиңер, акылыңарды айткыла?

Эртеси күнү сууга барган жерибизден кетмен, күрөк, балта көтөргөн Дүйшөндүн суудан кечип өтүп, жогору дөбөдө турган жаман тамды көздөй кеткенин көрүп калдык. Ушундан баштап күнүгө эртең менен кара шинелчен Дүйшөндүн караанды өйдө бир өтүп, күн батарда ылдый бир түшүп турду. Кээде чоң таңгак саман же куурай көтөрүп ташып жатты. Аны көргөндөр айылда туруп, бул ким болду экен дегенчелик кылып, үзөңгүгө такандай калып, алакан астынан көз жүгүртүп кеп кылар эле:

-Ой, алдагы жондо отун көтөргөн Дүйшөн – мугалим эмеспи?

-Ооба, так ошол.

- А бечара, мугалим деген кызматың деле жыргаган жумуш эмес экен го ..

-Анан эмей. Карачы, байдын токолунча жүк көтөрүп, отун алганын. Анан ушинтип жатып дегеле чоң сүйлөгөнүнө эмне бересиң!

Колунда мөөр басылган кагазы бар да. Күчтүн баары ошондо...

Ушундан эки күндөн кийин, эртең менен айыл арасында иттер үрүп, кишилердин үндөрү угулуп калды. Көрсө, Дүйшөн айылды үймө-үй кыдырып, балдарды окууга чогултуп жүргөн экен. Анда айыл көчө эмес, ар-ар жерде орношкон бозоргон котур там. Он чакты баланы тобу менен ээрчите жүргөн Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, берки үйгө бир кирип, аралап жүрдү. Биздин үй эң четте болор эле. Алкылдаган жеңем экөөбүз эшикте соку жанчып, акем темир жолдун базарына эгин алып барып сатам деп, короодо орoo ачып жаткан. **Зылдай оор сокбилекти** энтигип өйдө көтөргөндө, улам көзүмдүн кыюусун салып, Дүйшөндөр жакты карап жаттым. Алар биздин үйгө жетпей кайрылып кетеби деген коркунучта болдум. Жеңем мени мектепке кое бербесине көзүм жетип эле турса да, алда эмнеден үмүттөнүп, эч болбосо, мугалим мында келип, менин бул жерде экенимди көрсө экен деп, чыдамсыздык менен күтүп, "келтирегөр, кудай, келтирегөр!" – деп кудайдан тиледим.

Дүйшөн менин мында экенимди биле койгон эмес чыгар, айтор, катары менен кыдырып, бизге да келип жетти.

-О, жеңе, иш илгери! Мына бул балдар болуп баарыбыз конокко келдик! – деп, Дүйшөн жайдары күлүп салам берди.

-Келгиле, -дегендей жеңем анын келишин жактырбай күңк этти. Акем болсо оро казган жеринен башын көтөргөн жок.

-Кана эмесе, бүгүн окуу башталат, кызыңар нече жашта? – деп, Дүйшөн эшикте жаткан мала ташка отуруп, балдарды тизмелеген кагазын даярдады. Жеңем жооп кайтарбай, ачуусу менен сокбилекти күрс эткизе, аны ыкшап-ыкшап алды. Эми эмне болот деп ичимден кыпылдап, жаным жок. Дүйшөн мени карап, баягыдай жүрөгүмдү жылыта, күлүп койду:

- Алтынай, жашың канчада?

Мен коркуп унчуккан жокмун.

- Мунун жаш-пашын эмне кыласың?-деди алкына кайрылган жеңем.

- Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды "нана" деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер да окубай жүрөт. Тетиги ээрчиткен балдарды эле окутуп ал, мында ишиң болбосун.

Дүйшөн ордунан секирип тура келди. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү:

- Бул эмне дегениңиз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?

- Закүн-пакүнүң менен ишим жок.

- Байкап сүйлөңүз. Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүмөтүнө керек! Жооп берип калып жүрбөңүз! . . . .

Дүйшөн окуткан он чакты балдар-кыздардын ичинен чоңураагы эле мен болчумун. Балким ошондуктан сабакты дурусураак билгени да мен элем. Бирок ал гана эмес. Мугалимдин ар бир айткан сөзүн, көрсөткөн арип, жазууларын мен ыйык түрдө көңүлүмө алып, **бүт ыкласым салып** үйрөнө турганмын. Мен үчүн андан чоң, андан артык жумуш болгон эмес. Дүйшөндүн берген дептерин аяп, кай жерде жүрбөйүн, ороктун учу менен жерге чийип, дубал боорлоруна, кар үстүнө арип салып, сөз жазып окугам. Өз көңүлүмдө мен үчүн Дүйшөндөн жакшы, андан билимдүү киши болгон эмес.

Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен, ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды, окуу бүткөндөн кийин, Дүйшөн мени колумдан жетелеп:

-Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай, -деди, өзүнчө сүйүнгөндөй, мени күлө карап. – Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чонойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты-айтпады дээрсиң,

сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көзүндөн айланайыным, талчыбыктай солкулдак кезиң, зээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим эле, кел эми өз колубуз менен тигип коелу. Багың окуудан ачылсын!...

Менин боюм менен тең болгон, жаш наристе кабыктуу көгүлтүр бай терекчелер, жанаша жерден орун алып тикелей калганда, адырдан жете келген жел бутак-бутагындагы жаңыдан гана ачылган кичинекей жалбырактарын жан киргизгендей, желп эткизе биринчи жолу козгоп кетти.

-Мына көрдүңбү кандай экенин! – деди Дүйшөн, артка чегине берип карап. Эми тиги чоң булактан арык чыгарып коебуз. Мына ошондо көрөсүң: о, кандай келишкен зор теректер болор экен! Булар дөбөнүн үстүндө туруп, келген-кеткендердин баарына көрүнөт. Анда заман да башка болот. Аман болсок, жакшылыктын баары алдыда.

Алтынай. . . .

Мен өйдө туралган жокмун, оозумдан үн да чыккан жок. Сүйүнгөнүм канчалык көп болсо, өкүнүп өксүгөнүм андан көп, өлүм алдында тургандагыдай кулагым тунжурап кетти...

Бети-башы таңылган, жарадар сол колун мойнуна асынган Дүйшөн аттан секирип түшүп, эшикти жара тээп, жылаңач калган үйдүн ичине жүгүрүп кирди да, тигинин үстүндөгү жуурканды буту менен шилей түртүп, тигиндей ыргытты.

- Өйдө тур!-деди ал.

Көзүн ушалаган зөөкүр, адегенде чамына берди эле, тапанчаларын сундуруп турган милиционерлерди көрүп, титиреп тура келди. Дүйшөн соо колу менен аны жакасынан булкуй кармап, өзүнө жакындата, көзүнөн көзүн айырбай, каны ичине тартылып, үнү калчылдап чыкты:

- Адам кейпиндеги ит! Бас азыр, барчу жериңе барасың!

Тигил астына түшө бергенде, Дүйшөн аны дагы да булкуй тартып токтотту.

- Сен бул жаш кызды чөптөй тебелеп бүлдүрдүм, күнүн бүтүрдүм деп турасың го ичиңден... Билип койгун, ал заманыңар өткөн, заман азыр биздики, бул кыз өлбөйт, бул кыз кайра тирилип адам болот, а сен, сенин заманың ушуну менен бүттү...

Өтүгүн коңултак кийгизип гана, эки колун артына бура байлап, милиционерлер тигини атына кондуруп, бири жетелеп, бири айдап алып жөнөгөндө, бери жактан капчыгай жаңырта чаңырган кара катындын үнү чыкты. Ал жулунуп келип, эринин түлкү тебетейин учура коюп, бетине күл чапчып ыргытып бакырды:

-Жетер элең жеттиң, кылар элең кылдың, өмүрүмдү мойсогон желмогуз, жутар элең жуттуң, өл эми! - Балким, кырк жыл катары ооз ачпай өйдө карабай жүрүп, жүрөгүнө көл болуп чогулган арман күйүтү, тосмону жырып кеткен

агын сыяктуу, азыр сыртына тээп чыккан учуру болду бекен. Анын бакырган кыйкырыгы аска-асканын башына жанчыла урулуп, атчандардын тыягына бир чыгып, быягына бир чыгып, жеңдеринен суурула берген тарамыштуу арык колдорун булгалап жүгүргөн кара катын, сокудай башын сокондото кайда катарын билбеген эринин үстүнө топурак, кум чачып, кесек ыргытып, адамдын үрөйүн учурган заардуу үн менен каргап жатты: "Баскан жериңе чөп чыкпасын! Ылайым, өлүгүң көмүлбөй талаада калсын, сөөгүң кайра келбесин! Карга-кузгунга жем бол, атың, жер жүзүнөн өчсүн, түрүңдү экинчи көрбөйүн... Ой, өл, өл, арам өл!" – деп келе жатып, бир убакытта жинди болгон немедей, чачтарын дуулдатып, кыйкырган-өкүргөн бойдон бет алды качып жөнөдү. Баятан чогулуп келген көчүп кетелек элдин бир тобу анын артынан кармамак болуп чаап кетишти.

Ушунун баары мага өзүнүн оор таасирин тийгизди. Көзүм тунарыктап, эсимди жыялбай, унчукпай келе жаттым. Дүйшөн мени атына мингизип, өзү жөө басып жетелеп алган. Ал дагы сүйлөбөй, бинт менен таңылган башын ылдый салмактанта ойлуу келе жатты. Бир канча убакыттан кийин, артта калган кесепеттүү капчыгай көрүнбөй калып, алдыдагылар узап кеткенде, Дүйшөн токтой калды да, тегереги көк шишик болгон, кыйноо чеккен көздөрү менен мени биринчи жолу тик карады.

- Алтынай, мени кечирип кой, сени бул каргашалуу кырсыктан сактай албадым, кечиргин мени, - деди. Анан туруп менин колумду кармалап, катуу үшкүрүндү. - Сен кечиргениң менен да, мен өзүмдү өзүм бул үчүн өмүрүм өткүчө кечирбейм. . .

Шолоктоп ыйлап ат жалына жыгылдым. Мен ыйлап бүткөнчө, Дүйшөн мени башымдан, мойнумдан сылап унчукпай турду.

- Кой эми, Алтынай, жол тарталы, - деди бир убакытта Дүйшөн. –Турмуш ушуну менен эле токтоп туруп албайт да. Же сен таптакыр эле жакшылыктан түңүлдүңбү? Кой, айланайын, жоодураган көзүңдөн кагылайыным, кой, антпе, антпегин! Бери карачы, Алтынай, мурдагы күнү, мен волуста болгонумда, сенин окууң жөнүндө сүйлөшүп келдим. Шаарга жиберип окутабыз, - дешти, уктуңбу... Жүр эми, бастыра гой...

Ушундан эки күндөн кийин Дүйшөн мени жолго узатып, станцияга алып келди.

Айылга калууну мен өзүм да туура таппадым. Бул окуядан кийин ал жерде жашоо мен үчүн мүмкүн эмес эле. Эл дагы менин мунумду туура деди окшойт. Муунчак-түйүнчөгүн көтөрө жүгүрүп ыйлашкан Сайкал энем менен Картаңбай атам гана түгүл, күйдүргү сүйлөгөн Сатымкул кераяк да, айылдын четине узата чыгарышты:

- Барагой эми, балам, ак жолуң ачылсын! - деди ал. - Коркпо, бу Дүйшөн мугалимдин айтканы менен болсоң, асти кор болбойсуң, ага биздин да көзүбүз жетип калды...

Мени менен Дүйшөндүн мектебинде бирге окуган балдар көпкө чейин арабанын артынан чуркашып коштошушту.

Волуста, дагы бир он чакты жетим балдар менен кошо, мени Ташкентке балдар үйүнө жиберүүгө чечишти.

Станцияга биз кечке жакын келдик.

Вагондун тепкичтерине чыгып, тигиндей барып кайрылсам, сындыра чабылган колу мойнуна асылган Дүйшөн, берки соо колун сунуп жүткүнө берди эле, поезд ордунан козголуп, жылып жөнөдү.

- Кош, Алтынай! Кош, чырагым! – деп кыйкырды ал.

- Кош, агай, кагылайын, айланайын агай! – дедим мен.

Вагонду жандап жүгүрүп келе жаткан Дүйшөн, бир убакытта артта кала берип, станциянын капчыгайы солк эте түшкөндөй:

- Алтынай! - деп, баягыдай, бирок андай да эмес, оюнда турган алда эмнени айтпай калып, өкүнгөндөй кыйкырды. Жүрөктүн түпкүрүнөн атырылып чыккан бул кыйкырык ушул күнгө чейин кулагыма угулуп тургансыйт.

Капчыгайды аралап, тешкен тоодон чыгып, улам күч алып ылдамдаган поезд казактын даркан талаасы менен эркинделе күпүлдөп, мени жаңы турмушка, жаңы күрөш, жаңы эмгекке алып кетип бара жатты.

Кош, биринчи мугалимим, кош, биринчи мектебим, кош, балалык чагым, кош, жер кыртышынын астында көзү ачылбай калган тунук булак өңдүү, эч ким билбеген менин биринчи, менин наристе сүйүүм! . . . .

Дүйшөн айткан чоң шаарда, чоң мектептерде окуп, рабфакты бүтүргөндөн кийин, мени Москвага-марксизм-ленинизм институтуна жиберишти. Мына ушул узак жылдарга созулган мезгилдин ичинде, нечен жолу окуунун кыйынчылыгынан мөгдүрөп жыгылардай болгонумда, Дүйшөндүн айткандары ар качан мага күч-кубат берип, мени кайраттандырып, шыктандырып алга сүрөдү. Анткени, элдин бир окуганын мен эки эсе, үч эсе, беш эсе көп окуп, он эсе көп кайталап, адамдын бала чакта окуй тургандарын мен кайра баштан үйрөнүүгө мажбур болдум.

Биринчи диссертациямды Москвадан коргодум. Мен үчүн бул чоң эмгек, чоң жеңиш болду. Бул мезгилдин ичинде айылга кайрылып барууга чолом келбеди. Ангыча согуш чыгып кетти. Кеч күздө Москвадан эвакуацияланып Фрунзеге кетип бара жатканымда, Дүйшөн узаткан станциядан түшүп калып, биз тараптагы совхоздун арабасына отуруп, айылга бардым.

Айылга жакындай бергенде, колхоздун жаңы салынган бак-дарактуу көчөлөрүнө карап, биздин мектеп турчу дөбөгө көз жүгүрткөнүмдө, демим оозума тыгылып токтоду-шынаарлаган эки терек, жанаша кыналышып, дөбөдө чайпалып турушкан экен. Дайым ичимден "агай"-деп жүрчү кишини, биринчи жолу өз аты менен: " Дүйшөн!" –деп шыбырадым. "Рахмат, сага Дүйшөн, сенин бардык кылган жакшылыгыңа, мени унутпай жүргөнүңө рахмат! Жаным курман сага, мугалимим!".

Менин бетимден аккан жашты көрүп, арабакеч бала чочуп кетти:

- Сизге эмне болду, эжеке?

- Анчейин, иним, тек өзүмчө. Сен бул колхоздун элин таанийсыңбы?

- Таанычу элем.

- Дүйшөн деген башта мугалим болуп жүрчү кишини билесиңби?

- Дүйшөн? Ал киши аскерге кетти жакында. Ушул арабам менен бир топ элди кошо районго өзүм жеткирип келдим.

- Аял, балдары барбы?

- Ооба, бар. Үйү суунун тиги маңдайында.

Көчөнүн четине келгенде, мен арабадан түшүп калдым.

Кантеримди билбей ойлонуп туруп калдым. Мен баланча элем, мени таанийсыңарбы-деп мындай тополоңдуу күндө үймө-үй кыдырып таанышууну туура таппадым. Дүйшөн болсо аскерге кеткен экен. Анан калса жеңем менен акем турган жерге өмүрү басып келбеймин деп өзүмө ант бердим эле. Адамга көп нерсени кечирүүгө болот, бирок мындай ишти, менимче, ким да болсо кечире койбос. Ушулар менин мында келип кеткенимди билбесин да, укпасын деген ой менен, көчөнү аралап, айылдын сыртына чыктым да, теректер турган дөбөгө бардым.

Кайран теректер! Арадан канча заман өткөнүн ушундан эле билүүгө болбойбу. Саламатсыңарбы, асыл зат теректер! Силерди элдин келечегин тилеп тиккен, багып-өстүргөн кишинин айткандарынын баары келди. Мына эми эл-журтун душмандан коргош үчүн кан майданга аттанып жөнөп кетиптир... Мынча эмне үрөйүңөр учуп муңдана шуулдайсыңар? Кыш келе жатат, саргарган жалбырактарыңарды шамал отоп, жылаңач калганыңарга кейип турасыңарбы? Ооба, бороон-чапкындуу кыш да болот, бирок жаз да келет. Кейибегиле, теректер, муңданбагыла... Биз силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз. Силер толукшуп бүрдөгөн жаздын биринде жеңиш да келер, тынчтык да келер...

Зор теректердин чайпалган чокуларынын күүсүн тыңшап мен көпкө дейре ушул жерде турдум. Булактан келген арыкты жакында гана кимдир бирөө чаап тазалап койгон экен, суу сызыла агып, нымдалган жалбырактарды бетине көлкүтө айдап бара жатыптыр. О, колуңдан айланайын мугалимим...

Жеңиш менен эсен-соо согуштан кайтып кел....

Дөбөнүн үстүнөн айылда турган жаңы мектепти көрдүм да, биздин мектепти карасам орду да жок.

Ушуну менен мен жолго чыгып, дагы бир арабага чыгып станцияга кеттим...

Жолдош окуучулар, аңгеменин аягында мен дагы бир ирет Алтынай Сулаймановнанын катына кайрылгым келет. Анда мындай деген жерлери бар: "Эмне үчүн баягында айылдан тез аранын ичинде кеткендигимдин себеби сизге эми белгилүү болгон чыгар. Мунун баарын ошондо эле отуруп элге айтып түшүндүрүп берсем да болмок эле, бирок өзүмдүн кетирген билбестигиме өтө

капа болуп, өтө наараазыланып, бул бойдон Дүйшөн карыянын астына барып жүз көрүшүп салам бералбастыгымды сезип, жана да бул иш жалаң гана бизге эле тийиштүү эмес, көпчүлүккө керек экенин түшүнүп, эртерээк жолго чыгып, эртерек ойлорумдун баш-аягын жыйнап, өткөн-кеткенди тактап, тийиштүү сөзүмдү кат жүзүндө кабарлоону туура таптым. Анткени ошондо жаңы мектептин кадырлуу төрүндө мен эмес, сиз да эмес, башкалар да эмес-биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле. Мектептин ачылышын ушул киши жарыялап, жана башка урмат сыйын ушул киши көрүш керек эле. Тескерисинче, биз күлпөттө отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграммаларды ала чаап келди. Түшүнсөк, уят эле иш болду. Дүйшөндүн кандай мугалим болгонун азыркы жаштар билбейт, мурункулар болсо, ажалы жетип өлгөнү бар, согушта курман болгондору бар. Ал эми мунун баарын кабарлап айта жүрүү түздөн-түз менин милдетим эле.

Бирок, айылга каттабай жүрүп, мурункунун баардыгы унутулуп, эстен чыгып кетпесе да, алыска катылган буюмдай болуп, көмүскөдө кала берген.

Аман турсак, мен али Дүйшөн мугалимиме барып, кечирим сураныл өтүнөм. Менимче, ал киши экөөбүз бир-бирибизди түшүнө турган жалпы тил табарбыз.

Кеп азыр башкада болуп жатат. Биз кээде унутпас нерселерди унутуп, эскирбес жоо жарагын эскирди деп, аны пайдаланбай жүрөбүз. Ушуну менен өзүбүздүн тарыхты жардылантып, жаштарды тарбиялоо ишинде көп кемчилик кетирип келе жатабыз. Болбосо, мага окшогон менин замандаштарым, Дүйшөн сыяктуу биздин жаңы доорду орнотууда өмүрүн кыйып, жаштыгын берип, жүрөгүн жүрөк кабы менен кошо элге сууруп берген эбегейсиз эмгек, эрдик көрсөткөн, мен мындай элем, деп төшүн какпаган карапайым, асыл жүрөктүү бир канча адамдар жөнүндө биз мурунтан элге жеткирип айтып жүргөн болсок, анда алар унутулуп, көз жаздымында калып, анан калса, тамашага айланып кетпес эле го!

Дүйшөн мугалим болуп жүрүп билимим аз деп өкүнөр эле. Анысы ырас. Бирок кээ бир азыркы жогорку билимдүү, маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен берилсе болор эле. Анткени, мугалим деген талмудист эмес, ал кайсы доордо болбосун, дайым-революциялык тарбиячы, антпесе анын коомго берген пайдасы кем болот.

Кымбаттуу иним, сизге кат жазышымдын дагы бир максаты: айылга барып жаңы ачылган мектептин атын " Дүйшөндүн мектеби"-деп атоону элге сунуш эткени жүрөм. Ооба, так ушул катардагы колхозчу, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн кишинин атынан. Сиз дагы менин ушул сунушумду колдосоңуз экен деп суранам.

Москвада азыр саат түнкү эки болду. Мейманкананын балконуна чыгып, бийиктен от жайнаган шаарга карап, эртерээк айылыма барып, ушул кишиге ийилип салам берип, сакалынан өпсөм экен деп тилейм"...

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Жатакчылар** | – қишлоқда қолган аҳоли |
| **Зылдай оор сокбилекти** | – зилдай оғир тўқмоқни |
| **Ыкласым салып** | – ихлос қўйиб |
| **Волуста** | – вилоят маркази |
| **Рабфак** | – ишчилар факультети |
| **Чолом тийбеди** | – вақтим бўлмади, қўлим тегмади |
| **Манчыркашат** | – кеккайишади |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Айылга келген биринчи мугалим, биринчи мектеп кантип жол баштаганын айтып бергиле?

2. Дүйшөндүн эки терек көчөтүн отургузар алдында Алтынайга айткан сөзүнө жооп тапкыла да, айтып бергиле.

3. Дүйшөн Алтынайды кандай кыйынчылыктарды жеңип окууга жибергенин сүйлөп бергиле.

4. Кош терек - элдик түшүнүк боюнча кандай сырга ээ.

5. Дүйшөн менен Алтынайдын соңку тагдыры жөнүндө эмнени билдиңер?

6.Алтынайдын Дүйшөнгө карата мамилеси сүрөттөлгөн үзүндүлөрдү көчүрүп алгыла.

7. «Кош теректин сыры» деген темада жазуу ишин аткаргыла.

# УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ БАЯНЫ

## М. ЭЛЕБАЕВ

## УЛУУ МАРШ

Эрин кулдап, күндөй жумшап бүлөсүн,
Нечен жылдар аккан тердин мөмөсүн,
Тартып алсам деген кара ниеттин
Кордугуна кантип тирүү көнөсүң?

Улуу марш, улуу сынга
Сал барын, эч аянба!
Эр жигит эми келди
Сыналчу зор майданга!

Кыйын кыстоо-бар- жокко белчеден,
Жедеп бышып, көнгөн элим эзелден.
Теңдеши жок кандай күчтүү болсо да,
Коркпойбуз да, жалтанбайбыз эч кимден.

Ачууланган большевиктик замбирек,
Сүрдүү бетин жоого бурду күркүрөп.
Эки дүйнө чеңгелдешкен майданда,
Чыдай албай жердин жүзү титиреп…

Жаш-кары жок, түп көтөрө жабыла,
Аябаган кыйын жоону бет ала.
Дүйнө жүзү каптагандай калың сел,
Көтөрүлдү чын кармашар майданга.

Эмгек этип ырысы мол жеринде,
Жазыгы жок, жаткан тып-тынч элиме,
Өзү келип, катылышкан жоо менен,
Чын оюнду салышалы, келгиле!

Улуу марш, улуу сынга
Сал барын эч аянба!
Эр жигит эми келди
Сыналчу зор майданга!

## Сөздүк

**Бүлөсүн** – оила аъзосини
**Ырысы мол** – ризқи мўл

## Суроолор жана тапшырмалар

1.Ырдагы чакырыктын мааниси эмнеде?
2. «Улуу марш» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3.Биз кандай максат менен согушка аттандык?
4. Ошол согуш жөнүндө эмне билесиңер, айтып бергиле!
5. Ошол согуштун баатырларынан кимдерди билесиңер, атап, ал жөнүндө кеп кур.
6. Ырды көрктүү окууга даярдангыла.



## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ
(1910 - 1944)

Жоомарт Бөкөнбаев - кыргыздын таланттуу акын-драматургу. Анын ырларынын үккулуктуулугу, жагымдуулугу, көркөмдүгү, жатыктыгы, музыкалуулугу, ойлорунун тереңдиги окурмандарды өзүнө тартып турган.

Жоомарт Бөкөнбаевдин калеминен жаралган «Алтын кыз» драмасы, «Айчүрөк» операсы (либреттосун жазган) Москвада өткөн декадада, союздук көрөрмандардын купулуна толгон. «Ажал менен Ар намыс» поэмасы. Ата журтка болгон сүйүү Ажалдан да күчтүү экендигин даңазалаган.

Улуу акын Токтогулдун ырларын жыйноодо, жарыялоодо, анын кыргыз адабиятындагы өзүнүн татыктуу ордун ээлөөсүндө олуттуу салым кошкон.

1944-жылы чыгармачыл иш сапарында жүрүп, кырсыктан көз жумган.

### КОШ, АЛА-ТОО, УУЛУҢ КЕТТИ МАЙДАНГА!

Дүйнөнүн жүзүн өрт алып
Кара жалын каптады.
Кыяндай жүрөт шаркырап
Кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө
Уяттан -уят эмеспи
Уулуңдун үйдө жатканы.

«Айланам коркок болбо» – деп,
Айтканын эстейм эненин.
Ай чапчып суудай толкуган
Артымда калкым турганда
Айыгышкан жоону жеңемин.

Барыктап багып өстүргөн
Баландын сына өнөрүн.
Жеримдин бетин булгатпай
Желмогуз канын төгөмүн...

Кулжалар оттоп семирген
Кулпунган гүлү төрүмдүн.
Колоттон сууң шаркырап,
Комузу болгон көңүлдүн.
Асмандап эркин ылаачын
Ардагы болгон көркүңдүн.
Көркүңдү жерим сактоого
Куралды колдон таштабай,
Курманы болом элимдин.

Атылып тоодон секирген,
Булагың эстеп жүрөрмүн.
Таң менен шаңшып ышкырган
Уларың эстеп жүрөрмүн.
Аскадан аркар көтөргөн
Кыраанын эстеп жүрөрмүн.
Чымчыктар сайрап отурган,
Чынарың эстеп жүрөрмүн.

Суусунга балдай татыган,
Сууларың кетпес көңүлдөн.
Көйнөгүм чечип, көпөлөк,
Кууганым кетпес көңүлдөн.
Туткалуу кыргыз ак калпак,
Тууганым кетпес көңүлдөн.

Эселек кезден торолтуп,
Эсиңде жүрдүм, мен дедиң.
Энекем сенсиң, Ала-Тоо,
Эмчегиң соруп эмгемин.
Жашымдан көөнүм шат болуп
Жалтанбай жүрүп көнгөнмүн.
Өлүмдөн жаман эмеспи,
Өч албай кайра келгеним.
Байлоосу жакшы келишсе
Байгеден ар ат чыга алат.
Элине бүлүк түшкөндө
Эр жигит шондо сыналат.
Кедери элдин кетпейби,
Көк албай калса кубалап,

Кагылам журтум, ишенгин
Караан туткан балаңар
Кармашкан жоосун жыгалат...
Аман кал, калкым, аман кал,
Айлыңда чардап жүргөмүн.
Аралап, терип чоңойгом
Адырдын жашыл гүлдөрүн.
Сел алса кетпес эсимден
Селкилер менен каткырып,
Селкинчек тепкен күндөрүм.

Байлыгы суудай ташыган
Бактыга баткан жеримсиң.
Секетиң болуп жаш жаным
Сен үчүн каным төгүлсүн.
Балбылдап сары жылдыздай
Майданда уулуң көрүнсүн.
Курманы болсом мейличи
Курдаштар сүрчү өмүрдүн...

Жартыны бөлүп бир жешкен,
«Жан, каныбыз бир» – дешкен,
Жарым менен коштошом
Бактылаш курбу, замандаш,
Баарың менен коштошом.
Дүйнөдөн каргап жоготкун
Душмандын жолун тоспосом.
Тепкедей чактан өстүргөн,
Тентектик кылсам кечирген
Аталар аман калгыла.
Кыянат ишке баспаган,
Кылчайып жоодон качпаган,
Агалар аман калгыла.

Эрлерге сүтүн эмизген,
Энелер аман калгыла.
Эмгектен жүзү албырган
Жеңелер аман калгыла.
Эркеси болгон адамдын,
Ээлери жыргал замандын,
«Мөмөлөр» аман калгыла...

Сактоого кетип баратам,
Садагам, элим, жыргалым.
Салкындап суусун ичкемин,
Сарымсак терген жылганын.
Турумтай куштай талпынып,

Турмуштун көркүн ырдадым.
Угарсың элим шанданып,
Уулуңдун жоону кырганын.
Айдаткан күлүк каламды,
Алмаштым найза курчуна.
Кетемин кандуу сапарга,
Керегим тийип журтума.
Абалдан калган нарк ушул,
Азамат шундай кылчу да.

Кыйындык келсе чыдоого,
Кызматың үчүн жаралган,
Элинин болуу курманы–
Эр жигит карзы абалдан.
«Кайрылып жоодон качат» – деп,
Кам санай көрбө балаңдан,
Көгөрүп жаткан Ысыккөл,
Көркүсүң жердин билгенге.
Жел менен ойноп турчу элең
Жээгинди бойлоп жүргөндө.
Толкунундай болоюн,
Толгонуп жоого тийгенде.
Эрибей мөңгү жаркырап,
Эзелден жаткан жерде өстүм.
Санаасыз көңүл кубанып,
Сайрандап салкын желде өстүм.
Кордукту салып душманга
Колумдан намыс бербесмин.

## Сөздүк

| | | |
|---|---|---|
| **Кара жалын** | – | уруш, жанг офати |
| **Кек** | – | ўч |
| **Чардап** | – | чорлаб, мазза қилиб |
| **Элинин болуу курманы** | – | эл учун қурбон бўлмоқ |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Кулжа, аркар, улар сөздөрүн мурун окуган чыгармалар боюнча эсиңерге түшүргүлө.
2. Жоокердик убада, ант берилген түрмөктөрдү көчүрүп жазгыла.
3. Коштошуу маанисинде айтылган түрмөктөрдү таап, бөлүп окуп бергиле.
4. Атуулдук сезим күчтүү берилген түрмөктөрдү жаттагыла.
5. Ата журтту коргоо зарылбы?
6. Ата журт дегенди кандай түшүнөсүң?
7. Өзүңө жаккан түрмөктөрдү жаттап, көркөм айтууга даярдангыла.

## МАЙРАМКАН АБЫЛКАСЫМОВА
## (1936)



Майрамкан Абылкасымова -кыргыз кыз-келиндеринин ичинен алгачкылардан болуп Кыргыз Республикасынын Эл акыны наамына татыктуу болгон акын. «Сен билесиң, Мекеним» ырлар жыйнагы үчүн Бүткүл Союздук жаштар сыйлыгынын лауреаттыгына татыктуу болгон. Анын «Ишеним дайым жүрөктө», «Быйыл жаздын гүлдөрү көп», «Ата журт» сыяктуу элге таанымал ыр топтомдору жарык көргөн.

Өзүнүн кайталангыс стилине ээ акын Майрамкан Абылкасымованын көп ырларына обончулар, композиторлор музыка жазып, эл ичинде ырдалып келет.

### ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ

Гүл сеңселет таажыларын бийлетип,
**Нектарына** кимдир бирөө кусабы?
Куштар неге бул тарапка
Дешип турат: «Учалы!»

Бактар кыздай бой тирешет,
Сууга тигип көлөкө.
Чолпуларын шылдыратат,
Жел жорголоп жөнөсө.

Арасында ушул бактын
Таштан бүткөн **таш дене,**
Таштан бүткөн эстелик.

Турат дайым кандуу күндүн
Солдатындай томсоруп.

Сеңселгиле бактар э-эй,
Жалгызсырабасын таш дене,
Камыкпасын таш дене.
Бери учкула, куштар эй,
Ээн калбасын таш дене.

Бул эстелик адам болчу
бир кезде.
Бул эстелик
кыргыздарда жүргөн болчу
бир кезде.
Оо, эстелик,
Карап турсам таш этегиң
Учуп тургандай көрүнөт,
Бизден мурда желге жолугуп,
Шинелиңден
Ок-дарынын жыты төгүлөт.
Ордендериң көрүнбөйт төшүңдөн.

Сен таш денеңди
эс алдырып көнбөгөнсүң.
Чарчасаң да уйкуң келбеген.

О, эстелик!
Дагы келдим алдыңа,
Эриктиңби?
Сүйлөшөсүңбү?
Дале жашсың,
жигитсиң.
Бырыш сага жолобогон өңдөнөт.
Майдандагы көрүнүшүң сакталган,
А мен,
чыны,
эркек кийсе
солдат кездеги шинелин,
Даана көрөм чың денесин эркектин.

Атайы келдим,
бүгүн көпкө отурам,

Бүгүн нени айтасың?
Дайым келсем, дайым көрөм,
Бирге жашайт,
сенде укмуш сүрөт бар,
– Согушту көрдүң беле,
Көрдүң беле согушту?
Кадам жерлер осколканын
Миң түрүнө тытылды,
Солдат анда
Ажал менен тиктешти.

Биз гүлдү сүйгөнбүз,
укмуштай сүйгөнбүз!
Бирок согуш эркеликти тушаган
Гүл ордуна картошканы өстүрдүк.
Турмуш мында да бир жолу сынаган...
Эстелик,сага
Болжогондой убакыт
Энең келет этек-жеңи бүгүлбөй.

Адамсыз асман не кайгымды билесиң?
Сен укпайсың өлгөндөрдүн ырларын.
Музыкасы кандан оргуп чыккансыйт,
Адашпас үмүт дайыма жолду каратып,
Жетелейсиң деген ойго берилип,
Жүз санаанын кээ биринен жеңилип,
Жер ааламга шыбырап келет:

«Уулум бар, уулум бар,
Күрмөсү да, калпагы да илинүү.
Уулу жок деп айтпагыла,
Уулум болгон! Уулум болгон!..»

...Э-эй, уккун дүйнө!
Ушул эне жолугат күндө уулуна,
Ак жоолугу ак көңүлүн белгилеп.
Эне чиркин келет күндө уулуна,
Ак көйнөгү ак жүрөгүн белгилеп.

**Эне чиркин** коргоп жүрөт таш уулун,
Таш болсо да, таш болсо да медерлеп.
Эне чиркин кеңешип жүрөт уулуна:
«Бүгүн сага бир иш менен келдим, – деп...

О энеке, бала үчүн ак урган.
О энеке, бала үчүн жан кыйган,
Кезигүүгө таш уулуна жаралган,
Эки көзү таш уулуна кадалган!..
Ичтен экөө улутунуп сүйлөшөт,
Ичтен экөө
　　　түтөп-түтөп үндөшөт,
Ичтен гана алар муңдуу унчугат,
Ичтен кайгы жүлүндү өрттөп жулкунат.
Ичтен гана
　　　уулу экөө сырдашат,
Ичтен гана
　　　уулу экөө муңдашат.

Бирге кагып экөөнүн кан тамыры,
Бирге алды көзүнө ачуу жашты,
Таш денеге жан кирди!
Кантип кетти
　　　эстелик?
　　　　　　Кантип кетти?
Таш адамга жан кирди,
Карасаң, карасаң журт,
　　　　　　эстеликти!

–Биз,
　　　көптөн бери көркөм бакты көрбөдүк,
Биз,
　　　көптөн бери булбул үнүн укпадык.
Келечектин жылдызы үчүн жан берип,
Эне ордуна кара жерди жыттадык.

Келбесимди билгенсиңби,
　　　　　сезгич, апа?
Узатканда кол бердиң кабак түйүп,
Маңдайымдан өптүң, өптүң
　　　　　кана өптүң.
Башка күндө антип такыр өппөгөнсүң.
Карегиңден кайгы, жаш акты ийип,
Апасың да, теңей албайм
　　　　　эч нерсеге
Уулду төрөп
　　　　　өстүрмөк – сенин күчүң.

Эл башына иш түшсө уулу аттанат,
Антпегенде актабайт эне сүтүн.

Кошуналар той күтүнсө,
Сен да тоскун келинди.
Конок чакыр, конокко бар –
Бош койбогун төрүңдү.
Балдар, балдар көп жолугар
жолуңдан.
Бала – бакыт, чыкпас сенин оюңдан.
Жылдыз гүлдү көрсөң арык жээгинен,
Жылдыз гүлдү уулум экен деп жүргүн
Үзүп калсаң өзөн суунун боюнан
Ыраспы, апа?
Биз да ойноп күлгөнбүз
Суу мылтыкты көтөрүп,
Тилегенбиз жаркылдап:
«Эркин, эрке өсөлүк!»
Ошол ырлар токойлордо жаңырат,
Ошол ырлар өмүр күтөт жаңылап.
Ошол ырлар муундардан муунга
Өтүп барат,
кетип барат арылап.
– Ооба, эстелик,
Дале чектеш
жашап жатат душмандар.
– Ал айтканың эң туура,
Айта жүргүн тирүүгө,
Баягычы,
Согуш... согуш...
Кааладык беле биз анда?..
О, мекеним, сумсайдың ичиркенип,
Бомба жатты чамынып сени челип.
Биз талаштык душмандан ырыскыны
Өмүрлөрдү өлүмгө кыйып берип.

Анда курчуп сабыркап муштум түйүп,
Турган элең бүт денең отко күйүп.
«Жоону жогот, уулдарым!» – буйрук бердиң.
Шыктандырып узаттың беттен сүйүп.
Катарымды карай салсам анда мен –
Жер дүңгүрөп аттанды,
Бизден да жаш
балдарың.

Ошондо сен жоолугуңду
Жулуп алып башыңдан,
Ааламдарды таң калтырып
Кызыл желек кармадың.

Өлүм, жашоо
ат салышып турганда,
Милдет турду, көп катары
Мылтыгымды октодум.
Жешилбес деп темирден өтүк кийдим,
Кечейин деп чокторду,
Демейдеги назиктикке үргүлөгөн,
Так түйүлүп жүрөгүм да шоктонду.

Оо, адамдар!
Биз күрөштө курчудук тыным албай,
Ажал менен күрөштүк жалтаңдабай.
Кээ бирибиз жаза тайдык ок жаңылып,
Ач ажалдын жыгылдык колун кармай.

Биз өткөргөн мүнөттөр күнгө татып,
Аткан октор жылдарды жула качып.
Чоң чабуулга киреерде кучакташтык,
Кылым менен жытташып, моюндашып.

Мекеним,
дарагыңдын жалбырагы,
Бөтөн жерге учпаганын көргөнмүн.
Мен да, Мекен,
бөлөк элде.
Жан сактоого көнбөдүм.
Элим,
сени
Мекен,
сени
Энем,
сени,
Коргоп жатып,
Душмандын илээр туусун
жыга атып,
Максатым колдон тайбай
өмүрдү мен

Оо, гүлдөрүм,
мас кылуучу кумарың,
Дилдиреген жумшак күлкү койнунда.
Бала жыттуу сенин назик жыттарың
Атыр болуп,
куюлуптур мойнума.
Чарчаган булут аскаларда олтурат,
Уйкуга мөгдөп кирпиктерин ирмешет.
Түнт көрүнөт түнкү жааган жамгырлар,
Жол үстүндө жыңайлак кыздай бийлешет.
Токойлордон агып кирет жаз жыты,
Көлчүктөгү көлөкөнү чочутуп.
Мен чабуулда жүргөн кыштар эскирди.
Күлгөн күндөр кучагына мас кылып,
Жүрөгүмө келип турат толкутуп.

Ээй, адамдар,
Биз силердей күлө албайбызбы?
Биз силердей күлүүнү каалабайбызбы?
Уккулачы, селкилер,
Атылган ок
Биздин жашар күнүбүзгө тийди.
Биздин учкул сүйүүбүзгө тийди
Бирок... бирок –
Арман эмес бул сөзүм –
Өзүм туулган мекенимде турамын.
Эли-жердин жашоодогу сырларын
Укпаса да угуп турат кулагым.

Оо, жарык дүйнө,
Күтөмүн таң атканды, таң атканды.
Түшүмдө **пехоталар** чабуул коет.
Санаалар кыйнап иет деги жанды,
Өткөндүн элестери болуп конок.

Мекеним, өзгөрдүң сен,
Баягыдай кайгылуу эмес күндөрүң.
Кандай кымбат, жакшысың!
Мезгил жетип ушул экен көрмөгүң:
Биздин элдин Тынчтык,
Бир тууганлык,
Теңдик жана
Бактысын.

Заман эй,
сен да сүйүп турасың ээ,
Айрыкча,
бүгүнкүнү, бүгүнкүнү!
Самолет булут көзөп учуп жатат,
Ичине бомба салбайт, адам салат.
Оо, дүйнө, келе бери сүйүнчүңдү.

Эл келет эстеликке эртели - кеч,
жеңиш күндө.
Гүл коюп кобурашат өткөндү эстеп.
Окушат күрөштөрдүн сан барагын.
Жекшембиде эне келет эртелеп,
түйүп жанга токочун.
Жолго чыгат
уулун көздөй оп тартылыш...
Оо, баатырлар, баатырлар!
Бардык жерди кыдырдым.
Бардык жерден көрдүм, уктум силерди
Краснодар талаасында ташсыңар.
А Кавказдын тоолорунда...
Өлүмдөрдөн өнүп чыккан көгөрүп
Токой болуп, анда жигит, жашсыңар.
Көрдүм, көрдүм деңиздердин ичинен,
Оо моряктар, шапкең даана көрүндү.
Көрдүм, көрдүм жада калса төшүмөн
Бакыт үчүн агып кеткен өмүрдү.

Аттиң дечи!
Мөндүрлөрдөн жапырылган
Чөптөр башын көтөрдү.
Ок жапырган биздин уулдар
Жерден башын көтөрбөй
Ээндетти да, жоктотту да
Өздөрү өтчү көчөнү.
Бирок, силер,
Бардык жерде, бардык жерде барсыңар,
Бардык жерде жигитсиңер, жашсыңар.
Бардык жерде өлүм үчүн өч алып,
Бардык жерде жашап жатат бактыңар!

## Сөздүк

| | |
|---|---|
| **Таажылары** | – гул барги, япроқлари |
| **Нектар** | – гул шираси |
| **Таш дене** | – ҳайкал |
| **Чиркин эне** | – она бечора |
| **Бош койбогун төрүңдү** | – тўрни бўш қўйма |
| **Ырыскы** | – ризқ |
| **Пехота** | – пиёда аскар |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Акындын эстеликке кайрылган сап-түрмөктөрүн үн кубултуп көрктүү окугула.
2. Эненин баласынын эстелиги менен жолугушуусу жөнүндө кандай ойду айтасыңар?
3. Тексттен эненин монологун көчүрүп, жаттагыла.
4. Бала-эстелик энесине кандай кеңеш берет?
5. Чарчаган булут аскаларда олтурат, «Уйкуга мөгдөп кирпиктерин ирмешет» – деген саптагы колдонулган көркөм каражаттарын айтып бергиле.
6. «Оо, баатырлар, бардык жерден көрдүм, уктум силерди»,- деген сап эмнени түшүндүрөт?
7. «Баатырдык» деп эмнени түшүнөсүңөр?
8. Деги эле өмүр кыйып эрдик көрсөтүүнү кандай ойлойсуң?
9. Эстелик ким үчүн курулат?

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ
(1912 - 1997)



Түгөлбай Сыдыкбеков -Кыргыз эл баатыры, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз эл жазуучусу. Кыргыз кесиптик адабиятында биринчи болуп роман жанрына жол салып, «Кең-Суу» (кийин «Тоо арасында») романын жазган.

Негизинен, кара сөздүн алпы. Анын «Темир», «Тоо балдары», «Зайыптар», «Көк асаба», «Жол» сыяктуу романдары бар. Ал эми «Биздин замандын кишилери» романы - Түгөлбай Сыдыкбековдун өзүн гана эмес , кыргыз элин да жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө тааныткан чыгарма.

Кыргыз адабияты менен маданиятына, коомдук турмушуна сиңирген зор эмгеги үчүн эгемен Кыргыз Республикасынын Эл баатыры наамы ыйгарылып,«Ак шумкар» ордени тагылган.

## БАЙЫРКЫ ТУРМУШ ЖАНА АЗЫРКЫ АТА ЖУРТ ЭЛЕСТЕРИ

## КӨК СЕРЕК

«Ау-у, атаңар Көк серек барында, тетигил Ак-Чокунун туурасындагы Көк -Жондо аябай баш тоголотчубуз... Эми антип баш тоголотуу азайып баратыптыр, балдарым ...» – деп Көк канчык кыңылдап, чекир сымак кызгылт көздөрү канталап, өзү абдан эле аянычтуу кейипте жонун үрпөйтүп, куйругун чатына кыпчып калды.

Анын көз алдына мергенчинин элеси көрүнө түштү.

Кың-кың этти, капкара ууртатарын кыпкызыл тили менен жаланып коюп, анан **бөлтүрүктөрүнө** тиш ырсайтты:

«Ы-ых-х...»

Шиберге жумаланып ойноп жаткан бөлтүрүктөр эненин ызасын анча сезбей ойной беришти, бирин-бири шилилеп, томолонуп-жумаланышып.

Көк канчык бөлтүрүктөрүнүн оюнуна алаксый калды.

«Кың... уа-аң, өзүндөй көк жон тайманбас болуп чоңоер бекен ушу балдарың, курган Көк серегим, көрбөй кетти, э. Кантейин, кантейин. Убалың ошо мергенчиге жетсин».

Анан канчык бөлтүрүктөрүнө ачууланды:

«Ы-ы-р-р. Атаңар Көк серек баш тоголотуп берип койгонсуп кечке ойнойсуңар?! Силердей жетимдер эртелеп жетилбесе, кыштын каарында куурап калышат. Күн кечтеп баратыр. Койчулар койлорду эми короого айдап кетелегинде, эң болбосо, бир күрпөңүн басып калалы. Жүргүлө. Жорттук!».

Баятадан балтаңдап ойноп жатышкан бөлтүрүктөрү мукур кулактарын селейте тыңшагансып калышты.

Көк канчык ойсоктоп жойлой жөнөдү:

«Уа-ң-ң менин изим менен чубашкыла, акмактарым. Изимден четтегениң капканга чабыласың. Териң терс сыйрылат. Эшиттиңерби?» – деп койду.

Удаа келаткан чоңураак бөлтүрүгү – Балпагай энесинин куйругун тиштегенсиди. Чынында ал тиштеген деле жок. Ошо эненин изинен адашпай жүрөйүн деп сактанганы болчу. Ал Балпагайды Мантагай туурады. Мантагайды Мулугуй, аны Сербегей туурады. Кынжыгый илмеңдеп бир аз арттараак.

Азыр бөлтүрүктөр өз алдынча жортушка эрте. **Эне- ырыс. Эң алдыңкы Балпагай кандайдыр бир уча албай калган канаттууну баса калып тытмалап ойногон кечээ.** Мантагай, Сербегейлер ага аябай кызыгышты. Анан ичтери күйүштү.

«Биз качан ушу эр жүрөк агабызча өз алдыбызча канаттуу басар экенбиз»,- дешип.

Кынжыгый кыңылдап корккондой болду.

«Байкуш балапан, байкуш балапан...» деп.

Көк канчык кызыл тилин капкара уууртуна жалантты:

«Аззамат... Бу Балпагайым өзүнчө азык тапканга жарайын деп калган тура» – деп.

Анан ал ошол замат бөлтүрүгүнө тап берип:

«Ы-р-р! – этти. – Эй дөдөй, өз **олжоңо** өзүң эле ойнобой чогуу болгула» – деп.

Ошондон кийин бөлтүрүктөр тигил олжону тытмалашты, жулкулашты. Анан оюндары канганда бири канатын чайнап, бири шыйрагын кемирип, бири төшүнөн аткып канаттууну жеп коюшту...

Көк канчык көзүн ирмеди.

«Алды жак бөрү жойлочу чытырмандын чыйыры. Муну мергенчи билет. Капкан салар жерлерин билет. Ал – киши. Киши - акылдуу, амалдуу. Биз бөрүбүз. Төрт аяктуу, узун куйруктуу айбанбыз. Алар бизди акылсыз – азуулуу жырткыч дешет. Бизге каршы мылтык октошот. Капканын коюшат. А биз деле **жытчылбыз**. Амалдуубуз. Амалга – амал. Ошо кишиңдин жерге житирип койгон капканынан бөлтүрүктөрүмдү жазгырып, ажалдан сактармын. Өңүп жаткан мергенчиден буйтап өтөрмүн. Не ээн жыбытты жойлоп шибер менен шибер болуп өзүм жерге житип, жылып келип козусун, коюн тарта качып кетпесем...бу бөлтүрүктөрүмдү чоңойто албасмын...»

Көк канчык тар чыйырда жойлоп келатып ушуларды ойлонду.

Анын көз алдына баягыда килеңдеп алдыда жүрүүчү көк жал дөбөтү – Көк сереги элестеди.

«У -уу-уң... У-уу-уң, ошо көк жалымдай азуулуу тайманбас дөбөт бөрү тукумуңда болду бекен? Уу-уң, ошо көк жалым алдыда килеңдеп келатканда биздин жолубузга ажалдуу теке, экинчиси, ажалдуу кой, кочкору, ажалдуу байталы, кулуну... ууң. Ажалдуу үю, топосу... ыңң, жоо топозунун мүйүзү өткүр. Ал деген мойнун дугдуйтуп, мүйүзүн жерге төшөп бир качырганда, башка мындай калсын, ошо менин эсил көк жалым да кача жөнөчү, кырга чыга... Ыңң, топосу бизге эми оңой менен алдырбас... Ау-уң, ким билсин. Балким изимден адашпай чубаган бөлтүрүктөрүмдүн бири ошо өз атасынан да ашкан азуулуу тайманбас болор. Тиги жылкысынын майынан кем калышпайт дешчү топосту жара тартып жегендер...»

Арт жагынан Кынжыгый бөлтүрүгү кыңылдады:

«Эне, эне! Чарчадым. Кардым ачты», – деп.

Ага Көк канчыктын кыжыры келди:

«Ау-уң, чыда акмак. Сен кимдин тукуму экениңди унуттуңбу. Күндө жортсо, күн тынбас – Көк серектин тукумусуң. Түндө жортсо, түн тынбас – өз энең Көк канчыктын бөлтүрүгүсүң. Чыда! Чыдабасаң, бил: бөрүлөр жармач тукумун өзү жеп алат».

Ушундан кийин Кынжыгыйы дым чыгарбай келе берди, келе берди кынжыйып. Балпагай мантаңдап, Мантагай борсолоңдоп, Сербегей сереңдеп, Мулугуй мулуңдап алардын эч бири деле чарчаган жок.

Көк канчык алга карай тикчийди:

«Ким бар, тыякта? Мергенчи арамдын жыты сезилди... Ошо жакында болбосун – ауң» этти.

Бөлтүрүктөр бир заматта черге житишти – жерге сорулуп жок болгонсуп.

Көк канчык тыяк-быякка мурдун көтөрдү капкара торсогоюн күнгө жалтыратып.

Жо... мергенчи эртең менен эле өтүп кеткен көрүнөт. Жыты «сүрсүгөнсүп» калыптыр. Ың... ың... - хи... хи... ушу арам мергенчини кантип эле алдабайын. Кантсе да тиги кычыкка капканын житиргендир, ал зулум. Адатынча,

амалданып - а-уңң. Мени ошо кычыктан бөлтүрүктөрүн чубатып өтөт деп. Жарайт, жарайт. Ошол капканыңан аман-эсен өтүп кетербиз, а-а-уңң».

Ушундай ойго келип Көк канчык:

«А-а-уң» - этти да ойсоктоп, эмнегедир кубангансып, жон жүндөрүн кулпуртуп жойлой басты.

Житкен - житкен жерлеринен бөлтүрүктөр көрүнө-көрүнө калышты.

Анан энесинин изинен жазбай чубашты.

Эсил Көк серегi кайрадан көз алдына келди.

Бир жолу ушундай чубашып келатышканда, Көк серегi эң алдыда болчу. Оп сугунуп алган куйрук майдын демине эсирип, килеңдеп анча жыт албай келатып, кайкаңда эки арчанын ортосундагы чубамадан капкандын четин басып, балпагай таманы капканга чабылбай, бир тырмагы кыйылып калган. Ошо тырмагынын тамыры сыздаганына чыдай албай: «А-уу... А-уу...» лап көккө карап улуганы... Анан ошого Көк серек ызаланып, азууларын арсайта ыркыраганы азыр эсине түшкөндө Көк канчык эсил Серегинин ошо осол жоругун эстеп, эми өзүнөн өзү күлдү ылжактап... о, анан кыйпычыктап олтура калды.

Те аркы бетти каптай койлор жайылып келатыр.

Көк канчыктын өткүр, сук көздөрү күлүңдөгөнсүдү.

«А-уң... ауң балдарым, балдарым. Ана биздин издегендер. У-аа, баарың жашсың. У-аа, атаңар – Көк серек болгондо бирибиз тыягынан, бирибиз быягынан куушуруп, койчусун жазгырып, экөөбүз эки иригин басып калар элек. Уңң, жалгызмын. Силер тири жанга көрүнбөй житип калгыла. Кокус, мен койго тийгенимде койчу мылтык аткылап качырса, силерди көрбөсүн. Бөрү баласы өзү кой басып жегидей болгуча кишиден жашынганды үйрөнүп алат – У-уң...»

Көк канчык ойт берди.

Бөлтүрүктөр житип-житип жок болушту.

Асман көк мөлдүр. Аркагай зоолордо кузгун куркулдайт. Бирок өздөрү эч көрүнбөйт. Тэ көз жеткис бийикте жору айланат. Бирок, ал өзү деле жерге келип конбочудай ошо айлана - айлана ааламга житчүдей. Бирок ошентишкен менен бөрү, кузгун, жору – **насиптеш** сыяктуу...

Деги турмуш кызык э.

Жандуунун – жан багышы өзүнчө бир улуу айкаш тура.

Чытырмандын арасында таз жорунун чокусуна окшоп агала болуп турган бодур таштардын коңулуна бөлтүрүктөр житип - житип калышты. Жана оюну канбай калган Мантагай ойногусу келет. Бирок, «кишиден жашынганды үйрөнгүлө», – деп энесинин эскерткени эсинде. Ал ойнобой, берки бөгүп жым жатышкан инилерине кылыя карады.

«Уң – бопбоз болушуп таштан айырмасыз», – деди ал. Анан өзү да ошо таштан айырмасыз болуп козголбой калды.

Балпагай тыптынч уктагансыды. Көздөрүн ачып-жумуп уйку соодо

уңшугансыды. Чынында ал эч уктабастан эле, «энем эмине болду экен? Аны мергенчи атып салса, биз кантебиз»,- дегени болучу.

Мантагай ошону ойлогон Балпагайга дабышсыз тиш ырсыйтты:

«Жамандыкты эстебе. Энем семиз койду тамактап келет», – дегендей болду Балпагай. Ошондо тигил баарынан кичине Кынжыгый ыйлагансыды – кың, кың.

«Кардым ачты. Кардым ачты», – деди ал агаларына. Мулугуй мулуя карады Кынжыгыйга. Сербегей башын көтөрө калып: «А-у-ң-тынч», – деди Кынжыгыйга.

Ошол кезде алыстан-алыстан мылтык атылды: «Паң».

Бөлтүрүктөр жым-жым. Арамза көздөрү гана эң тымызын, этиет тыяк-быякты байкагансышат. Өздөрү козголбой, үн чыгарбай бопбоз, супсур, көпкөк... Кызык. Ташка, чөпкө түстөш боло калышканын көргүн ой.

Деги жаратылыштын сыры өзүнчө эң амалкөй тура.

Бир кезде үстү жактагы чоколокко сагызган коно калып, чакылыктай берди.

«У-уң, ушу ала боор бизди сезип тияктагы мергенчиге белги берип жатыр, э», – деп ойлоду Балпагай.

Сагызган чынында эле ошолорду сезип, мергенчини чакырып жаткансыды.

Балпагай эң этиет боортоктоп коңулдун түпкүрүнө житти. Кантсе да анын куйругу көрүнөдө калган го.

Ошондон кийин сагызган чакылыктаганын токтотту. Не ал учуп кеттиби? Не ал мергенчини чакырып, ал ойсоке улам бир ташка, бадалга секирип коно калып, бөлтүрүктөр жашынган коңулга ээрчитип келатырбы? Ким билсин?

Деле убакыт көп өткөндөй болду. Энеден али дайын жок. Аба салкын тартты. Жанатадан күн күлүңдөгөн тигил бурчукту азыр көлөкө каптады.

Кынжыгый акырын-акырын кыңылдады.

Мантагай ага тиш ырсайтты:

«Жаагыңды бас... Өлөсүң. – Ауң».

«Кардым ачты. Чыдай албай баратамын, байке. – Ау-и... иң».

«Чыда. Биз бөрү тукуму экенибизди билбейсиңби, акмак. Бөрү ток жүрбөйт, ар дайым ач жүрөт. Ачкачылыкка чыдагыла дебеди беле энем. Чыда, кыңылдабай...»

Далайга-далайга жымжырт жатышты.

«Ың... коркуп жатамын», – деп койду Кынжыгый.

Мантагай ага тумшугун жыйырды аябай бөрүчө кыжырланып. Кынжыгый жыйрылды бүрүшүп.

Күн кызылы абдан эле өчүп, тоо арасына коюу көлөкө жабылган кезде Көк канчык уңкулдап жетип келди. Ал аябай чарчап алыптыр. Көздөрү кыпкызыл болуп, билектери кан. Тумшугу, алкымы кан, өзү элтең -селтең этип кубангансып да, өкүнгөнсүп да тилин салып... анан бөлтүрүктөрүнө бир-бирден чоң-чоң сугум майды кусуп кусуп таштады.

Өзүнүн ичи кабыша түштү.

Аянычтуу уңшуп койду ал:

«Аа-а... уу-у, аа-уу... У-аңң – силердин ырыскыңар ушул болуп калды, балдарым. Атаңар экөөбүз болгондо жок деген-де бир иригин жетелеп келер элек. Жалгыздык жаман тура. Жаңыдан эле бир семизин чуңкурга басып, куйругунан аткый-аткый тиштеп сугуна баштаганымда тыяктан койчу мылтыгын атты. Кача жөнөдүм», – дегенсиди Көк канчык кейиштүү. Анан уңшуп койду тек:

«Бүгүнкү ырыскыңар ушул эле болуп калды, байкуштарым. Кишилер айткандай «бөрү тоют» болуп койгула. Биздин тукумга дайым чоң тоюш чанда-а... -ув! ув!

Деги өзүңөр ылдамыраак торолбосоңор маа кыйын болуп баратыр. Азыркы кезде бизге жем табыш татаалдап кетти. Башта кишилер бизди союлу менен коркутчу. Союл жетпес жерде биз аман болчубуз. Эми аларыңда мылтык дегени бар. Ал аркы кырдан «паң» этkenде, берки кырдагы бизге огу «чуп» тиет.

Өздөрү ушунча амалдуу, зулум болуп баратканын сезбестен, киши «Азуулуу жырткыч» деп бизди жектейт. Эмине?Бизге ал азууну жаратылыш өзү берди. Ошо азуусу менен жанын баксын, күнүн көрсүн деп берди. Тигил киши аны билип туруп эле, бизди тукум курут кылып салмак болду го. Башта, атына минип кубалашса, эми тигил асманда учкан шыркырагына түшүп алышып, үстү жагыбыздан жерге жапшыра атышчу болду.

«Уаң-ий... оңбогон кишилер эч аяшпайт э. Аяшпайт».

Көк канчык кейип жерге төшөлдү, көздөрүн жумаар-жуммаксан. Анын көз алдына азыр эле бир-бир сугум куйрукмай жеп, чала тоют болушуп жыйрылып жатышкан бөлтүрүктөрүнүн тагдыры элестеди.

«У-уң... жан багабыз деп далай бороондуу түндөргө жортушат го, кургурларым. Жортушат. Ошондо жолдору ачылып, азууларына бир насип илинип турса, ырысы, ар биринин. Анан мергенчинин тайгандары такымдап, койчунун балтектери арсылдап кубалап «кыл алдырбай» турушса, кыңылдап зырылдап далай-далай ач кайтышаар кургурлар, чээндерине».

Ушул оюна алаксып, өзүнүн ач экенин эсинен чыгарды Көк канчык. Ой-санаага алдыра уктап кетти бөрүчө.

.... Бир кезде Көк сереги көзүнө көрүнө калды. Ал көк-жал тартып килеңдейт. Тыяк-быякка жепжеңил каргып, булак-булак секирип абада созулат. Анан бир кездери мүйүзү каркайган бугуну жепжеңил сүйрөп келатыр.

«Малтаңбайлар! Балпаңбайлар! Сереңбайлар! Мулуңбайлар! Атаңар бугу алып келатыр силерди тойсун деп», – кыйкырып жиберсе, түшү экен.

Көк сереги көзүнөн кайым болду. Өзү коңулдап ийрилип жатыптыр. Түшүндө Кынжыгыйын чакырбай калганына канчык өкүндү.

Уу-а-аң. – Ошо байкушту бир туугандары талап жешет э, ынжыйып алсыз болгондо».

Ушундан кийин Көк канчык уктаган жок. Ал бөлтүрүктөрүн тим калтырды. Өзү таң алдында жойлоп чыкты дагы. Деги баштагыдай эмес, жайытта жатып калган аксак-тексек жок. Кайберендер да житип-житип дайынсыз.

Күн чыгаарда куру кайтты, Көк канчык.

Ай, деги жан багыш жылдан жылга татаалдап баратыр, э.

Уйкусу канган бөлтүрүктөрү мантаңдап ачыкка чыгышты, ойногусу келишип.

«Уаң, мейли, ойной беришсин. Азыр мергенчи жүрчү маалы эмес, – деди Көк канчык өзү да балдары менен ойногусу келип кыбыңдап:– Ата-а, атаңарча мен силерге эмдигиче бир жолу баш тоголотуп бербедим. Ургаачылык курусун»,- деп өкүндү бечара канчык.

Анан ал ошо бөрүгө таандык сактык, көрөгөчтүк менен тыяк-быякка көз чаптырып, те кыраңдан бери **чаарчыктарын** ээрчитип чыга келген эликти көрүп калды.

От көздөрү ошол кыраң жакка өттү. Өзү купшуңдап балдарына белги берди.

«Уаң, акмактар. Жортуулга-а. Эми өзүңөрчө насип табышка алыңар жетип калды. Жүргүлө! Жүргүлө! Бөрү баласы карды ачканда ойнобойт. – Уңң... Көрдүңөрбү, көрдүңөрбү. Тиги кыраңда бизге азык жүр. Эми силер кичине эмессиңер.Тездегиле. Иң. Балпагай, сен алдыда зымыра. Сени көрүп тигил Сербегей, Кынжыгыйлар чыйралсын. Чыйралгыла-а».

«Көк канчык далдаада зымырап, апай бетте амалданып жашынып бөлтүрүктөрүн ошо элик оттогон кыраңдын наркы көмүскө жагынан баштап келди. Анан кайсы жагынан кандайча качырып кирерди баамдады. Бирок ал ага убакыт өткөргөн жок. Убакыт өтүү – колго түшкөн азыкты качыруу.

Ал ыкыс берип, ыкыс берип балдарына:

«Ууң, мен энесин кубалап жөнөймүн. Силер адаша калган улактарын басып калгыла»,- деп жатты бөрүсүнчө жышааналап.

Элик жыт алгансыды, кулактарын тикчийте кериле тартып шектене турду тыяк-быякка карап.

Көк канчык шибер менен шибер болуп боортоктоп жылып баратыр. Мантагай, Балпагай энесинен калышкан жок. Мулугуй мулуюп ыраңга жетти. Сербегей, Кынжыгый алынын барынча бөрүлүгүн көрсөтүшкө тырышты.

Тоо койну жымжырт. Чынында ушулар үчүн эле. Башка дүйнө өз ырын ырдап, өз күүлөрүн чертүүдө.

Кынжыгыйдын жүрөгү катуулап сокту.

«Баары олжого тунушуп, мен куру калсам уят. Анда өз бир туугандарым Мантагай, Балпагайлар эле мени бөрүчөсүнөн жектешет». . А-ың. Мен ошондон корком».

Ушуну ойлоп Кынжыгый бир аз арттап калганын өзү да байкабай калды. Ал аңгычакты элик тегерене качты бышкырып, өз чаарчыктарына дабыш берип:

«Бауп! Бауп... жашынгыла, чүрпөлөрүм. Жырткыч келди. Жырткычтан жашынгыла».

Көк канчык ошентип чаарчыктарына белги берип айлана качкан эликти зымырата кубалады.

Элик качып баратып дагы чаарчыктарына үн беришке үлгүрдү:

«Жашынгыла!! Жы-ым...»

Кургакчылыкта бети ачык апайда элик бөрүгө жеткирчү беле. Ал атайы эле бөрүнү өзүнө жакындатты, кызыктырып: «Жетем»,- деп ойлосун. Мени кубалай берсин, кубалай берсин. Чүрпөлөрүм болсо жашынып калышаар, табылбай».

Элик адыраң-эдиреӊ этип адашкансып ойт берип, жалт берип бөрүнү чарчата берди. Көк канчык өз амалын эсинен чыгара салып, ошо бөрүлүк суктугун карматты. Азууларын арсыйта кыжыңдап аркырап-ыркырап бечара эликтен калышпай.

Бирер мезгилде элик чоң кашаттан ары карай созула каргып наркы жакка өттү да, кутулуп кетти.

Күйүккөнчө жүгүрүп эми жетем менен кызыга, суктана, анан аябай алы куруй түшкөн Көк канчык бөлтүрүктөрүн көздөй кайра тартты уңкулдап:

«Ың бөрүнүн тукумдары эч болбосо, баарылап камаса да чаарчыгын басып калышкандыр»,- деп ойлоду. Анан:– А-уң, ай, ал акмактар, адистик ыгын албаган мантагайлар баарылап араң эле бирин кармады бекен кармашса да ...»

Ушуну ойлоп канчык уңкулдап жетип келди апай кыраңга.

Деги эне жүрөгү жаңылса да аз жаңылат дечи.

Мантагай, Балпагайлар бир чаарчыкты шилилеп, шыйрактап өлгүдөй кызыл ала этиптир. Алар бирине бири азуу кагып, чаарчыкты кызгана башташыптыр. Мулугуй мулуңдап, Сербегей тийип-качып серeңдейт. Кынжыгый ошо энеси баамдагандай эле кынжыйып четте кыңылдап ыйлап олтур, уңшуп.

Эне ошого кыжырланды:

«Ыңң... эмине көрдүң, сен кынжыйып?!»

«Уң, караңызчы, эне, Тигилериң, байкуш кичинекей эликтин баласын аяшпай тиштеп жатышпайбы».

Канчык Кынжыгыйдын өзүн шилиден тиштеп ыргытып жибере жастады.

«Ы-ырр... бөрү баласы ушу сендей мазасыз болсо, ал өз жанын бага албайт, шордуу?!»

Кынжыгый корккону нан ыйлап жиберди кыңылдап.

«Шордуу, шордуу, - деди энеси ага.– Сен минтип кынжыя берсең, өзүбүзгө жем болосуң. Бөрү шордуусун тирүү койбойт. Шордуу бүт бөрүнү жаман атты этип коет. Тыңы, чыйрал. Сен да тигил чаарчыкты шилиле, Канына тоюн- Арр».

Бир кезде беркилер чаарчыкты өлтүрүп алышып, жылуу канына тоюнуп жатышты, жыргашып...

«Э-у-уң, мына бөрү болот деген! Силер эми мага жардамчы болосуңар мындан кийин», – деди Көк канчык бөлтүрүктөрүнө ыраазы болуп, өзү да чаарчыктын кемирчек төшүн кемирип жатып...

Айлар жылга айланды. Көк канчыктын ошол бөлтүрүктөрү эми ар бири килеңдеген көкжал бөрү. Алар эми эчтемкеден тайманбастар. Өткөн күздө да тескей жакка чейин жортушту. Тиги Кара-Нардын адырында жайылган төөлөргө тийишти. Буура букулдап, ингендер тайпаңдап, ири-ирилери чогула калышты: «Бук!» «Бук!»

Тайлактарды ортолоруна ийрип:

«Бук- тынч-акмактар. Бөрү деген азуулуу, силерди жарып салат» – дешип.

Бирок килеңдеген бөрүлөр жазыксыз иттерге окшоп анчейин кыңылдашты. Анчейин бултактап жерге оонай калышып, куйруктарын булгалагансып, эркелешкенсип: «биз силер менен ойногубуз келет»,- дешкенсиди.

Кары төөлөр лөкүйдү четтешип, жаштарын сакташып. Бирок жаш деген жаш экен да. **Ак каймал** куйругун жыландай иймейтип, мойнун койкоң эттирип, өзү тигил ылжактаган Балпагай менен ойногусу, моюн созуп жытташкысы келди:..

«Жүнү кулпурган оюнкарак азамат» ошол замат «арс» бөрүлүгүн карматты. Каймалды мурундан тиштеп кишичесинен «чөк!» «чөк» дегенсип төмөн лыкылдатты.

Каймал не «бук» эте албай, не жулунуп качып кете албай, не бөрүгө айбат көрсөтүп, аны тартып салалбай чөгүп берди тынч. Ошондо тыяк-быяктан тиш салган көкжалдар бечара каймалды бир заматта кардын жарып, ич майын булайтып, жаш этине тоюнушту. Анан...

Анан жаланып - жаланып, килеңдеп тоого карай жорголоп жөнөштү.

Бир жолу жайлоодо кара нөшөр куюп турган түнү бир койчу чырым этпей короону айлана «тарс-тарс» аткылап, айкырып - кыйкырып турганына карашпастан короодогу койду удургутушту. Элүүдөйүн бөлүп-жарып төмөнкү чыңга карай кубалап кетишти.

Уа-а, ал жолку кыргын-кыргын болду да. Эртеси бечара койчу коюн издеп келип таш-таштын түбүндө кан болуп араң турган койлорду, кыпкызыл капчыгайды, жулунган тарптарды көрдү.

Дагы бир жолу кар калың түшкөн кышта те бөксөдөгү чоң короого тийишти. Туш-туштан арсылдап-күрсүлдөп үрүп чыгышкан дөбөттөр кайра короого кире качып жатышты. Койчу мылтыгын тарсылдатып, айкырып, бүт-үй-бүлөсү чуу көтөрүп жүрүшүп короодон чыккан койлорду таң атарда эптеп кайра короого кийиришти. Бирок, мында да тигил кар калың түшкөн коктуга чейин кызыл-ала кан, өлүп жаткан койлор, солуп араң турган койлор чачылып калыптыр.

Баарынан коркунучтуусу: койчунун эң короочу, жанына жакын бай дөбөтү жок. Койлордун тарпын жыйып, жарадарларын короого кийрип коюп, эми Байдөбөтүн издеп чыгып ал анын өзүн эмес: те жоноюлда карга сайылып калган куйругун тапты.

Бу эн - жырткыч бөрүнүн анты.

Короочу итке алар кас. Аны ушинтип куйругун карга сайып, өзүн талап жеп кетет деген **уламыш** эми чын болуп чыкты.

...Ушундан кийин Көк канчыктын тукумун жоюш үчүн тыяк-быяктын мергенчилери жыйналышты. Эчен бир көзгө атарлар, уу уулап адис болгон мыкты капканчылар из кубалашты. Түнү бою Көк канчыкты аңдышты.

Бирок, аларга Көк канчык алдырбады. Ал өз көкжалындай азуулуу, кыраан, тайманбас болуп, кадик өскөн тукумун бир үйүр этип баштап алып мергенчилерди жазгырды. Эң этиет, эч билинбестен житирилген капкандарга чаптырбай, бир сыңар изге салып буйтап өтүп жүрдү. Ал тургай...

Кызык дечи.

Бөрүнү киши аңдыса, аны бөрү да аңдыйт тура.

Көк канчык эми ошо мергенчилердин изине түшүп жортуп, аларды алдап коюучу болду. Койчуларга абдан эле жакын келип, алардын эмки сырларын байкады.

Башта койчулар таяк таянып, таштын үстүнө көрүнө туруп алып ырдачу. Кыйкырчу. Күлчү. Эмки койчулар антишпейт. Өздөрү тек көк майсанга жамбаштайт да, анан бирдемесин чуулдатып ырдатат. Ырдатса эле мейли го. Анысы кай кездери: «Тарс-күрс, Чув» аткылайт. Анан асманды жаңырта күү обон толкутат.

Көк канчык койчунун ошо сырын билгичекти аябай чочуп жүрдү. Качан ал сырын билип, ал тек ошондой бир жаңы эрмеги экенине көзү жеткен соң, кайран канчык, кай кездеги койчу ошо жаңы эрмегине батып жыргап жаткасында тыяктан жайылган коюн бөлө качып бир тобун айдап алып кетишчү болду.

Көк канчык кубакай тартты карыгансып. Деги карылыгы кургур киши эмес бөрүнү да мөгдөтөт тура кезинде.

Күндөрдүн биринде адатынча өзү алда жакшы эле жыт алып сак келаткан эсил канчык ойдо жок жерден: эч бир киши келбес тар кычыктан анча байкас албай секирип коемун деп оң колун билегинен капканга чаптырды.

Ошондо ал бөрүчө тиштенди «кың» этпестен. Анан тигилерге:

«А-у-ң, турган жериңерде тым болгула. Мен азыр колумду капкандан бошотоюн...» деди да өз билегин өзү бат эле кемирип, өз сөөгүн өзү «карс-карс» эттире чайнап салып, билегин капкандан бошотуп алды да ... Сөөгүнүн какшаганына чыдай албай мурдун жыйырды. Бир жолу «кың» этти. Билегинен балпайган таманы капканда калды. Анан ал чолок колун чол-тоң эттире сыңар аяктап, өз тобун коркунучтуу жолдон аман алып кетти.

Ар өмүрдүн төрөлүшү да, өнүгүшү да, карышы да, анан аягы да болот дечи.

Бечара Көк канчык кыңылдап койду ээн зоонун түбүндө чочоюп итче олтуруп.

Балпагайы да, Мантагайы да, Сербегей да, Мулугуй да ошо энени сыйлап итче чочоюп олтурушту. Ошо кезде Көк канчык көзүнөн чолок жаш чыгарды: тумшугун асманга созуп уңшуп коюп тукумуна туюндурду:

«А-а-у-у-ңң. Энеңер карыды, кор болду. Карыса да мынча кор болбойт эле, ит капканчынын болот капканы мени сыңараяк этип койду. Эми силер бөрүнүн

тукумун улай бергиле, өздөрүңөрчө. Мен ушул зоонун айланасында эптеп чычкан басып жеп өлгөнүмчө күн көрөйүн, балдар».

Көкжалдары көздөрүнө жаш алышты.

«Ымм, мына ушундан улам: бөрүнүн көзүндө жашы келаткандыктан көзүбүздүн астында кара тамчы тагы бар. Бу биздин бөрүлүк жашыбыз. Силер эми көкжал тарттыңар баарыңар».

Канчык ойлонгонсуп, анан алда немени эстей койгонсуп, чочуп кетти:

«Ау, Кынжыгый кайда? Ау... Ал кургур силерчилеп өз ырысын өзү табалбас шордуу болуп калды, кынжыйып. Ошону менин көзүмчө талап-булап жеп алгылачы»,–деди канчык.

Чочоюп олтурган килең дөбөт бөрүлөр тигил кынжыйган алсыз тукумун талап киришти. Бир паста аны тытып жеп коюшту жаланышып.

Анан Көк канчык ошо өз бир тууганын талап жеп алышкан килең дөбөт бөрүлөргө карап азууларын арсыйта, капкара тумшугун алга созо, мурдун жыйра билгизди:

«Өз-өз күнүңөрдү көргүлө! Кеткиле, тарап. Азыр кишилер бизди эч аябас ташбоор болушту. Сактангыла!»– деди.

Тигилер кылак-кылак этип тыяк-быякка тарап кетишкен соң, Көк канчык далайга-далайга чочоюп олтурду. Өткөн-кеткенди, баскан, жойлогон издерин көз алдына элестетип. Анан ал бир кезде кишилерден укканын эстеди:

–Мен да бир кезде бөрү элем! – деп айткан бир локуйган чоң карыя дал ушул зоонун түбүндө олтуруп. Анда Көк канчык ойсоктогон жаш кези. Тетигил кара таштын астындагы **үңкүрдө** кыбыңдап жашынып жаткан болчу.

Арадан жыл өттү, ай өттү? Аны канчык бечара эми эсине да тутпады. Ошо зоонун коңулдарына катылып жата берип карды ачканда илкип басып чыгып өзүндөй өлөсө болгон бир алсыз жаныбарды мүлжүп жүрдү.

Күндөрдүн биринде абдан эле ачкачылыктан көзү бозоруп калган кезинде эптеп чычкан болсо да басып жей турайын деп Көк канчык үңкүрдөн илкип чыкты. Көзү бозоруп тыяк-быяк ачык көрүнбөйт. Өзү ыргалып жыгылгыдай.

Бир маалда туура жактан карп-курп атчан киши чыга калды. Көрсө ал ушу зоону бөрү тукуму чердечү эле деп атайы эле ууга чыккан мергенчи экен. Ал өңөргөн мылтыгын окчо сундурду.

«Мына эми тарс этет. Мен үлдүрөп жерге кабышам»–деп ойлоду канчык.

Мылтык тарс эткен жок.

Мергенчи мылтыгын кайра ээрдин кашына койду:

–А-ай кургур... сыңар аяк болуп өзү да куруп зыянсыз болуптур. Күнүн көрө берсин, – деп атына камчы басты.

Кишинин бул боорукердигине акылы жете бербей Көк канчык үлдүрөп, көздөрүн тунартып киши кеткен жакты тиктеп туруп... анан уктап бараткансып боорун жерге төшөп козголбой жатып калды...

## Сөздүк

| | | |
|---|---|---|
| **Бөлтүрүк** | – | бўри боласи |
| **Олжо** | – | ўлжа |
| **Жытчыл** | – | исқадош |
| **Насиптеш** | – | насиб |
| **Чаарчыктар** | – | қулунлар |
| **Ак каймал** | – | боласи бор оқ туя |
| **Уламыш** | – | афсона |
| **Үңкүр** | – | ғор |

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Көк серек ким экен? Көк канчык аны эмнеге өтө көп эскерет?
2. Бөлтүрүктөрдүн энесин күтүп жаткан мезгилдеги өз ара кебин ролдорго бөлүп алып окугула.

1-бала - Балпагай
2-бала - Мантагай
3-бала - Сербегей
4-бала - Мулугуй
5-бала - Кынжыгый

3. «Бөрү тоют» болуп койгула деген эмңени билдирет?
4. Көк канчык бөлтүрүктөрүн ойлоп отуруп, кандайча санааларга батты? Эмнеге өкүнүп жатты?
5. Карышкырлардын бейкүнөө ак каймалды чөктүрүп жеп коюшун кандай карайсыңар? Карышкыр да таман жеп, жашоосу керек эмеспи?
6. Ит менен карышкырдын мамилеси жөнүндө кандай уламыш бар?
7. Карышкырдын айла-амалдуу, куулугу кандай окуялардан көрүнөт?
8. Жашоо үчүн Көк канчык кантип күрөштү?
9. Көк канчыктын акыркы оюн билдирген үзүндүнү окугула, жазып алгыла.
10. «Көк канчыктын тагдыры» деген темада сочинение жазгыла.
11. Эне баарында жакшылык ойлорун аңгемеден баамдап туйдуңарбы? Салыштырып айтып бергиле.

## ЖУНАЙ МАВЛЯНОВ

**(1923 - 2003)**



Жунай Мавлянов -Кыргыз Эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген мугалим, жоокер жазуучу.

Ал - өз өмүрүн билим берүүгө арнаган, билим берүүдөн жазуучулукка өткөн инсан.

Анын чыгармалары негизинен мына ушул теманы өз ичине камтыйт.

Жунай Мавляновдун элге таанымал чыгармалары «Нан», «Күтүү», «Бийиктик» жана «Ачык асман» романы болуп саналат.

## НАН

(Ангеме)

Мындан үч-төрт күн илгери Жаныбек жаңы таамил алма багынын бир четинде чычкан кулагындай бариктерин эртели-кеч жүргөн желге жалмалатып турчу жалгыз түп талдын көзүнө карабай, эки түз кадасын кыйган болучу. Кабыгын аарчып таштаганга тез кургаса керек, кечинде жакшылап чыңалган эки кетменди аларга аштап кийгизди да, бүгүн күн али нурлуу жүзүн ааламга көрсөтө элек маалда, биринин артынан экинчисин удаа тамдын төбөсүнө ыргытты.

Жан жыгачы күнгө күйүп, эскиси жеткен шатыга бут койгондо, майланбаган арабанын күпчөгүндөй андан "кыйыч-кыйыч" эткен жагымсыз добуш чыгып турду. Белгилүү **Бозбунун** азыркы жели . . . Эрте менен, кечинде ал тараптан соккон сыдырымга жылаңач көкүрөк тосуп, ооз ачып туруу өзүнчө ыракат!

Тамдын төбөсүнө чыгары менен ушул желге кабылган Жаныбектин бою сергилең тарта, жеңи каруусуна чейин түрүлгөн колдорун капталынан өйдө көтөрө берди эле, учууга камынган **илегилектей** далдая түштү.

Мына, ал отуз төрт жылдан бери өмүр кечирип келаткан жер –Жайылма айылы. Алакандын отунда жайлашкандай анын бүт турпаты азыр мунун көз алдында.

Кетмен сабына жөлөнгөн Жаныбек кыштагына көз чаптырды. Эки тарабына окшош жаңы үйлөргө толуп келаткан мобереки түптүз жол "Жаңы-Көчө" деп аталат. Анын көз жоосун алып жаткан ушул көчөнүн боюндагы жаңы үйлөр. Баксыз короо жок. Айрым үй ээлери колдоруна бак бычагын кармап, дарактагы бейпайда өскөн шак-бутакты торой кесип жүрсө, дагы бирөөлөр короо ичине эгилген пал-пал пыяз, сабиздеринин жөөгүнө суу жылжытуу менен алек. Жаш балдар болсо, чүрмөктүү челек алышып, короо ичиндеги жыпар чачкан гүлдөргө "жамгыр жаадырып" жүрүшөт.

Бүгүн таң заардан там башында турган Жаныбектин көзүнө биринчи болуп Карабай урунду. Чөп чапкандарга жөнөсө керек, ал эки жагын аңдабай **сопол куйрук** карагерин капталга катуу теминип баратат. Аны карап туруп, Жаныбек эмнегедир бырс этип күлүп алды.

Ал азыр суктана тиктеп турган "Жаңы-Көчөнүн" бир четинде өңчөй жаштардын арасындагы мойсопут кишидей көзгө комсоо көрүнгөн үй ушунуку-Карабай акеники. Аны урушдан бир жыл мурун тургузган эле. Ал кезде Карабай аке райондогу бакандай чоңдордун бири. Ошондой болсо да, акыры өз кыштагына келерине көзү жеткен белем, ушул үйдү тургузган болучу. Учурунда кимдер ага суктанбады дейсин. "Бу дүйнөгө устун болуп калбагандан кийин, жарым күн болсо да, Карабайдыкындай үйдө жашаганга не жетсин! Асты такта, шыбы -фанер, туш тарабы терезе. . . ичи-тышы аппак. Кирген кишинин баари ачылат. Үй болбосоң кое кал. Колунан иш келбесе да, Карабайдын зайыбынын ырысы бар неме экен".

Бардык нерсеге оор салмактуу карап, башканын жакшы нерсесине көз артканды жаман көргөн, тармал сакал атасы ошондогу кемпиринин тигинтип, шилекей чуурtканын этибарга албай, өз оюн билдирип гана тим болгон эле: "Ээ кемпир, антип суктанганыңды кой бирөөнүн мүлкүнө. Катындыгыңа барат экенсиң да. Башканын жаңы көйнөгүн көрсөңөр да, силердин тукум туталанып кетмей адатыңар бар. Эмне, Карабай алтын сарай куруп койду дейсиңби. Бир үй да. "Акча болсо, даңгалда шорподо"-дейт өзбек туугандар. Анын сыңары андагы акча болсо, мен мындан он эсе артык үй тургузууга акылым жетип турат. Эңкеми кесип турган эле акча. Колхоз ушинтип эле туруп алат дейсиңби жарды болуп? Бизге да кезек келер. Ошондо бу Карабай менен мелдешип көрөрбүз. Мына, кудайга шүгүр, үч чүрпөбүз да биринин артынан бири ишке жарап келатат. Бизге жомоктогудай алтын сарайды ушулар салып берет, кемпир, кеп чыдап күтүштө".

Энеси менен атасынын бул сөзүн ошондо угуп турган кенже уулу ушул Жаныбек карып бараткан тигилердин алдында кандай карызы бар экендигин анда биринчи жолу ойлободу беле.

Бүбүш эне эле дейсиңби? Чакырылбаса деле, Карабайдын бул үйүн көрүш үчүн дасторконуна эки нан болсо да ороп алып, өрүлүктөбөгөн катын бул айылда калбаган чыгар. Үйлөрүнө кайтып келгенден кийин алардын өз эрлерине сес көрсөткөндөрүн кое кал. Дасторконду ашкана жакка ыргытып жиберип: "Сызда туулуп, сызда жатып өлөт экенбиз да. Сат, уйду. Жетпесе тиги эки эчкини кошо сат. Кара катык аш ичсек да жарыгыраак үйдө олтуруп ичеличи, тирүүлөй көргө камалбай. Очокко от жаксаң, мурдуңан башка жериң жылыбаса. Сандалга отурсаң, бутун ысыйт да, мурдуң какшайт. Ушул да турмушпу?-деп болбогон жерден буркан-шаркан түшкөн ичи тар аялдарын күйөөлөрү араң жоошуткандыгы тууралуу Жаныбек көп уккан.

Койчу, ошол жылы Карабайдын үйүнүн арзавасы жыл маалына созулду. Согуштун алааматы гана элдин көз артканын тыйып, көңүлүн өлүм менен өмүр маңдай-тескей тура калган жакка буруп кетти.

Мындан он беш жыл мурун айтылган элдин сөздөрүн оюна алып, бүгүн Карабай ошол "даңазалуу үйүнөн" аттанып чыкканда, Жаныбектин бырс күлгөн себеби ошол.

Бир кезде ошентип, Карабайдын бул үйүнө сугун арткандар азыр анын жанынан күлүп өтүшчү болду. Кимди шылдыңдамак эле? Карабайдыбы? Жалгыз аны гана эмес, өздөрүн да кошо шылдыңдашып жатпайбы. Тиги Батыш Европаны колуна мылтык кармап, жөө басып чыккан элдин тагдырын коргоочу кыргыз жигиттери да далайларды көрүп кайтпадыбы. Карабайдын үйүн адегенде шылдыңга айландыргандар да ошолор болду.

"Ушул үйдүн эмнесин авас кылдык экен, ошондо. Пайдубалын кара. Жерди ойбой-нетпей эле кирпич кое берген тура, кайран неме. Азыр көрчү, жайлоонун шүүдүрүмүн аралап мал издеген кишинин чапан этегиндей нымданганы-нымданган. Ичине киргендер болсо, ышка карайып эски талдын кабыгындай дал-дал кеткен фанерлерин, такыр жуулбагандыктан, жерге айланып калган тактайын көрүшөт да: "Байкуш Карабай, далай жыл чоң болуп жүрдү эле, шып менен тактайды эч болбосо жыл аралатып майлатып койгонду билген эмес экен да. Зайыбычы-зайыбы. Тактанын үстүндө жатканды билген киши, аны жууп-тазалаганды эмне үчүн үйрөнүп албады экен?"-деп, анын өзүн жана үйүн аяп, сөз кылышат . . .

Кетмендин сабын бооруна такап, бүгүн өзүнүн көз алдында кыймылга келген кыштагына суктана тиктеп турган Жаныбектин оюн анчага дейре алагды кылган Карабай акенин карааны үзүлө бергенде гана анын үйү тууралуу ою токтоду.

Жаныбек тогуз жылдан бери тамеки бригадасын башкарат. Айылды аралап бригадирлерден бөлөк ким жүрөт? Бирок кыштагынын көркүн бүгүнкүдөй суктанып караган эмес.

Кийинки жети-сегиз жылдан бери нугу ачылган арыктан аккан суудай айлына кирип келген берекеге а да эли менен кошо маашыр, антпегендечи! Кыйынчылыктын, талаш-тартыштын баары жетишпегендиктен тура. Эл башкаргандарды суук тумшук кылып, калкы менен аларды ачуу аразга алып барган да турмуштун ошол өңгүл-дөңгүлү эмеспи. Колхозчулар эмгегине тонналап эгин, тутамдап акча алгандан бери маңдайы жарылып, паанайы жарык. Кайсы үйгө кирбегин дасторкон толо нан, дөбөлөнгөн мөмө-чөмө, үй жаңылаган киши. Короосуна кирсең бүт алдың шибер, төбөңдө саябан, баксыз короону көрбөйсүз. Жаныбекти колхозчулары "чуруш маңдай" дешчү. Ал аты деле калып, азыр маңдайындагы тырышы жазылып, күлкүсү көбөйүп калган кез.

Үй куруунун максаты февралдын башында жылдык жыйынтыкка карата өткөрүлгөн чогулуштан кайтып келген күнү болгон. Дасторкон четинде отуруп, Жаныбек жеңеси Айсалкын болуп, бул үй-бүлөнүн өткөн жыл ичинде тапкан кирешеси дагы бир сыйра эсептелип чыккан болучу: үч миңден ашык акча, төрт тоннага жакын эгин, чекене киреше эмес да!

Кеч күздө буларга келип кошулган Жеңишбекти эсептебегенде бул үч кишинин гана иштеп тапканы. Жаныбек аялы менен, жеңеси Айсалкын-үчөөнүкү.

- Менин сыйлыкка бүгүн алган алтын саатым буга кошулбасын, - деп күлдү Айсалкын. – Аны эчак эле сандыкка салып койгонмун. Жеңишим үйлөнгөндө колуктусунун колуна тагамын.

Баарынын төмөн жагына отуруп, буларга чай сунуп жаткан Жеңишбек апасынын бул сөзүн укканда кулагына чейин кызарып, башын эңкейтип, желкесин кашынды.

-Жок, жеңе, саатыңызды кирешеге кошконум жок. Ансыз деле жетет экен, жаңы үй тургузууга. Анча-мынча даярдап койгон курулуш материалыбыз деги бар, - деп Жаныбек жадырап койгон.

Эки күндөн кийин колхоздогу курулуш бригадасы кезек боюнча булардын үйүнө келмек. Ошондуктан Жаныбек менен Жеңишбек бүгүн эски үйдү бузуш үчүн жумушка барбай калышкан.

Жеңишбектин тамдын төбөсүнө чыга келиши тигинин желеленген оюн үзүп койду.

Жеңишбек – Жаныбектин улуу агасы Сарымсактан калган жалгыз туяк. Майкачан ал там башында мизи өйдө карап жаткан экинчи кетменди ала койду да, күнгө тийген билек булчуңдары түйүлө калып, ары-бери бултуңдады. Көөнөргөн кара кепкасынын алдынан көрүнгөн жазы маңдайы, коендукундай бакыракай көздөрү, оң кашын жаап уюлгуган тармал коюу чачы куду атасыныкындай. Анын кебетесине алдырттан тиктеп турган Жаныбектин көз алдыга агасы Сарымсактын элеси тартыла берди.

Жеңишбек армиядан күздө кайтып келди. Азыр колхоздо ошол жактан үйрөнүп келген кесиби боюнча монтер болуп иштеп жүрөт. Онунчу классты бүткөндөн кийин армияга чакырылгандар кайткан соң көпчүлүгү окууга, же шаарга жумушка орношуп кетишкен. "Мунуң деле ошентет го, азыркы жаштар ата-эненин, ага-тууганды тилин алчу беле", – деп, анын армиядан келер тушун болжол менен билишкен жакындары салкын мамиле кылышканы ырас. Жок, Жеңишбек антпеди. "Эми окууга кетерсиң, Жеңиш?-" деп апасынын сынап берген суроосуна, "Жок, апа, силердей колхозчу эле болоюн деп турам. Атам колхозчу, апам колхозчу экенсиңер, мен да колхозчу болууну чечтим. Баарыбыз эле шаарды көздөй кете берсек, колхоздо ким калат? Керек деп тапса, окууга өзү деле жиберет. Иши кылып окууга барсам дагы колхоз аркылуу барам, апа", – деп тигилердин санаасын тындырып койгон.

Атасына окшоп, оор басырык сүйлөп, сабырдуу жүргөнүнөн апасы менен агасы андан үмүттүү.

Жеңиш колуна кетменди алаары менен "Бери бас" дегенсип, Жаныбек үйдүн бир четин карай кадам шилтеди.

**Далистин** тушуна барып арык колдорунун тарамыштарын көтөрдү да чаппастан, Жаныбек кайра жерге койду. Эмне үчүн? Анын маңдай териси жыйрыла түшүп, кырдач мурдунун таноолору keриле берди. Ким билет, балким ата-энесинин өмүрү өтүп, агалары төрөлгөн бул үй азыр жаш балапандардын уясындай ыйык көрүнүп, бузууга дити барбай жаткандыр. Мындай болушу да ыктымал. Баягы жылы бир актив чыкма жигит атасынын эски имаратын бузганда, Жаныбектин апасы кыйын наараазы болгон: "Ботом, атасынын жайын бузат деген кандай шумдук? Ата жайын байлуканага айландырып таштап, жаңы үйүндө мамыр-жумур жашаганын көрүп турабыз го. Арбак ыраазы болмоюн, тирүү жан жарыбайт. Атасынын колу менен курулган жайды бузганы арбактарды безиткени".

Балким, аны азыр ыргылжың кылып турган апасынын ушул сөзүдүр. Андай болсо, кийинки беш-алты жылдан бери жыл сайын бул кыштакта он беш-жыйырмадан эски жайлар кулап, ордуна үстү шифер, тунуке же черепица менен жабылып, пайдубалы жарым метрче цементке отургузулган, кош терезелү үйлөр курулуп жатпайбы? Жаныбек жеңеси Айсалкын экөө да ошондой үй тургузууну көптөн дегдеп жүрүшпөдү беле? Антпегенде бүлө да көбөйүп баратат. Эки үй, бир далис кимисине баш калкалагыч болсун?

Бети-башын жалмалап өтүп жаткан зааркы желден ичиркенгендей Жаныбек далысын куушура бир жыйрылып алды да, таңданган мүнөздө өзүнө карап турган Женишбекти көрө коюп, уялып кетти көрүнөт, ошол замат кетмендин сабына колдору ороло түштү.

Өмүргө өмүр кошомун деп, мунарыктана көз учуна араң урунган горизонттун тээ береки четинен, ааламга күлө карап шаша чыккан күндүн нурлары менен Жаныбек төбөсүнө бийик көтөргөн кетмендин пеши кездеше

калды окшойт, айнекке күзгү тоскондой ал жарк эте берди. Соңунан лакыйган кетменден ыргытылган топурак тамдын арт жагына барып күп этти да, чаң тозону абалап жөнөдү.

Жеңишбектин кетмени да так ушул көрүнүштү кайталап жатты. Түшкө дейре бир үйдүн төбөсүн тизеден келген кара чирик саман аралаш топурактан экөө араң арылтышты. Экинчисинин үстүн жарымдаган кезде Жаныбек кууш маңдайынан мончоктогон терди жеңи менен шыпыра аарчынып, анан тамеки тутантты. Топурактан арыган **торсундун** бирине көчүк басып, экинчисине узун буттарын тирей отура кетти да, жаак этин капшыра папиросун соро баштады. Кебетеси ишке берилип кетип, ага кумары аша түшкөнбү, кайра-кайра тартып, оозунан, мурдунан көгүш түтүн булатып жатты. Бул дем алыштан пайдаланып Жеңишбек шатыны кыйчылдата, суусун ичип келейин деп төмөн түшүп кеткен.

Дароо эле катуу кагазына жете түшкөн папироско чыйт эттире тиш арасынан түкүргөн Жаныбек аны бут арасынан ылдый чертип жиберди. Өзү эмнегедир, жаш балачасынан анын кайда барып түшөрүнө көз салды. Үстүн жука топурак каптаган тегерек нерсенин үстүнө барып бир тийгенде гана папиростун күлгө айланган жагы үзүлүп кетти. "Тегерек нерсе эмне болду. Кичинебизде апам бизге аш куюп берчү кара аяк эмеспи? Аякка окшобойт. Же тамдын төбөсүнөн түшкөн кесектин калдырканы бекен? . . ." Кандайдыр бир сезим Жаныбектин жүрөгүн жанып өттү: Нан! . . . Баягы нан! . . .

Муунган кишидей анын добушу каргылданып чыкты. **Додолонгон** топурактын үстүнө тик секирген Жаңыбек алигини кош колдоп ала койду да, бетиндеги топуракты үйлөп жиберип, бооруна кысты. Чын эле нан экен!. . .

"Муну Айсалкын жеңем кантип унутуп койду? Бул үйдүн какыр-чекирин өзү баш болуп жыйнаштырбады беле? Кантип нанды унутуп калды? Же ырымдалганы менен не пайда берди, андан көрө топурак алдында тапталып калганы артык эмеспи"-деп атайлап таштады бекен? Андай болууга тийиш эмес эле. Далай жылдан бери ушул үйдүн шыбында ак калтага илинип турчу бу нанды бапестеп, бетин жөргөмүштүн желесине бастырбай, маңар байлатпай апам өлгөндөн бери сактап келаткан өзү эмес беле?".

Жаныбек азыр бооруна кысып турган нандын четинен үч жери кетилген. Анын экөө улуу агаларынын тиши тийген жер. Үчүнчүсү-өзүнүкү.

Бу нанды Бүбүш апа өзү жаап, өз колу менен биринчи жолу тун баласы Сарымсак кан майданга жөнөп жатканда ат жалына сунган "Четинен тиштеп кой, балам! Ылайым насибиң өз үйүңөн буюрсун!".

Ушул тилек менен экинчи уулу Асылбекти, кийинчерээк Жаныбегин атказган. Жок, эненин тилегениндей болбой калды. Ал тилек кылгандай Сарымсак менен Асылбек кайрылып келип, эне колун сунган алиги нандан

тиштебей калышты. Урушка жетпей кенже баласы Жаныбек гана кайрылып бул үйдөн даам татты, бирок аны эне көрбөй калды. Жеңиш жылы төрт жыл бою жол тиктеген анын көзү түбөлүккө жумулган болучу.

Агалары менен энесинин ал эстелиги бут астында тепселип калганын көргөн Жаныбектин каңырыгы түтөй түштү: апасынын, уялаштарынын жыты ушул нанда сакталып калгандай аны бетине кармап жыттай берди эле, көз жашы чаңдуу жүзүнөн төмөн көздөй из салды. Ушул кезде нары жактан суу ичип чыккан Жеңишбек агасынын тиги абалын көрүп, селт этти. . .

Эки жарым айдан кийин ак калтага салынган нан жаңы үйдүн шыбынан кайра орун алды.

## Сөздүк

**Бозбу** – Ахси туманида жойлашкан тоғ
**Илегилек** – лайлек
**Сопол куйрук** – калта дум
**Далис** – дализ
**Торсун** – торсун
**Додолонгон топурак** – тўпланган, уйилган тупроқ

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Айыл жериндеги карапайым адамдар жөнүндө эмнелерды айтууга болот?
2. Элдин турмушуна кирген жаңылыктар билдирилген саптарды таап, дептериңерге көчүрүп жазып алгыла, маанисин чечмелеп бергиле?
3. Нанды калтага салып сактоо кандай максатта жасалган?
4. "Эки жарым айдан кийин ак калтага салынган нан жаңы үйдүн шыбынан кайра орун алды",- деген сүйлөмдүн маанисин чечмелегиле?
5. «Нан - ыйык жана улук» деген темада дилбаян жазгыла.

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

### (1915-1950)



А. Осмонов - кыргыз элинин классик акыны. Анын талантынан жаралган көркөм дөөлөттөр бүгүнкү күнү деле окурмандардын жүрөк төрүнөн орун алып, суктантып, тамшантып, ойлонтуп келет.

Анын көп ырларына кыргыз композиторлору обон чыгарып, эл ичинде ар дайым ырдалып келет.

Ал «Толубай сынчы», «Жеңишбек», «Майдын түнү» аттуу поэмаларды жаратып, мындан тышкары дүйнөлүк адабияттын жылдыздарынын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

А. Осмонов - акын гана эмес, драматург да.

Сагыныпмын сөзүн укпай эчен жыл,
Сабыр кылчы шаштырасың эмнең бул?
Томсоргон бир белги турат дебегин,
Токто, жолдош, сүйлөйт азыр Алыкул

*(Б. Сарногоев)*

Мен уялам, мына мындан уялам,
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп, жолуң болгур дегенсийт.
Жер шарынан күлүк учкан заманам.

*(А. Осмонов)*

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Тоого тоолор курамалап, курашып,
Узун тартып, уламалап, улашып.
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
**Алмаз** сындуу көккө тийген миздери,
Арыстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей, чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар **шөкүлөдөй** жаркырап.
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
**Араң гана** бороон өтөт калтырап.

Жаз келерде, эң биринчи жаз конуп,
Кыш болордо, эң биринчи кыш тоңуп,
Ай-ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи ай жамынып, ак болуп.

Түн болоордо, эң кийинки түндү алат,
Түз жерлерден кийин кетип **мунарык.**
Дүйнө жүзү көзүн ача электе,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.

## Сөздүк

**Алмаз** – Олмос
**Шөкүлө** – шокила, аёл кишининг бош кийими
**Мунарык** – ғира-шира
**Араң гана** – (зўрға) контекстта: фақатгина

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырды үн чыгарып, кыраааты менен окугула.
2. Акын кыргыз тоолорун эмнелерге салыштырганын тапкыла, аларды көчүрүп жазып алгыла.
3. Өзүңөр көргөн-билген тоолорду атап, ошолор жөнүндө оозеки айтып бергиле, үйдөн тоолор жөнүндө байкооңорду, билгениңерди кыскача жазып келгиле?
4. Ырды жаттагыла. Үйдөн тоолордун сүрөтүн тартып, өзүңөрчө ага ат койгула.
5. Ырдагы акындын көңүл жайын, маанайын аныктап, аны баяндап бергиле.



## ЖОЛОН МАМЫТОВ
## (1940 - 1988)

Жолон Мамытов - 1940-жылы Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айылында туулган. 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн. «Отту сүйөм», «Жашыл аалам», «Убакыт», «Ырлар», «Мезгил элеси», «Буурул таңдын жомогу», «Суунун өмүрү», «Жарышкан суулар», «Атка токум салгыла», «Жүз жашка тол, кылым» ж.б. китептери жарык көргөн.

Ж. Мамытов 1988-жылы дүйнөдөн өткөн.

### АК-БУУРАМ

**Көз чендебес** көк жамынып үстүңө,
Күч чендебес таш төшөнүп астыңа.
Көбүк чачып көк менен жер койнуна,
Күүлөр чертип аккан кезиң жакшына.

Күз болгондо сууң мөлтүр тунат да,
Кыз күлкүсүн алып келет кулакка.
Арылдаган атаң болуп кетесиң,
Ак мөңгүлөр ийип турган убакта.
Буркулдаган буура болуп кетесиң,
Тоо булутту кийип турган убакта.

**Такаат берип** шамалына тагдырдын,
Тилек мисал күйө берип жалындап.
Жакырланып сезим таппай калганда
Сезим бер деп сага келем, табийгат.

Сөзүм болуп сырдаш таппай калганда,
Сөзүм бар деп сага келем табийгат.

Сага келем сапар кетсем сагына,
Сага келем кайгы батса жаныма.
Сактаар белең кайырмакка кабылтпай,
**Чабак** болуп кирип алсам шарыңа.

Канча жанды куштар кылып күүнө,
Канча жылды тиздиң экен жибиңе.
Капилеттен карай коюп караңды,
Канча жылдыз кадалды экен түбүңө?

Таасирленип таңың менен кечиңен,
Суу алганы келе калса четинен,
Ташка тийген тамчы болуп кубулуп
Канча кызды өптүң экен бетинен?

Көп суктанып көк көлдөрдүн куусуна,
Кумар төшөп калаалардын чуусуна
Жүргөнүмдө сен эсиме тык түшсөң
Алтын го дейм Ата Журттун суусу да.

Улам таштап жаңы күнгө кадамды
Ойлойм анан, тагдыр деген катаал бу,
Айырса да ден-соолуктан, башкадан...
Тууган жерден айырбасын адамды.

## Сөздүк

**Көз чендебес** – кўз етмас
**Такаат берип** – тоқат бериб, чидаб
**Чабак** – чавоқ, майда балиқ

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырды жаттагыла, көрктүү айтууга даярдагыла.
2. Ак буура деген сөз эмнени түшүндүрөрүн тактагыла.
3. Жыл мезгили Ак буурага өз таасирин тийгизерин кайсы түрмөктөрдөн көрүүгө болот?
4. Акын Ак буурага кайсы учурда, эмне үчүн келет. Ырдан жооп тапкыла.
5. Ак буурага акын эмне үчүн суктанат?
6. Ырдан Ата журт темасы барбы, жоопту тексттен издегиле.
7. Акындын эң башкы тилеги эмне?

# МАЗМУНУ

ЭЛДИК ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАС ҮЛГҮЛӨРҮ ........ 3
а) Эмгек ырлары ........ 3
«Оп майда» ........ 3
«Бекбекей» ........ 4
«Шырылдаң» ........ 8
б) Каада - салт ырлары ........ 11
«Бешик ыры» ........ 11
«Устанын аялынын кошогу» ........ 12
«Калмергендин аялынын кошогу» ........ 15
в) Эпостор ........ 18
«Эр Төштүк» (үзүндүлөр) ........ 18
«Манас» Каныкейдин Тайторуну чапканы ........ 59
ЭЛДИК УЛАМЫШ, БАЯНДАР НЕГИЗИНДЕ ЖАЗЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАР ........ 98
*Темиркул Үмөталиев* «Күч бирдикте» ........ 98
*Аалы Токомбаев* «Күүнүн сыры» ........ 104
*Мукай Элебаев* «Бороондуу күнү» ........ 117
УЧУРДУН КӨРКӨМ ЭЛЕСТЕРИ ........ 122
*Ч. Айтматов* «Биринчи мугалим» (үзүндүлөр) ........ 122
УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ БАЯНЫ ........ 130
*Мукай Элебаев* «Улуу марш» ........ 130
*Жоомарт Бөкөнбаев* «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга» ........ 132
*Майрамкан Абылкасымова* «Эстелик сүйлөйт» ........ 136
БАЙЫРКЫ ТУРМУШ ЖАНА АТА ЖУРТТУН АЗЫРКЫ ЭЛЕСТЕРИ ........ 145

**Окуу басылмасы**
**Сатканбай Момуналиев**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

*(Хрестоматия)*

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин
6-классы үчүн окуу китеби

Редактору *Б. Яркинова*
Тех редактору *Х. Рузибаева*
Компьютердик калыпка салгандар:
*Д. Султонмамедов, Г. Мураталиева*
Корректор *Д. Абдуллаев*

ИБ № 1234

Басууга 12.04.2005 кол коюлду. Форматы 70х90 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 10.5 физ. басма табак.
Нускасы 15000. Заказ 39.

---

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24

**Колдонулган окуу китеби жөнүндө маалымат**

| № | Окуучунун аты - жөнү | Окуу жылы | Китептин абалы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жылдын башында | жылдын аягында |
| 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |
| 4. | | | | |
| 5. | | | | |
| 6. | | | | |
| 7. | | | | |

Алина.

листа.